Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Шухрат Эргашев, Бекзат Ходжаев**
**Жамшид Абдуллаев**

# ДҮЙНӨ ТАРЫХЫ

**(1918 – 1991-жылдар)**

Орто билим берүүчү мекемелердин 10-классы үчүн окуу китеби

Биринчи басылышы

Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги тастыктаган

Ташкент
«TURON-IQBOL»
2017

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**УЎК 94(100)(075.3)=512.154**
**КБК 63.3(0)я721**

**Е 74 Эргашев, Шухрат.**
Дүйнө тарыхы [Текст]: Орто билим берүүчү мекемелердин 10-классы үчүн окуу китеби / Ш. Эргашев, Б. Ходжаев, Ж. Абдуллаев. – Ташкент: «Turon-Iqbol», 2017. – 144 б.

**КБК 63.3(0)я721**

**Жооптуу редактор:**
Тарых илимдеринин доктору, профессор **М. Рахимов**

**Пикир жазгандар:**
Тарых илимдеринин кандидаты **Т. Бабаматов**
Тарых илимдеринин кандидаты **А. Абдукадыров**
Республикалык Билим берүү борборунун башкы методисти **Ш. Сафарова**
Ташкент шаары, Сергели районундагы 266-мектептин жогорку категориялуу тарых мугалими **З. Умарова**
Ташкент шаары, Мырза Улукбек районундагы 248-мектептин тарых мугалими **Ф. Аманова**
Каршы Мамлекеттик университетинин алдындагы 2-академиялык лицейдин тарых мугалими **Б. Рахимов**
Ташкент Транспорт өнөр-кесиптик коллежинин тарых мугалими **Х. Маткурбанов**

## Шарттуу белгилер:


Интернетте иштөө боюнча тапшырма


Терминдердин түшүндүрмөсү


Эсте


Көркөм-тарыхый чыгарма менен иштөө боюнча тапшырма


Карта менен иштөө боюнча тапшырма



Эсте сакта


Чыгармачыл иш тапшырмасы


Өзүңдү сынап көр

**Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.**

ISBN 978-9943-14-481-1

© Ш. Эргашев жана башк., 2017.
© «TURON-IQBOL», 2017.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# КИРИШҮҮ

Адамзат тарыхынын Биринчи дүйнөлүк согушунун аягы – 1918-жылдан башталып, азыркы күнгө чейин болгон доор **«Эң жаңы тарых»** деп аталат. «Эң жаңы тарых» адамзат коомунун өнүгүшүндө **индустриалдык цивилизациядан постиндустриалдык цивилизацияга** өтүү доору катары каралды. Эң жаңы доор тарыхында салыштырмалуу өз алдынча болгон үч баскычты бөлүп көрсөтүү мүмкүн. **Биринчи баскыч 1918 – 1945-жылдар** – индустриалдык коомдун социалдык-саясий системасы кризисинин башталуу доору. Бул кризис эки дүйнөлүк согушта, социалисттик жана улуттук-боштондук революцияларында, Германия, Италия, Япония, мурдагы СССРде тоталитардык системалардын орун алышында, социалдык карама-каршылыктардын курчушунда көрүндү. ***Бул баскычтын мазмунун коомдун өнүгүшүнүн эки негизги моделдери – либералдык-демократиялык жана тоталитардык режимдердин ортосундагы күрөш түзөт.***

**Экинчи баскыч 1945 – 1991-жылдарды** өз ичине алат. Бул баскыч мазмунун эзүүчүлүк системасынын кулашы жана көптөгөн эгемендүү мамлекеттердин түзүлүшү, «суук согуш», дүйнөнү ядролук кырсык жээгине алып келген куралдануу жарышы түзөт. ***Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин калыптанган социалисттик лагерь менен Батыш мамлекеттеринин ортосундагы глобалдык карама-каршылык бул доордун мүнөздүү жагы саналат.***

**1991-жылдан башталган үчүнчү баскыч** эл аралык мамилелерде калыптанган эки уюлдуу системанын кризиси, социалисттик системанын кыйрашы, мурдагы СССРдин тарап кетиши жана мурдагы советтик республикалардын өз алдынча өнүгүү жолуна кириши менен башталат. ***Бул доор дүйнө цивилизациясынын глобалдашуусу, «үчүнчү дүйнө» мамлекеттери өнүгүшүнүн тездеши, цивилизациялар ортосундагы карама-каршылыктардын күчөшү менен мүнөздөлөт.***



**Индустриалдык цивилизация** – бул өнөр-жай жана илим-техниканын өнүгүшүнө негизделген цивилизация.

**Постиндустриалдык цивилизация** – бул экономикада өнөр-жайдын жогорку натыйжалуу инновациялык сектору, жалпы ички продукцияда илимдин жетишкендиктери жана маалымат технологиялары, экономикалык жана башка тармактарда атаандаштык үстөм болгон коом. Бул цивилизацияга карата маалымат коому термини да колдонулат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 1-ТЕМА. 1918–1939-ЖЫЛДАРДА ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР

Биринчи дүйнөлүк согуш эл аралык мамилелерге жана дүйнөнүн саясий картасына чоң таасир көрсөттү. Германия, Австрия-Венгрия жана Осмон империялары таркалып кетти, Европада жаңы мамлекеттер пайда болду, Россияда монархия кулады. Согуш аяктаары менен жеңген мамлекеттер эл аралык мамилелерде жаңы тартип орнотуу, согуштан кийинки дүйнөнүн түспөлүн белгилөө үчүн Парижге чогулушту.



**Биринчи дүйнөлүк согуштун келип чыгуу себептери жана шылтоосу эмнелерден турган?**



Девид Ллойд Жорж, Жорж Клемансо жана Вудро Вильсон (солдон).

**Париж тынчтык конференциясы.** Парижге жакын Версаль сарайында **1919-жылы 18-январдан 1920-жылы 21-январга чейин** 27 мамлекет өкүлдөрү катышуусунда тынчтык конференциясы болуп өттү. Конференцияда чечүүчү ролду «Чоң үчтүк»–Улуу Британия жана Франциянын премьер министрлери Девид Ллойд Жорж, Жорж Клемансо жана АКШ президенти Вудро Вильсон ойноду. Конференциядагы узак талашуудан соң Германия менен тынчтык келишими шарттары келишилди. **1919-жылдын 28-июнда** Германия **Версаль тынчтык келишимине** кол койду. Келишимге ылайык Германия Биринчи дүйнөлүк согуштун башталышы үчүн жалгыз жоопту деп жарыяланды. Ал жеңген мамлекеттердин пайдасына өтө чоң–**132 млрд. марка репарация** (төлөм) төлөшү керек эле. Кийин Германиянын союздаштары болгон башка жеңилген мамлекеттер–Австрия, Болгария, Венгрия жана Түркия менен да ушундай келишимдер түзүлдү.

**Улуттар Лигасынын түзүлүшү. Мандат системасы.** АКШ президенти Вудро Вильсондун демилгеси менен Париж тынчтык конференциясында эл аралык уюм–**Улуттар Лигасы** түзүлдү. Дүйнөдө тынчтык үчүн күрөш, элдердин ортосундагы шериктештик жана коопсуздук маселелери Улуттар Лигасынын негизги милдеттери кылып белгиленди. Баштап жеңилген мамлекеттер жана Совет Россиясы ага кабыл алынбады.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Версаль тынчтык келишими...**
**«Чоң үчтүк» бул...**
**Улуттар Лигасы...** **Мандат системасы...**

Германиянын колонияларын жана Түркиянын Жакынкы Чыгыштагы жерлерин жеңген мамлекеттер тарабынан бөлүп алуу үчүн Улуттар Лигасы Уставына мандат, б.а. белгилүү бир аймакты башкаруу үчүн ыйгарым укук түшүнүгү киргизилди. Улуттар Лигасы атынан **1919-жылы майда** Улуу Британия жана Франция Азия жана Африкадагы чоң аймактарды башкарууга мандат алды. Ушундай түрдө «түбөлүк тынчтык» каражаты деп жарыяланган Улуттар Лигасы жеңген мамлекеттердин дүйнөнү өз ара бөлүп алуусуна мыйзамдык түс берди, союздаштарынын согуштагы жеңишин бекемдеди.



Репарация зулуму.
Немис плакаты.

***Вашингтон конференциясы.*** *Ыраакы Чыгыш жана Тынч океандагы талаштуу көйгөйлөрдү чечүү* жана деңиздеги куралдарды чектөө максатында **1921-жылы 12-ноябрдан 1922-жылы 6-февралга чейин** тогуз мамлекет өкүлдөрүнүн катышуусунда **Вашингтон конференциясы** болуп өттү. Конференцияда негизги ролду АКШ, Улуу Британия жана Япония ойноду. **1921-жылы декабрда** Вашингтон конференциясында төрт мамлекет – АКШ, Улуу Британия, Франция жана Япония ортосунда келишим түзүлүп, ушул мамлекеттердин Тынч океаны бассейниндеги өз аралдарына ээлик кылуу укуктары кепилденди.

**1923-жылы** Лозанна тынчтык келишими түзүлүп, анда Түркиянын согуштан кийинки чек аралары белгилеп берилди жана эгемендүүлүгү таанылды. Ал Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин пайда болгон аймактык өзгөрүүлөргө мыйзамдык түс берген соңку ири келишим болду.

1919 – 1923-жылдары кол коюлган келишимдер жана дүйнөдөгү күчтөрдүн жаңы катышы эл аралык мамилелердин **Версаль-Вашингтон системасы** атын алды. Версаль-Вашингтон системасы бир топ мамлекеттердин дүйнөдөгү өкүмдарлыгын орнотту, дүйнөлүк саясатта АКШнын таасиринин сезилерлүү күчөгөндүгүн чагылдырды. Ушундай түрдө жеңүүчүлөр жана жеңилгендер ортосундагы карама-каршылык-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тар системасы калыптанып, бул жеңилгендердин өч алуу, адилеттүү тартип орнотуу үчүн умтулуусуна, жаңы согушка алып келди.




1-дүйнөлүк согуштан кийинки Европа мамлекеттеринин чек аралары. 1929-жыл.

**1918–1919-жылдары** Батыштын бир топ мамлекеттеринде оңчул радикалдык, экстремисттик аракеттер пайда болуп, жалпы ат менен **фашизм** деп аталды. Фашисттик кыймылдын лидерлери социалдык куру сөздөн кеңири пайдаланышты, адамдардын улутчулдук сезимдерине таасир этүүгө аракет кылышты, өз улуту үчүн социалдык адилеттүүлүктү, «жаңы коом»дун өздөрүнө туура келе турган түрүн курууну убадалашты.



**«Түбөлүк тынчтык» каражаты...**
**Версаль-Вашингтон системасы бул ...**
**Вашингтон конференциясы ...**
**Фашизм бул...**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Версаль-Вашингтон системасынын кризиси жана кыйрашы.** Версаль-Вашингтон системасы туруксуз болуп чыкты. Ал жеңгендердин да, жеңилгендердин да ортосундагы өз ара карама-каршылыктар себептүү ыдырап барды. Аскердик күчкө таянуу көп жааттан капиталисттик мамлекеттердин эл аралык аренадагы позициясын белгилеп берди. Ошондон соң куралдануу жарышын чектөө боюнча өткөрүлгөн конференциялардын бири да оң натыйжа бербеди, аларда да жалпы келишимге жетишилбеди.

Натыйжада 1930-жылдардын аягына келип Версаль-Вашингтон системасына Европада эч бир мамлекет моюн сунбай койду. Бул системанын кризиси ири мамлекеттердин ортосунда өз кызыкчылыктары үчүн күрөштү күчөтүп жиберди. Бир тараптан, Улуу Британия жана Франция, экинчи тараптан Германия, Италия жана Япониянын ортосунда карама-каршы аскердик-саясий блоктор калыптанды. СССР жана АКШ ушул карама-каршылыктан өз кызыкчылыктары жолунда пайдалануу максатында күтүп турууну туура көрдү. Ошол мезгилде Япония Ыраакы Чыгышта өзүнүн баскынчылык пландарын ишке ашырууга киришти. **1931–1932-жылдары** Япония Манчжурияны басып алды жана Манчжоу-Го куурчак мамлекетин түздү. **1933-жылы** Япония Улуттар Лигасынан чыкты. Ошондон соң ал Кытайга каршы баскынчылыкты күчөттү жана **1937-жылы июлда** кең көлөмдөгү согуш аракеттерин баштап, Борбордук Кытайды жана башка бир топ аймактарды басып алды. Ошентип, Азияда да дүйнөлүк согуштун очогу пайда болду, дүйнө акырындык менен, кадам сайын жаңы дүйнөлүк согушка карай жакындай баштады.



**Конференция** (konferentia – бир жерге чогултам) – мамлекет же партия, коом жана окумуштуулардын өкүлдөрүнүн конкреттүү бир маселени талкуулоо үчүн чогулуусу.

**Улуттар Лигасы** – Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин түзүлгөн элдердин тынчтык жана коопсуздук жолундагы шериктештигин ишке ашыруучу эл аралык уюм.

**Фашизм** (бирикме) – Италияда пайда болгон саясий агым. Өкмөткө келгенден соң, фашисттер зордукчулдуктун аёсуз түрлөрүн колдоочу жана коомдун үстүнөн жалпы көзөмөл орнотуучу террористтик диктатураны курушту.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Жеңген мамлекеттер Париж тынчтык конференциясында кандай максаттарды көздөгөн эле?
2. Вашингтон конференциясы кандай максатта чакырылган эле? Анын жыйынтыктары жөнүндө айтып бер.
3. Версаль-Вашингтон системасы кризисинин себептери эмнеде эле?
4. Биринчи дүйнөлүк согуш жана андан кийинки мезгил Азия жана Африка мамлекеттеринин өнүгүшүндө кандай доор болду?
5. Улуттар Лигасы эмнеге натыйжалуу иш жүргүзө албады?

### Өз алдынча иш



Текстте берилген карта менен тааныш жана биринчи дүйнөлүк согуштан соң Европа мамлекеттеринин саясий-укуктук бөлүнүшүнө мүнөздөмө бер.



"Биринчи дүйнөлүк согуштун кесепеттери..." деген темада негизделген эссе жаз.

## 2-ТЕМА. 1918–1939-ЖЫЛДАРДА ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК ӨНҮГҮҮНҮН ЫЛДАМДООСУ, ИЛИМ-БИЛИМДЕГИ ЖЕТИШКЕНДИКТЕР

Бул мезгилде дүйнөнүн социалдык-экономикалык түспөлүн өзгөрткөн эң маанилүү факторлордон бири илимий-техникалык өнүгүү болду. Илимди өндүрүүчү күчкө айландыруунун узакка созулган жараяны аяктап, XX кылымдын баштарында илимий-техникалык революцияга алып келди.

**Так жана табигый илимдердеги революция.** Теориялык билимдердин практикалык мааниге ээ экендиги ядролук энергиянын ачылышында даана көрүндү. Америкалык Энрико Ферми жана француз Фредерик Жолио-Кюри урандын ажыроосунда болуп өтүүчү чынжырлуу реакциянын натыйжасында өтө чоң энергия бөлүнүп чыгышы жөнүндөгү идеяны калыптандырышты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башына чейин адамзат илим-билимде кандай ийгиликтерге жетишкен эле?**

Ушул мезгилде физиканын өзүнчө багыты болгон атомдук физика да калыптанды. **1938-жылы** немис окумуштуулары уран ядролорунун ажыроосунун чынжырлуу реакциясын ойлоп табышкан. Адамзаттын алдында атом энергиясынан пайдалануунун татаал көйгөйү пайда болду.

Атом бомбасын жаратуу боюнча изилдөөлөр Германия, мурдагы Советтер Союзу жана башка бир топ мамлекеттерде да улантылды. Бирок АКШ өзүнүн атаандаштарынан бир кыйла озуп кетти. **1942-жылы** Чикагодо Энрико Ферми биринчи атом реакторун жаратты. Биринчи атом бомбасы **1945-жылы** АКШнын Нью-Мексико штатындагы полигондо жардырылды.



Энрико Ферми – атом реакторун негиздөөчүсү.

Физика багытындагы жаңы теориялардын практикада колдонулушу көптөгөн жаңы техникалык ачылыштарга алып келди. Тарыхта биринчи жолу кыймылдоочу көрүнүштү электрондук нур түтүктүн жардамында аралыкка узатууну **1928-жылы** ойлоп табуучулар Борис Грабовский менен Иван Белянский **Ташкентте** ишке ашырышты. Ташкент трамвай трестинин базасында жүргүзүлгөн бул тажрыйбаны окумуштуулар заманбап телевидениенин пайда болушу деп эсептешти. Ошентип, **телевидение кылымы** башталды.

1920-жылдар үндүү кинонун үстүндө иштөө доору болду. Көптөгөн тажрыйбалардан соң **1927-жылы** Нью-Йоркто көрсөтүлгөн **«Джаз ырчысы»** фильмин адистер биринчи үндүү кино деп таанышкан. Тамашалардын ичинде эң кең жайылганы болгон үндүү кино өз доорун ушундайча баштады.

XX кылымдын баштарында биология илими да тездик менен өнүктү. **1922-жылы** физиолог окумуштуулар Жон Маклеод жана Фредерик Бантинг көптөгөн тажрыйбалардын негизинде өт баштыкчасынын гормону болгон инсулинди алууга жетишишти. Кант ооруусу эми айыкпас оору болбой калды. Инсулиндин ачылышы XX кылымдын эң улуу ачылыштарынан бири деп таанылды. Жон Маклеод жана Фредерик Бантинг физиология жана медицина боюнча Нобель сыйлыгына ээ болушту.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Атом бомбасы ...**
**Биринчи үндүү кино бул ...**

Ошол мезгилде витаминдердин, гормондордун ачылышы жана вирусология багытындагы ийгиликтер да чоң мааниге ээ болду. Бул ачылыштар микробиология өнөр-жайынын пайда болушуна негиз жаратты. Биологиянын өнүгүүсү түрдөш илимдер–химия менен медицинага чоң таасир тийгизди.


Пенициллинди ачкан окумуштуу Александр Флеминг.

**1928-жылы** Британиялык окумуштуу Александр Флеминг өзүнүн лабораториясында бир топ убакыттан бери чогулуп калган идиштерди жыйнап жатып, алардын бириндеги көк датка көзү түшөт. Текшерип көрүлгөндө бул өтө баалуу **Penicillium** түрүнө таандык көк дат болуп чыкты. Пенициллин, андан кийин болсо башка антибиотиктердин ачылышы жугуштуу ооруларды айыктырууда чыныгы төңкөрүш болду. 1945-жылы **Александр Флеминг** Нобель сыйлыгына ээ болду. Көптөгөн ооруларды Александр Флеминг ачкан пенициллинсиз жана антибиотиктердин жаңы муунусуз айыктыруу бүгүнкү күндө да мүмкүн болмок эмес.

1930-жылдарга келип физика, химия сыяктуу табигый илимдердин өнүгүшү жаңы, өтө бышык материалдарды жаратуу мүмкүнчүлүгүн берди. **АКШ жана Германияда** капрон, перлон, нейлон, синтетикалык катрон сыяктуу жасалма булалардын алынышы жаңы, өтө сапаттуу конструктивдүү материалдарды алуу мүмкүнчүлүгүн жаратты. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин аларды жалпылап өндүрүү башталды.

1930-жылдардын аягына келип өнүккөн мамлекеттерде өнөр-жайдын чоң бөлүгү электрлештирилди. Жарандык авиация, телеграф, радиоберүүлөр кеңири таралды. **1927-жылы** Улуу Британиянын белгилүү радиокорпороциясы **Би-Би-Си** түзүлдү.

**1928-жылда ...**
**Би-Би-Си ...**
**Penicillium ...**
**Нобель сыйлыгына ылайыктуу деп табылгандар ...**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Илим жана техникадагы жаңылыктар адамдардын күндөлүк турмушун да өзгөртүп жиберди. Калктын бай жана орто заар бөлүгүндө менчик автомобилдер пайда болду. Көптөгөн ишчилер жумушка мотоцикл жана велосипеддерде каттай баштады. Үй-тиричилик техникалары – муздаткыч, чаң соргуч, кир жуугуч машиналарынан, о.э, телефон жана граммофондон пайдалануу кеңири тарады.

Ошентип, бул мезгилде физика жана башка табигый илимдердеги өтө чоң ачылыштар жана илимий-техникалык революция индустриалдык цивилизациянын кийинки өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир көрсөттү. Чынында, бул мезгилдеги илимдин өнүгүшү адамдын акыл таанымынын улуулугунун айкын көрүнүшү болчу.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. XX кылымда илимий-техникалык өнүгүүнүн тездешүү себептери эмнеден турат?
2. XX кылымдын биринчи жарымында физика багытындагы ачылыштардын негизги натыйжасы эмнелерден турат?
3. Заманбап электрондук телевидениенин пайда болушу кандай ачылыштар менен байланыштуу болду?
4. Инсулин жана пенициллиндин ойлоп табылышы кандай ооруларды айыктыруу мүмкүнчүлүгүн жаратты?

## Өз алдынча иш



Интернеттен XX кылымдын биринчи жарымында жаратылган ачылыштырга тиешелүү сүрөттөрдү издеп тап жана сүрөттүү кластер түз.



XX кылымдын биринчи жарымында жаратылган ачылыштардын жаңы үлгүлөрүн жана азыркы учурда эскиргендеринин тизмесин түз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 3-ТЕМА. 1918–1939-ЖЫЛДАРДА УЛУУ БРИТАНИЯ

**Экономикалык өнүгүү жана социалдык кыймылдар.** Биринчи дүйнөлүк согуш Улуу Британиянын бийлик чөйрөлөрүнө чоң саясий жеңиш жана аброй алып келди, колониалдык империя андан да кеңейди, чоң репарация алынды. Бирок бул жеңиш Улуу Британия үчүн өтө кымбатка түштү. Согушка чейин кредитор болгон Улуу Британия АКШдан жана өзүнүн доминиондорунан карыз болуп калды. Экономикалык өсүү темптери өтө төмөндөп, кризис жана сенектик көнүмүш адатка айланды.

**Улуу Британияда өткөрүлгөн парламенттик реформалардын мазмуну эмнелерден турат?**




Улуу Британиянын картасы.

Иш таштоо кыймылы олуттуу түс алды. Жумушчулар иш акынын ашырылышын жана иш күнүнүн кыскартылышын талап кылышты. Ушундай шартта шахтёрлордун иш акысынын азайтылышы Улуу Британия тарыхындагы эң чоң социалдык жаңжалдардан бири – **1926-жылы майда** жумушчулардын жалпы иш таштоосун келтирип чыгарды.

Дүйнөлүк экономикалык кризис Улуу Британиянын экономикасына олуттуу таасир этпеди. 1934-жылдан баштап мамлекет кризистен чыга баштады. **1937-жылы** Улуу Британия өнөр-жайынын негизги багыттары боюнча дүйнөлүк экономикалык кризиске чейинки көрсөткүчтөргө жетип алды. Өнөр-жай продукцияларын өндүрүүнүн өсүшү негизинен үй-жай курулушунун кескин ашуусу жана өнөр-жайдын машина куруучулук, самолёт куруучулук, кыймылдаткыч жана радиоаппаратураларды жасоо өңдүү жаңы багыттардын өнүгүшү эсебинен болду.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Улуу Британия экономикасынын калыбына келүүсүндө аскердик өнөр-жайдын тез өнүгүүсү да чоң роль ойноду.

**Саясий жашоо.** Улуу Британияда узак жылдар бою **консерваторлор менен либералдар** мамлекетти башкарып, парламенттик шайлоолордун натыйжасында бири-бирин алмаштырып келишти. Бул эки партиялуу саясий система коомдо туруктуулукту сактап турду.




Улуу Британия империясы. XX кылымдын 30-жылдары.

Мамлекеттеги татаал саясий жана экономикалык кырдаалда, кең эмгекчил калктын аң-сезиминде болуп өткөн өзгөрүүлөрдүн натыйжасында **1918–1924-жылдары** салттык эки партиялуу система олуттуу кризисти башынан өткөрдү. Ошондуктан 1920-жылдардын башында **лейбористтер** Улуу Британиянын саясий системасында экинчи партия катары орношуп алды. Алар **1924-жылы январда**



Уинстон Черчилл.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Улуу Британиянын тарыхында биринчи жолу өкмөттү башкарды. Жамааттык палатада көпчүлүк орунга ээ болбогон бул партия да бир жылдан азыраак өкмөттө турду, бирок ишсиздердин жана пенсионерлердин абалын жакшыртуу боюнча бир топ иш-чараларды жасашты.

1937–1940-жылдары өкмөттү консерваторлордун жетекчиси Невилл Чемберлен башкарды. **1938-жылы Мюнхен келишиминин** кол коюлушу натыйжасында Невилл Чемберлен 1940-жылы өкмөт башчысы кызматынан отставкага чыгууга мажбур болду. Өкмөттү XX кылымда Улуу Британиянын тарыхында өтө чоң роль ойногон саясатчы Уинстон Черчилл башкарды.

**Колония жана доминиондор менен болгон мамиле.** Улуу Британиянын бийлик чөйрөлөрү колониялардагы улуттук-боштондук кыймылдарды куралдын күчү менен аёосуз бастырды. 1919-жылы Индиянын Армистар шаарында англия кошуундары тынч демонстранттарды окко тутту. Египетте англичандарга каршы козголоңду бастыруу максатында жазалоо операциясы өткөрүлдү. Ошого карабастан, 1922-жылы англичандар Египеттин эгемендүүлүгүн таануга, Улуу Британия Ооганстан менен Ирандын тышкы жана ички саясатын көзөмөлдөөдөн да баш тартууга мажбур болду. Акыры, ирландардын азаттык үчүн алып барган жүз жылдык күрөшү ийгиликтүү аяктады. 1921-жылы декабрда Улуу Британия доминиондук укукка ээ болгон «Эркин Ирландия мамлекетин» тааныды.

Бул мезгилде Улуу Британия менен анын доминиондору – Канада, Австралия, Түштүк Африка союзу, Жаңы Зеландиянын ортосундагы мамилелерди **1931-жылы** кабыл алынган **Вестминст статуту** деп аталган документ белгилеп берген. Статутка ылайык өз ички эгемендүүлүгүнө ээ болгон доминиондор менен метрополия бирге **Британия Улуттар Шериктештиги** аттуу союзду түздү.



**1919-жылда ...** **1924-жылы январда ...**
**1926-жылы майда ...**

**Тышкы саясат.** 1930-жылдарда өзүнүн экономикалык, аскердик жана социалдык ийгиликтерин көрсөтүп жаткан Германиядан коркуу сезими Улуу Британиянын саясатын белгилеп берди. Улуу Британияда, жалпысынан Европанын башка мамлекеттеринде фашизмден коркуу сезими келечекте боло турган согушта фашисттердин күчтөрү Советтер Союзуна каршы каратылат деген үмүт менен кошулуп



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Н. Чемберлен, Э. Даладье, А. Гитлер жана Б. Муссолини Мюнхен келишимине кол койгондон соң (солдон).

кеткен эле. Ушул үмүт себеп алар фашисттердин агрессиячыл саясатына активдүү каршылык көрсөтпөдү. Бул саясат тарыхта **«агрессиячылдарга болушуу» саясаты** деген ат алды.

Улуу Британияда бул саясат 1937-жылы өкмөткө келген премьер-министр Невилл Чемберлендин аты менен байланыштуу. Башталышы айкын болуп калган согушту чыгышка карай багыттоо максатында Невилл Чемберлен Адольф Гитлер, Бенито Муссолини жана Эдуард Даладье менен чогуу **1938-жылы Мюнхен келишимине** кол койду. Келишимдин натыйжасында Чехославакиянын негизинен немис улутуна таандык калк жашай турган Судет облусу Германияга берилди. Бирок Германия муну менен чектелбеди. Ал 1939-жыл 1-сентябрда Польшага бастырып кирди жана Экинчи дүйнөлүк согушту баштап берди. 3-сентябрь күнү Польшанын союздашы болгон Улуу Британия Германияга каршы согуш жарыялады жана ушундай түрдө башталып кеткен Экинчи дүйнөлүк согушуна кошулду.



**Статут** – негизинен, Улуу Британиянын укуктук маданиятына мүнөздүү болгон баяндоо характериндеги укуктук документ, токтом.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Улуу Британия Биринчи дүйнөлүк согуштан кандай натыйжалар менен чыкты?
2. Улуу Британиянын өнүгүүсүндөгү кандай көйгөйлөр 1926-жылы майдагы эң ири иш таштоону келтирип чыгарды?
3. Бул мезгилде саясий өнүгүүдөгү Улуу Британияга таандык болгон кандай негизги документерди бөлүп көрсөтүү мүмкүн?
4. Улуу Британиянын колония жана доминиондор менен мамилесинде кандай өзгөрүүлөр болду? Вестминстр статуту жөнүндө айтып бер.
5. Экинчи дүйнөлүк согушка чейин Улуу Британия тышкы саясатынын негизги максаты эмнеден турган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып, Улуу Британия империясына таандык аймактарды статусуна карай бөлүштүр жана түшүндүрмө жаз.



1918-1939 жылдардагы Улуу Британиянын тарыхына таандык негизги түшүнүктөрдү англис тилине котор жана дептериңе жаз.

## 4-ТЕМА. 1918–1939-ЖЫЛДАРДА ФРАНЦИЯ

**Экономикалык өнүгүү.** Биринчи дүйнөлүк согушту Франция жеңиш менен аяктады. Ал өзүнүн элдешкис душманы болгон Германияны талкалады, континентте башка олуттуу атаандашы калбады. Бирок бул жеңиш француз калкына өтө кымбатка түштү. Түздөн-түз согуш аракеттери болуп өткөн Франция аймагынын үчтөн бир бөлүгүндөгү өнөр-жай ишканалары кыйратылды. Акчанын куну кескин түшүп кетти, Франция АКШдан карыз болуп калды.

Согуш айыл чарбасы, өнөр-жай жана кредит системасына олуттуу зыян тийгизди, Франция дүйнөдөгү кредитордук позициясын бир аз жоготту. Капиталдын чоң бөлүгү кредит багытынан өндүрүш багытына өттү. Версаль келишимине ылайык Франция Эльзас жана Лотарингияны кайтарып алды, 15 жылга Саар көмүр бассейнин ээледи, Германиянын колониялары эсебинен өз империясын кеңейтип алды. Германия Францияга чоң репарация төлөдү.

Булардын бардыгы 1920-жылдары өнөр-жайдын өсүшү үчүн ыңгайлуу шарт жаратты. Өнөр-жайдын автомобиль куруучулук, самолёт куруучулук, нефтини кайра иштетүү, химия өнөр-жайы сыяктуу жаңы түрлөрү пайда болду. Дал ошол учурда айыл чарбасы сенектик абалына учурап, продукция өндүрүү согуштан алдыңкы абалында эле.



**Улуу француз буржуа революциясынын келип чыгуу себептери эмнелерден турат?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Франциянын картасы.

1929–1933-жылдардагы дүйнөлүк экономикалык кризис Францияда 1930-жылы башталды. Ошол жылы өнөр-жайдын өсүү темптери начарлап, өдүрүштүк өнөр-жайы кескин төмөндөп кетти. Металлургия, машина куруучулук, токуучулук жана тамак-аш өнөр-жайында кризис болду. Өдүрүштүн төмөндөшү ишсиздер санынын артышы жана эмгек акысынын азайышына алып келди.

Кризистен калктын бардык катмарлары чоң зыян көрдү. Шаар майда буржуазиясынын кирешелери кескин түшүп кетти, жүз миңдеген майда соодагерлер банкрот болду. Францияда өндүрүштүк өнөр-жайы 1930-жылдардын аягында да кризиске чейинки даражасына жетпеди.

**Ички саясат жана социалдык көйгөйлөр.** Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки оор абалга карабастан, Франциянын бийлик



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Париж көчөлөрүнүн бири. 1930-жылдар

чөйрөлөрү «Биз каалообуздун баарына, жадагалса андан да көбүрөөгүнө жетиштик», – деп калкты тынчтандырууга умтулду. Германиянын үстүнөн жетишилген жеңиштен соң мамлекетте шовинисттик маанай кең жайылды. **1919-жылы ноябрдагы** шайлоо кампаниясы улутчулдук жана «большевиктер коркунучу» менен коркутуу маанайы астында өттү. Буржуа партияларынан турган Улуттук блок тобу түзүлдү. Улуттук блок шайлоолордо 2/3 бөлүктөн көбүрөөк добуш алды. Бул Франциядагы оңчул күчтөрдүн эң чоң жеңиши эле.



Парижде фашисттердин демонстрациясы бастырылгандан соң.

Бирок шайлоолордо улуттук блок берген убадалар аткарылбады, Франция 1930-жылдардын ортолоруна чейин социалдык мыйзамдар багытында алдыга бир кадам да таштабады.

Ошентсе да, 1926–1929-жылдары өкмөт акчанын барксызданууусун токтотууга, жашоону арзандатууга жетишти. Социалдык тармакка көңүл бурулду: ишсиздер, карыялар, оорулуулар, майыптар жана кошбойлуулар үчүн пенсиялар дайындалды. Ушундай абалда болуп өткөн 1928-жылдагы шайлоолордо да оңчул күчтөр жеңип чыкты.



**1929 – 1933-жылдар ...** **Эльзас жана Лотарингия ...**
**1919-жыл ноябрь ....** **1928-жыл ...**

Францияда экономикалык кризис 1930-жылдын аягында башталды. Үчүнчү республика олуттуу кыйынчылыктарга туш келди: 1929–1932-жылдарда бир нече өкмөт алмашты. Бирок алардын бири да экономикалык кризисти токтото албады.

1934-жылы өкмөткө дагы оңчулдар келди. Францияда фашисттик режимдин орнотулушу реалдуу коопко айланды. Мамлекетте фашисттер активдешкен бир маалда өкмөт кийлигишпөө саясатын карманды. Элдик фронт гана фашисттерге каршы активдүү аракеттенди. Бирок оңчулдар аларды Францияны «советтештирүүдө» айып-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тады. Оңчулдардын башчысы Пьер Лаваль: «Элдик фронттон көрө Гитлер жакшы»,–деп билдирүү жасады. Бул ураанды ошол доордун француз саясий элитасынын чоң бөлүгү кабыл алды. Дал ушул абал Үчүнчү республиканы кырсыкка алып келген негизги факторлордон бири болду.

**Тышкы саясат.** Версаль келишими шарттарынын аткарылышы үчүн күрөш Франция тышкы саясатында борбордук орунду ээледи.

**1938-жылы күздө Эдуард Даладье**нин өкмөтү Улуу Британия менен бирге Чехословакияны фашисттик Германияга тапшырган **Мюнхен келишимин** колдоду. Иш жүзүндө Мюнхен келишими жаңы дүйнөлүк согушка жол ачып берди. Бул согуштун биринчи курмандарынын бири Франциянын өзү болду: **1940-жылы 14-июнда** немис кошуундары Парижге кирип келди. Ошондо көпчүлүк Чехословакияга гана – Франциянын ишеничтүү, туруктуу союздашына карата чыккынчылык болду, деп ойлогон эле. Бирок бул Чехословакияга гана эмес, бүткүл дүйнөдөгү тынчтыкка карата чыккынчылык болуп чыкты. Бул чыккынчылыктын айынан биринчи жабыркагандардын бири француз калкы болду.



Эдуард Даладье.




**1919-жыл ноябрдагы шайлоодо Улуттук блок деп аталуучу буржуа партияларынан турган топ түзүлдү.**

**1940-жыл 14-июнь күнү немис кошуундары Парижге кирип келди.**

Өз жетекчилеринин кыска ойлуу саясаты Үчүнчү республика үчүн өтө кымбатка түштү: ал немис кошуундарынын бут астында ойрон болду.



**Шовинизм** – бир расанын башкалардан үстөмдүгүн жактоочу, улуттардын ортосунда жаңжал үрөнүн себүүчү өтө оңчул, ашынган улутчулдук.

**Оңчулдар** – учурдагы режимди кескин өзгөртпөө, аны конституциянын чегинде өнүктүрүүнү жактоочулар.

**Солчулдар** – учурдагы режимди өзгөртүүнүн, кескин реформалардын жактоочулары.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Биринчи дүйнөлүк согуш Франция үчүн кандай натыйжаларды алып келди?
2. 1929–1933-жылдардагы дүйнөлүк экономикалык кризистин Францияга тийгизген таасири жөнүндө айтып бер.
3. 1929–1933-жылдардагы дүйнөлүк экономикалык кризис Франциянын экономикасы жана саясий күчтөрдүн теңдигине кандай таасир көрсөттү?
4. Эки дүйнөлүк согуштун арасында Франциянын тышкы саясатынын негизи эмнеден турат?
5. Оңчулдардын башчысы Пьер Лавальдын билдирүүсү эмнеден турат?

### Өз алдынча иш



Картага негизделип, Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки Франциянын аймагын талда: аймактардын кайтарып алынышын жана жоготууларды баала.



Франция мамлекетинин мисалында социалдык коргоо зарылдыгын келтирип чыгаруучу факторлорду такташтыр жана оюнду негиздөө үчүн далилдерди дептериңе жаз.



Интернет каражатында 1918-1939-жылдардагы Франциянын көчөлөрүнө виртуалдык экскурсия уюштур. Алган таасирлериңди дептериңе жаз.

## 5-ТЕМА. 1918–1939-ЖЫЛДАРДА АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫ

**Экономикалык өнүгүү жана социалдык көйгөйлөр.** Согушка башка мамлекеттерден кийин кошулган, аскердик кыймылдардан алыста жайгашкан АКШ кыйла аз кошуун жоготту, бирок согушта катышуу Америка бизнеси үчүн өтө чоң пайда келтирди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Дүйнө картасында Америка Кошмо Штаттары.

Согуштан мурда Европадан карыз болгон АКШ эми анын кредиторуна айланды. Согуштан кийин АКШ кедейлешкен жана ойрондолгон Европадан окумуштуулар жана илимий ачылыштарды чогултуп алды, жаңы ачылыштарды өнөр-жайга колдонду, жаңы техника жана технологиялардын сонун ийгилигин көрсөттү.

**АКШда жарандар согушу кандай натыйжалар менен аяктады?**

1924–1929-жылдары тез өнүккөн АКШ экономикалык жактан дүйнөнүн эң өнүккөн мамлекетине айланды. АКШда экономиканын эң жаңы багыттары: электротехника, химия, авиация, нефть өнөр-жайы, машина куруучулук, кино өнөр-жайы, радиотехника тез өнүктү. Кир жуугуч машиналар, муздаткычтар, фотоаппараттар, патифон жана радиоприемниктер жалпы иштеп чыгарыла башталды. 1920-жылдардын аягына келип ар эки америкалыктын биринде радиоприемник бар эле. Ошол жылдары жарандык



Герберт Гувер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ишсиздердин демонстрациясынын бастырылышы. Вашингтон, 1932-жыл.

авиация доору башталды. Ушундай шартта **1928-жылы** конгресске болуп өткөн шайлоолордо республикачылар женди. Алардын партиясынан президенттикке талапкер **Герберт Гувер 1929-жылы январда** АКШнын кезектеги президенти болуп шайланды.

Бирок Америкача өсүп-өнүгүү жана алдыңкы капиталисттик мамлекеттердин экономикасынын бош жагы да болуп, ал тынымсыз болуп туруучу кризистерде көрүнөт. **1929-жылы 24-октябрда** Нью-Йорк фонд биржасында башталган кризис себеп туруктуу өнүгүү доору аяктады. АКШнын артынан бүткүл капиталисттик дүйнө дүйнөлүк экономикалык кризистин куюнунда калды. Бул кризис капиталисттик чарба формасынын XIX кылымдын аягы–XX кылымдын баштарына таандык болгон тарыхый эволюциясын аяктады.



Кезек күтүп турган ишсиздер. Нью-Йорк. 1933-жыл.

1930-жылдардын башына келип АКШ капиталисттик дүйнөнүн тан алынган жетекчисине, техникалык өнүгүүнүн жол башчысына айланды. Экономикалык кризистин бүткүл кудурети да ушул жерде көрүндү. Чарбанын салттуу тиби өз мүмкүнчүлүктөрүн аяктады. **1929–1932-жылдары** өнөр-жай өндүрүшүнүн көлөмү **50%** га кыскарды, **13 млн.го** жакын адам өз иш орундарынан айрылды.

Бул жылдары АКШ президенти Герберт Гувер Америкача индивидуализм жана либерализм факторлорун коргоп, эч кандай социалдык чараларды көрүүгө макул болбоду.



**1928-жылда ...** **1929-жыл 24-октябрь ...**
**Г.Гувердин ишмердүүлүгү ...** **1929–1932-жылдар ...**

1932-жылы ноябрдагы шайлоолордо Гуверге каршы демократтар партиясынан Франклин Рузвельттин талапкерлиги коюлду. Өтө кекээр болгон бул адам өз өмүрүн саясий ишке арнады. Ал АКШ президенттигине катары менен төрт жолу (1932, 1936, 1940, 1944)



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

шайланган жалгыз адам. Ошонун өзү да анын АКШ тарыхындагы өтө чоң ролунан кабар берет.


Франклин Делано Рузвельт.

Франклин Рузвельт жалпы чөйрөнүн талабынан келип чыгып, докладдарынын биринде: **«Мен Америка калкына жаңы курс убада кыламын»**,–деди. **«Жаңы курс»** деген бул кызыктыруучу сөз жалпы ураан жана саясаттын атына айланды. «Жаңы курс» Америка капитализминин мүнөзүн өзгөртүп жиберди. Ал АКШнын экономикасын жаңы, улуу мамлекеттүүлүк умтулуулары курчуган мезгилге ылайыктады.

Ошентип, 1930-жылдардын экинчи жарымында АКШ жана анын артынан бүткүл капиталисттик дүйнө экономикалык кризистен чыгып алды. Ошол эле учурда алар башка бир, көбүрөөк тышкы саясат менен байланыштуу көйгөйлөргө туш келди.



**Жаңы курс...**
**1932-жылдагы шайлоонун натыйжалары...**
**1938-жыл...** **1929-жыл январь...**

**Тышкы саясат.** 1920–1930-жылдары АКШнын тышкы саясатында өтө маанилүү окуялар анча көп болбоду. Бирок кризис тышкы саясатка да таасир көрсөттү. **1933-жылы** Советтер Союзу менен дипломатиялык мамилелер орнотулду, 1935–1936-жылдары нейтралитет жөнүндө жана согушуп жаткан мамлекеттерге курал жеткирип берүү жана кредит ажыратууга тыюу салуу жөнүндө мыйзамдар кабыл алынды. Бул учурда Испанияда жарандар согушу болуп жаткан эле жана АКШ нейтралитетке катуу амал кылды. Экинчи дүйнөлүк согуш башталганга чейин изоляционизм АКШ өкмөтүнүн башкы саясаты болуп калды. Болгону **1941-жылы 7-декабрь** күнү Япония флоту Пёрл-Харборго-АКШ флотунун Тынч океандагы негизги базасына чабуул жасагандан соң АКШ Экинчи дүйнөлүк согушка кошулду.


1929-жыл 24-октябрда Нью-Йорк фонд биржасында кризистин башталышы.

Кийинчерээк Франклин Рузвельт нейтралитет жөнүндөгү мыйзам жана изоляционизм саясаты ката болгондугун тааныган болчу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Патифон** – пластинкага жазып алынган музыка жана ырды кайра угуучу курулма.

**Индивидуализм** – өзүнчө жеке инсандын кызыкчылыктарын коомдун кызыкчылыгынан устун коюуга багытталган теория.

**Либерализм** – парламентаризм, демократиялык эркиндиктер жана жеке ишкердикдин тарапкерлерин бириктирген социалдык-саясий агым.

**Нейтралитет** – мамлекеттердин ортосунда болуп жаткан согушка кошулбастык мүмкүнчүлүгүн камсыздоочу укуктук статус.

**Изоляционизм** – кайсыдыр бир мамлекеттин эл аралык көйгөйлөрдү чечүүгө катышуудан баш тартуу саясаты. Көбүнчө АКШнын Экинчи дүйнөлүк согушка чейинки саясатына карата колдонулат.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Биринчи дүйнөлүк согуштун натыйжалары АКШнын экономикалык өнүгүүсү жана дүйнө саясатындагы ордуна кандай таасир көрсөттү?
2. 1929 –1933-жылдардагы экономикалык кризис АКШнын экономикасы жана социалдык саясатында кандай из калтырды?
3. АКШ кризистен чыгуунун кандай жолун тандады?
4. Кризистен соң АКШнын тышкы саясатында кандай өзгөрүүлөр болду?

## Өз алдынча иш



Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки АКШнын аймагына мүнөздөмө бер. Картадагы так эместиктердин себебин түшүндүр.



Франклин Рузвельт жөнүндөгү маалыматтарды табууга аракеттен жана тарыхый инсандын ишмердүүлүгүнө баа бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 6-ТЕМА. 1918–1945-ЖЫЛДАРДА ГЕРМАНИЯ

**Германия революциясы.** Германия Биринчи дүйнөлүк согушта жеңилди. Согуштан кийин бул жерде революциялык окуялар болду. Революция аскердик деңизчилердин Кил шаарындагы козголоңунан башталды. **1918-жылдын ноябрына** келип козголоңдор Германиянын бардык ири шаарларында болду. **Ноябрь революциясы** жеңип, Германия республика деп жарыяланды. Фридрих Эйберт башчылыгында жаңы өкмөт түзүлдү.



Козголоң көтөргөн ишчилер жана солдаттар. Берлин, 1919-жыл.

Уюштуруучу жыйынга өткөрүлгөн шайлоолордо негизги орундарды либералдык жана консервативдик партиялардын өкүлдөрү ээледи.



**Биринчи дүйнөлүк согушта Германиянын жалпы жоготуулары эмнелерден турат?**

**1919-жылы 31-июль** күнү Веймар шаарында Уюштуруучу жыйын революциячыл жалпы элдин демократиялык талаптарын канааттандыруучу конституцияны кабыл алды. Германиянын тарыхында жаңы – **Веймар республикасынын** доору башталды.

**Рур кризиси. 1923-жылы** француздар Германиянын Рур облусуна бастырып кирди. Рур кризиси Германиянын өзүндө да саясий наразылыктарды келтирип чыгарды. 1923-жылдын аягында Европа мамлекеттеринин ичинде эң күчсүз акча Германияда эле.



Чарлз Дауес.

Рур кризисинен соң репарация жана Европанын карыздары көйгөйүн чечүүнүн жолу катары **«Дауес планы»** каралып жаткан эле. **1924-жылы** Америкалык банкир Чарлз Дауес башчылыгындагы эл аралык комитет эл аралык каржы-кредит жана соода мамилелерин калыбына келтирүүнүн стратегиялык планын кабыл алды. Бул план капиталисттик дүйнөдө экономикалык жана саясий



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Германияда фашизмдин жайылышы. 1930-жылдар.

туруктуулукту камсыздоо үчүн негиз болду. Чарлз Дауеске Нобель сыйлыгы ыйгарылды.

**Германия фашизминин өзүнө мүнөздүү жактары.** Германияда Адольф Гитлер башчылыгындагы Германия улуттук-социалисттик жумушчулар партиясы **1919-жылы** пайда болду. Чындыгында бул партиянын Италияда пайда болгон фашизмге түздөн-түз тиешеси жок. Фашизм сөзү болгону адат иретинде гана гитлерчилерге карата колдонулат. Ал дүйнөдөгү дээрлик бардык элдердин тилдерине кирген. Бирок, Германияда италиялык типтеги фашизм эмес, **нацизм** (улутчулдук) калыптанды.

**«Пиво козголоңу». 1923-жылы 8-ноябрда** Мюнхендеги «Бюргербройкеллер» өтө чоң пивоканага 3000 ге жакын адам топтолду. Мындан пайдаланган Гитлер башчылыгындагы бир топ нацисттер Баварияда өкмөттү ээлеп, Берлинге жүрүш уюштурууга аракеттеништи. Бирок полиция алардын жолун тосуп, нацисттерди кууп жиберди, онго жакын нацисттер өлтүрүлдү. Гитлер жана башка уюштуруучулар түрдүү мөөнөткө камалды. Бул Германияда нацисттердин бийликке келүү үчүн жасаган биринчи аракети эле. Ийгиликсиздик менен аяктаганына карабай, дал ошол «пиво козголоңу» нацисттик партияны жалпы Германиялык деңгээлде саясий күчкө айландырды.



**1919-жыл 31-июль ...**
**«Дауестин планы» ...**
**Рур кризиси ...**
**1923-жыл 8-ноябрь ...**

**1932-жылы апрелде** болуп өткөн президенттик шайлоолордо Гинденбург жеңип чыкты, Гитлер андан бир аз артта калды. Рейхстагга болуп өткөн шайлоолордо улуттук-социалисттер жеңип, эң ири парламент партиясына айланды.

**1933-жылы 30-январда** президент Пауль фон Гинденбург рейхстагда (парламент) эң чоң фракцияга ээ болгон улуттук-социалисттер жол башчысы Адольф Гитлерди рейхсканцлер (өкмөт башчысы) кызматына дайындады.

Веймар конституциясы бекер кылынды, **1934-жылы** президент Гинденбург каза болгондон соң Гитлер Германиянын фюрери (жол башчы-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

сы) болуп алды. Президенттик кызмат бекер кылынды, ошол учурдан баштап Веймар республикасы иш жүзүндө өз иш-аракетин аяктады.

Гитлердин тоталитардык режиминин негизги максаты «жетик эмес расаларды» багындыруу, чоң аймактарды ээлөө үчүн Германияны согушка даярдоодон турган. 1936–1939-жылдары Германиянын экономикасы толук согуш максаттарына баш ийдирилди, аскердик каражаттар 10 эсе ашырылды, кошуундардын саны 1914-жылдагы даражасына жеткирилди, аскердик-деңиз флоту реформаланды. **1935-жылы** жалпы аскердик милдеттүүлүк жөнүндөгү мыйзам күчкө кирди. Германия чоң согушка даярдана баштады. Германиядагы тоталитардык режимге Италия менен Япониядагы ушундай режимдер союздаш болду.




1919-жылдагы Версаль тынчтык келишиминен кийинки Германия.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**1932-жылы апрелде ... 1933-жыл 30-январда ... Жалпы аскердик милдеттүүлүк жөнүндөгү мыйзам ...**

1937–1938-жылдары экономикалык өсүүдө жетишилген ийгиликтер жана социалдык саясат гитлерчилердин башчысына Германияда ички абалды турукташтыруу мүмкүнчүлүгүн берди. Бул негизги максат – улуттук-социализм идеялары духундагы жаңы дүйнө тартибин орнотуу жолундагы биринчи кадам деп каралды. 1937–1938-жылдары гитлерчилер режиминин негизги саясаты Германияны толук түрдө согушка даярдоо, учурдагы эмгек жана каржы ресурстарын толук тартуу болуп калды. Аскердик кадрларды даярдоо тездетилди, курал иштеп чыгаруу арттырылды. Экинчи дүйнөлүк согуштун алдында Германия Европада эң чоң армияны калыптандырды.

Германиянын тышкы саясаты да барган сайын агрессиячыл мүнөзгө ээ болуп барды. 1938-жылы Австрия аншлюс кылынды, 1939-жылы Чехословакия да Германияга кошуп алынды. «Польшадагы немистердин тагдыры жөнүндөгү камкордук» Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышы үчүн шылтоо болду.



Немис кошуундары Польшанын чек арасын бузуп өтүүдө. 1939-жыл 1-сентябрь.




**1919-жыл 31-июль күнү Веймар шаарында конституция кабыл алынды.**

**1934-жылы президент Гинденбург каза болгондон соң Гитлер Германиянын Фюрери (жол башчысы) болуп алды.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1939-жылы 1-сентябрда** Германия Польшага бастырып кирди. Экинчи дүйнөлүк согуш башталды.



**Фракция**–кайсыдыр бир партиянын парламенттеги мүчөлөрү же саясий партиянын ичиндеги өзүнчө топ.

**Тоталитаризм** (жалпы)–XX кылымдын окуясы болуп, бүткүл саясий режимдин мамлекетке багынуусун, коомдун турмушу жана жарандардын үстүнөн толук мамлекеттик көзөмөлдүн орнотулушун көздө тутат.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Биринчи дүйнөлүк согуштагы жеңилүү Германияда кандай экономикалык жана социалдык көйгөйлөрдү келтирип чыгарды?
2. Германияда фашисттердин биринчи чыгышы–«пиво козголоңу» кандай натыйжа менен аяктады?
3. «Дауестин планы» кандай максатка каратылган эле? Ал капиталисттик дүйнөдө экономикалык жана саясий туруктуулукту камсыздоого алып келдиби?
4. Гитлер башчылыгындагы улуттук-социалисттер бийликке келгенден кийин кандай саясий-экономикалык иш чараларды аткарды? Италян фашизми менен Герман нацизмин салыштыр.
5. Гитлердин тоталитардык режиминин негизги максаты эмнеден турат? Германиядагы тоталитардык режимге мүнөздөмө бер.

## Өз алдынча иш



"1919-жылдагы Версаль тынчтык келишиминен кийинки Германия" картасын чечмеле жана Германиянын чек араларын такташтыр.



Теманын текстин "Инсерт" жадыбалынын негизинде чечмеле жана эки бөлүктүү күндөлүк түз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 7–8-ТЕМАЛАР. 1918–1939-ЖЫЛДАРДА СССР

1917-жылы ноябрда Владимир Ленин башчылыгында большевиктер өкмөтү–Эл комиссарлар совети түзүлгөндөн соң Россиянын башка аймактарында да советтик бийликти орнотуу башталды.



**Россиянын тарыхында Романовдор династиясы качан бийликке келген эле?**

Жерлерде жергиликтүү бийликтер таратып жиберилди, башкаруу толук советтердин колуна өттү. Жаңы бийликтин маанилүү жагы, ал партиялык жетекчиликтин негизинде калыптанат жана большевиктер партиясынын ар кандай чечими советтин чечими катары кабыл алынышы мүмкүн болду. Партия жана мамлекет ишканаларынын биригип кетүүсү калыптанып жаткан большевиктердин тоталитардык режиминин өзгөчө белгиси эле.

**1918-жылы мартта Брест-Литовск** шаарында Германия менен тынчтык келишими түзүлдү. Тынчтык келишиминин натыйжасында большевиктер убактылуу демин ырастоо мүмкүнчүлүгүнө ээ болсо да, Россия 56 млн. адам жашай турган өтө чоң аймагынан жана Кара деңиз флотунан айрылды, Германияга чоң контрибуция төлөө милдеттенмесин алды. Тарыхчылардын айтымында, бул тынчтык келишими Россиянын бүткүл тарыхындагы эң шерменделүү келишим болду.



Большевиктер бийликке келгенден соң башталган баш аламандыктар жарандар согушуна алып келди.

***Жарандар согушу.*** Көпчүлүк тарыхчылар Россияда Жарандар согушу 1917-жылы октябрда большевиктердин бийликке келиши менен башталды жана 1922-жылы күздө Ыраакы Чыгышта “ак гвардиянын” талкаланышы менен аяктады деп эсептейт.

Жарандар согушунун башкы себептери коомду кайра куруунун изги максаттары менен аларды ишке ашыруунун радикалдуу усулдарынын арасындагы дал келбөөчүлүктөн турган эле. Бул согушта түрдүү социалдык катмарлар менен топтор көйгөй жана карама-каршылыктарды өз ара куралдын күчү менен чечишти.

Жарандар согушу учурунда чет элдик, алгач Антанта мамлекеттеринин Россияга каршы баскынчылык аракеттери да болуп, ал



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**чет элдик интервенсиясы** деген ат алды. Чет элдик кошуундар менен советтердин ички душмандары биригип, **1918-жылы** Россиянын Волга бою, Урал, Сибирь, Ыраакы Чыгыш аймактарында совет өкмөтүн оодарып таштады. Ошондой абалда большевиктер өтө чоң уюштуруучулук иштерди аткарды: кошуундардын саны 1 миллиондон ашты; армияда катуу тартип орнотулду. Падышалык өкмөттүн көп генерал жана офицерлери советтер жакка чакырылды; мамлекет «бирдиктүү аскердик лагерь» деп жарыяланды.



**Брест-Литовск келишими..**
**1918-жыл...**
**Россияда жарандар согушу...**
**1917-жыл октябрь–1922 жыл күз...**

1918–1922-жылдары Советтер республикасында экономиканы башкаруунун аскердик усулу–**«аскердик коммунизм»** саясаты орнотулду. Ал жарандар согушунда жеңиш үчүн мамлекет бардык ресурстарды багыттоонун өзгөчө системасы эле. Бул саясаттын эң маанилүү жактары: жеке мүлкчүлүктү жоюу; акча-товар мамилелерин токтотуу жана өнөр-жайды улутташтыруу; тең бөлүштүрүүгө негизделген мамлекеттик системаны орнотуу; иш акысын тамак-аш продукциялары менен төлөө; шаар менен айылдын ортосунда түздөн-түз продукция алмашуусун жолго коюу болду. Дыйкандардан ашыкча тамак-аш продукцияларын милдеттүү жана бекер тартып алуу–**тамак-аш развёрсткасы** жарыяланды.

Саясий багытта «аскердик коммунизм» бир партиялуулук системанын үстөмдүгү, админстративдик-буйрукчул башкаруу усулунун киргизилиши жана эркин пикирлөөнүн кескин куугунтукка алынуусу менен мүнөздөлөт. Руханий багытта бийликчил идеология жана ахлак нормасы түрүндө Марксизм орнотулду. Бул аёосуз усулдар менен большевиктер өз максаттарына жетишти.

Жарандар согушунун аяктоочу баскычы мурдагы Россия империясынын четки өлкөлөрү–Кавказарты, Орто Азия жана Ыраакы Чыгышта совет өкмөтүнүн орнотулушу менен мүнөздөлөт. **1922-жылы ноябрда** Кызыл армия Владивосток шаарын алып, Тынч океанына чыгаары менен Россияда Жарандар согушу негизинен бүттү.

**СССРдин түзүлүшү.** 1922-жылы ишке ашырылган маанилүү иш-чаралардын бири СССРдин түзүлүшү болду. Улуттардын өз укугун өзү белгилөө принцибинен келип чыгып, бардык республикалар феде-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ративдик мамлекетке тең укуктуу мүчө болуп кирищти. Натыйжада, **1922-жыл 30-декабрь** күнү мурдагы Россия империясынын аймагында Советтик Социалисттик Республикалардын Союзу (СССР) түзүлдү.




СССРдин түзүлүшү. 1922-жыл 30-декабрь.

Бул жаңы мамлекетте эски коомдун негиздери бузуп ташталды, «мамлекеттик социализм» (мамлекеттин экономикага жана социалдык мамилелерге аралашуусу) орнотулду жана экономика, коом, мамлекет болуп көрбөгөндөй темптерде реформаланды. Совет тибиндеги «мамлекеттик социализм» коомду индустриалдаштыруунун капиталисттик усулуна альтернативалык жол эле.

Алгач СССРге Россия, Украина, Белорусия жана Кавказарты республикалары кирди. 1924-жылы мамлекеттин биринчи конституциясы кабыл алынды. 1924-жылы Кавказарты жана Орто Азияда улуттук-аймактык чегаралоо жүргүзүлүп, улуттук советтик республикалар түзүлдү. Ошол жылдары СССР Европа мамлекеттери тарабынан, **1933-жылы** акыркы ири мамлекет–АКШ тарабынан таанылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Фритоф Нансен.

**Жаңы экономикалык саясат.** 1921-жылы совет мамлекети күчтүү экономикалык жана саясий кризисти башынан өткөрдү. Мамлекет ойрондолуп, өнөр-жай өндүрүшү кескин төмөндөп кеткен эле. Болуп өткөн аянычтуу кургакчылык Украина, Кубань жана бүткүл Волга боюн каптады. Бул аймактарда ачарчылык башталып, советтерге каршы козголондор көтөрүлдү. Белгилүү норвег уюлчусу **Фритоф Нансен** ач калгандарга иш жүзүндө жардам көрсөтүүнү уюштургандардын бири болду. Анын урматы жана туруктуу суранычы аркылуу. Батыш мамлекеттери ач Россияга жардам көрсөттү, миңдеген адамдарды өлүмдөн куткарып калды.

Мамлекеттин оор кризис абалы большевиктерди «аскердик коммунизм» саясатынан баш тартып, **жаңы экономикалык саясат** (орусча НЭП) деп аталган курска өтүүгө мажбур кылды. НЭПтин мааниси базар экономикасын бир аз калыбына келтирүү, аны экономикалык кызыкчылык жана айыл-чарба эсебинин негизинде өнүктүрүүдөн турган. НЭП милдеттүү жана убактылуу иш-чара болуп, большевиктер кризис аякташы менен аны бекер кылууну көздөгөн эле.

НЭП жеке ишкердикти колдоп-кубаттады, экономиканын өсүүсүнө жардам берди. НЭП мамлекеттин элдик чарбасын кайра тикелөө, өндүрүш жана сооданы жолго коюу, оор экономикалык абалдан чыгып алуу мүмкүнчүлүгүн берди. Бирок НЭП СССРде «базар социализминин» орнотулушуна алып келбеди. **1924-жылы** Владимир Ленин каза болгондон соң мамлекетте Иосиф Сталин жана анын катарлаштары негизги ролду ойной баштады. Алар НЭП өз ролун аткарып болду деп эсептеди жана 1927–1929-жылдарда акырындык менен аны бекер кылуу башталды. Экономикалык эволюция, экономикалык атаандаштык, экономикага таасир этүүнүн экономикалык усулдарынын ордуна коомду башкаруунун админстративдик-буйрукчулдук, таптакыр экономикалык эмес усулдары тандалды. Сталин культуна сыйынуу, аны чексиз даңктоо жараяны башталып, алгач оппозиционерлер, кийин болсо миллиондогон күнөөсүз кишилер репрессияланды.



СССРде индустриалдаштыруу оор эмгектин эсебинен ишке ашырылган.

**Индустриалдаштыруу.** 1920-жылдардын аягы – 1930-жылдардын башында



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ишке ашырылган эң маанилүү иш-чара мамлекетти индустриалдаштыруу болду. 1928–1932-жылдарга пландаштырылган биринчи беш жылдык советтик пландык экономика доорун баштап берди. Беш жылдыктын негизги милдети СССРди агрардык мамлекеттен өнөр-жайы өнүккөн жана күчтүү аскердик мамлекетке айландыруу эле. Өтө чоң күч жана акча оор өнөр-жайды өнүктүрүүгө сарпталды. Ошол жылдары 1500 ири өнөр-жай ишканалары курулду. Биринчи беш жылдыкта советтик оор өнөр-жайдын негиздери жаратылды.



**«Аскердик коммунизм»...**
**Тамак-аш развёрсткасы...**
**Жаңы экономикалык саясат...**
**1928–1932-жылдарда...**
**1922-жыл 30-декабрь...**
**1933-жылда...**

**Коллективдештирүү.** 1928–1933-жылдары СССРде **коллективдештирүү** деп аталган саясат ишке ашырылды. Мунун натыйжасында айылдагы өзүнө ток дыйкандар, жер ээлеринин бардыгы мүлкүнөн кол жууду, көпчүлүгү кулак катары камалды, сүргүн кылынды, өлтүрүлдү. Коллективдештирүүнүн кесепетинен **15 млн.** го жакын дыйкан өз жерлеринен сүргүн кылынды, бир нече миллиону каза болду. Коллективдештирүүнүн аянычтуу акыбети СССР тарыхынын аягына чейин мамлекет өзүн-өзү тамак-аш менен камсыздай албашына себеп болду. 1933-жылдагы аянычтуу ачарчылыкта Украина, Кубань, Волгабою, Казакстанда **7 млн.** дон ашуун адам ачарчылыктан каза болду.

1933–1937-жылдарды камтыган экинчи беш жылдыкта өнөр-жай дүркүрөп өсүп, СССР өнөр-жай өндүрүшү боюнча дүйнөдө АКШдан кийинки экинчи орунга чыгып алды.

1938-жылы башталган үчүнчү беш жылдыкта негизинен аскердик өнөр-жай ишканаларын куруу пландаштырылды.



Сабатсыздыкты жоюучу мектептердин бириндеги сабак учуру.

**Маданий революция.** Сабатсыздыкты жоюу, жаңы типтеги советтик мектептердин системасын жаратуу, элдик интеллигенция кадрларын даярдоо, большевиктер көзөмөлү астында жана маркcча-ленинче идеологиянын негизинде илим, адабият жана көркөм өнөрдү өнүктүрүү, калктын жашоо маданиятын жогорулатуу тарыхта **«маданий революция»** атын алды. Маданий революцияны ишке ашыруу жараянын-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

да көптөгөн улуттук билимдүүлөр репрессия кылынды, улуттук маданияттар зыян көрдү, динге каршы күрөш күчөдү. Ошол эле учурда, өзүнүн бардык карама-каршылыктарына карабастан, маданий революция көптөгөн олуттуу көйгөйлөрдү чечти.

Элдин жашоо маданиятын жогорулатууга карай маанилүү кадам ташталды. Сабатсыздыкка каршы күрөштө чоң ийгиликтерге жетишилди. Билим берүү системасы толук реформаланып, **1930-жылы** милдеттүү башталгыч билим берүү киргизилди.

**Тышкы саясат.** 1920-жылдарда советтер тышкы саясатынын негизги милдети жаңы өкмөттүн эл аралык дэңгээлде таанылуусуна жетишүү болду.

1930-жылдары дүйнөдө болуп жаткан жараяндар СССР коопсуздугуна чоң коркунуч туудуруп жаткан эле. **1931–1932-жылдары** Япония Манчжурияны басып алып, эки мамлекеттин ортосундагы мамилелерде кескиндикти пайда кылды. 1938-жылы Хасан көлү айланасында япондор СССРдин аймагына бастырып кирди. Айыгышкан салгылашуулардан соң япондор совет чек арасынан сүрүп ташталды. 1939-жылы япондор Монголияга бастырып киргенден соң, анын союздашы болгон СССР да Монголияга кошуун киргизди. Халхин-Гол дарыясы боюндагы салгылашууда япондор жеңилди. **1941-жылы** Москвада өз ара кол салбоо жөнүндөгү **совет-япон келишимине** кол коюлду.

Европа багытында Германия салып жаткан коопту жоюу максатында совет өкмөтү Улуу Британия, Франция жана башка мамлекеттердин арасында өзүнө союздаш издей баштады. **1934-жылы** Советтер Союзу Улуттар Лигасына мүчө болду. Бирок бул маалга келип эл аралык мамилелердин жана советтер тышкы саясатынын маанилүү фактору тынчтык жана эл аралык тартипке кооп салып жаткан Германия болуп калды.



Вячеслав Молотов жана Рудольф фон Риббентроп (солдон).

**1922-жылы** кол коюлган **Рапалло келишими**нен соң Советтер Союзу менен Германиянын ортосундагы мамилелер жакшыланып барды. Натыйжада **1939-жылы 23-август күнү** Москвада СССР менен Германиянын ортосунда өз ара кол салбоо жөнүндөгү келишимге (Молотов–Риббентроп пакты) кол коюлду. Келишимге тиркеме кылынган жашыруун протоколдо СССРдин геостратегиялык кызыкчылыктарынын чек арасы тактал-ды. Ага ылайык Финляндия, Балтика бою мамлекеттери, Польшанын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чыгыш бөлүгү, Бессарабия СССРдин кызыкчылыктары зонасы деп белгиленди. Тактап айтканда согуш башталаары менен СССР ошол аймактарды өзүнүкү деп эсептеши мүмкүн эле.




**1933-жылда Советтер Союзун–АКШ тааныды.**

**1931–1932-жылдары Япония Манчжурияны басып алды.**

Кыскасы, большевиктер өткөргөн өтө кең көлөмдөгү социалдык тажрыйба эки дүйнөлүк согуштар аралыгында миллиондогон кишилерди курман кылды, он миллиондогон адамдардын адаттагы жашоо мүнөзүн бузуп жиберди, бүтүндөй бир улуттардын тагдырына таасир көрсөттү. Алар өтө чоң жоготуулардын эсебине, жалпы багыттоо жана зордукчул усулу менен экономикалык жана аскердик жактан кудуреттүү мамлекетти курушту.



**Радикалдуу** (түп тамырынан)–кескин чаралар жана аракеттерге умтулууну жактоочулар.

**Интервенсия**–бир же бир нече мамлекеттин башка мамлекеттин ички иштерине зордук менен аралашуусу, анын суверенитетин бузушу.

**«Аскердик коммунизм»**–Советтик мамлекеттин жарандар согушу шартындагы социалдык-экономикалык саясаты. Анда соодага тыюу салынат, айыл-чарба продукцияларынын артыкчасын мамлекетке тапшыруу милдеттүү кылып коюлат.

**Пакт**–эл аралык келишимдин түрү.

**Национализация**–жеке менчиктин, ири ишканалар, жер, эл чарбасы тармактарынын мамлекеттин мүлкүнө айландырылышы, улутташтыруу.

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. 1917-жылы Россияда большевиктер бийлигинин орнотулушуна мамлекетте пайда болгон кандай экономикалык жана саясий абалдар себеп болду?
2. СССРдеги индустриялдаштыруу жана коллективдештирүү саясаттарынын максаттары эмнеден турат? Алар кандай кесепеттерге алып келди?
3. Маданий революция кандай максаттарды өз алдына койду жана кандай натыйжаларга жетишти?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

4. 1930-жылдары советтер алып барган тышкы саясаттын агрессиячыл жактары эмнелерде көрүнөт?

**Өз алдынча иш**

Картадан Советтик Социалисттик Республикалары Союзу катарына кирген мамлекеттердин тизмесин түз.

“Жаңы экономикалык саясаттын” оң жана терс жактарын Т-чиймени негизинде мүнөздө жана дептериңе жаз.

## 9-ТЕМА. 1918–1939-ЖЫЛДАРДА ИТАЛИЯ ЖАНА ИСПАНИЯ

Италия Биринчи дүйнөлүк согушта көп зыян тартпады. Тескерисинче ал Австрия-Венгрия жерлеринин бир бөлүгүн ээлеп, өзүнүн аймагын кыйла кеңейтип алды. Бирок ошого карабастан, согуштан кийин мамлекет ички карама-каршылыктардын ичинде калды. Бул карама-каршылыктардын негизин көп сандаган жумушсуздар жана экономикалык кризис түзөт. Өтө орчундуу реформаларды жасоо үчүн өкмөт жетиштүү күчкө ээ эмес эле.

**Фашисттердин бийликке келиши.** Жалпы кризистик кырдаалда Бенито Муссолини башчылыгында **1919-жылы мартта** түзүлгөн фашисттер партиясы активдешип кетти. 1921-жылы фашисттер кыймылы бир кыйла расмий түс алып, мамлекеттин саясий кудуретин чындоого багытталган улутчулдук үгүт иштерин жүргүздү. Аларды мамлекеттеги салымдуу күчтөр колдоп-кубаттады, калктын да чоң бөлүгү колдоо билдирди.

Фашисттер 1921-жылдагы парламент шайлоолорунда 30 орунга ээ болду. **1922-жыл октябрда** фашисттик топтордун белгилүү **Римге жүрүшүнөн** соң король Виктор Эммануил III Муссолинини өкмөт башчысы кылып дайындады.

**1871-жылда Италияда кандай мыйзам кабыл алынды? Парламент качан пайда болгон жана Улуу Британияда XIX кылымдагы парламент реформалары эмнелерден турган?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Италия жана Испания.




«Жаш фашисттер» журналынын мукабасы. Италия.

**Фашисттердин саясаты.** Фашисттер өкмөттө турган алгачкы жылдарда мамлекетте стабилдешүү жана экономикалык өсүүнү камсызданды. Муссолини баштап иш жүзүндөгү саясий партиялар жана профсоюздарга тыюу салбады. Парламент иштеди, партиялардын газеталары да чыгып турду. Экономикага түздөн-түз жана ар тараптуу аралашуу жолу менен Италия фашисттик мамлекети өлкөнүн өнүгүү көрсөткүчтөрүн кескин ашырууга жетишти. 1938-жылы Муссолини расалык мыйзамдар чыгарды, 1939-жылдын башында болсо Депутаттар палатасын таратып жиберип, анын ордуна Чоң фашисттик кеңеш түздү.

Италян фашизми атайын тоталитардык диктатура катары тоталитардык жана авторитардык белгилерге ээ эле. Анын идеологиялык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

системасы католицизм, салттуулук, социализм идеялары менен толтурулган улутчулдуктун пайдубалына курулду.

**1919-жыл март... Б.Муссолини ...**

**1921-жылда ... Виктор Эммануил III ...**

Фашисттер бардык тоталитардык системаларга мүнөздүү болгон агрессиячыл саясатты күчөттү. 1927-жылы Албания Италиянын протекторатына айландырылды, кийин болсо басып алынды. 1935–1936-жылдардагы Италия-Эфиопия согушунун натыйжасында Эфиопия, ага коңшу жайгашкан Эритрея жана Сомалинин бир бөлүгү Италиянын колониясына айландырылды. **1937-жылы декабрда** Италия Улуттар Лигасынан чыкты. Италия Германия жана Япония менен союзга биригип, өзүнүн агрессиячыл саясатын улантты жана Экинчи дүйнөлүк согуштун себепчилеринен бирине айланды.

**Эсте сакта**

**1927-жылда Албания Италиянын протекторатына айландырылды.**

**1939-жылда Муссолини Депутаттар палатасын таратып жиберип, анын ордуна Чоң фашисттик кеңеш түздү.**

**1919-жылы ноябрдагы шайлоодо Улуттук блок деп аталуучу буржуа партияларынан турган топ түзүлдү.**

**1940-жыл 10-июнда Францияга согуш жарыялаган Италия Экинчи дүйнөлүк согушка киришти.**

**Испания.** Бул жерде окуялардын өнүгүүсү башкача жолдон барды. Алгач Испания өзүнүн Биринчи дүйнөлүк согуштагы нейтралитети менен башка Европа мамлекеттеринен кескин айырмаланып турду. Ошого карабастан, Испания согуштан кийин да бир кыйла убакыт Батыш Европанын эң жарды мамлекеттеринен бири болуп кала берди. Дүйнөнү дүңгүрөткөн Россиядагы революциялык окуялар бул мамлекетке да таасир көрсөттү. Каталония жана башка облустарда башталган иш таштоолор өкмөттү реформалар өткөрүүгө, 8 сааттык иш күнү, социалдык камсыздандыруу, иш акы жана пенсиялардын ашырылышы жөнүндө мыйзамдар кабыл алууга мажбур кылды.

**1923-жыл сентябрда** генерал Мигель Примо де Ривера мамлекет төңкөрүшүн уюштурду. Бардык министрлер жана губернаторлор



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Испания республикачыларынын элдик кошуундары жарандар согушу жылдарында.



Франциско Франко – Испаниянын диктатору.

аскер адамдарынан дайындалды, парламент таратып жиберилди, көптөгөн партиялардын ишине тыюу салынды. Де Ривера экономикалык реформа өткөрүп, кудум Италиядагы фашисттер сыяктуу экономикага мамлекеттин аралуушусун күчөтүүгө аракеттенди. Бирок мамлекетте башталган иш таштоо кыймылы, финансылык кризис бүткүл Испания бойлоп диктаторго каршы наразылыктын күчөшүнө алып келди. 1930-жылы де Ривера отставкага чыгууга аргасыз болду. Жаңы өкмөт конституцияны жана буржуа-демократиялык эркиндиктерди кайра калыбына келтирди, бирок башталып кеткен дүйнөлүк экономикалык кризистин алдында бул өкмөт да алсыздык кылды.

**Испания фашизми.** Италия фашисттеринен үлгү алган оңчул партиялар 1933-жылы **испан фалангасын** түздү. Ошол мезгилден баштап бул фаланга пайда болгон испан фашизминин негизи болду. 1934-жылы фашисттердин бир нече өкүлдөрү өкмөттүн курамына кирди. Ошондой шартта солчул күчтөр Элдик фронтту түздү. Алар **1936-жылы** кортестерге (парламент) өткөрүлгөн шайлоолордо жеңип чыкты. Мамлекет президенти жана өкмөт башчысы ошол фронт өкүлдөрүнөн шайланды. Мамлекетте бардык саясий туткундар бошотулду, мурда жетишилген бардык демократиялык жана социалдык ийгиликтер кайра калыбына келтирилди. Бирок оңчул фаланга коркунучу жоюлбады. Алар мамлекеттик төңкөрүшкө даярданып, мында негизги ролду армия жана генералдар ойноду.

**1936-жыл 18-июлда** фалангачылар бардык жерде аскердик төңкөрүштү баштап жиберишти. Аларга каршы Элдик фронт согушка чыкты. Ошентип, Испанияда **жарандар согушу** башталып кетти.



**1923-жыл сентябрда ...**
**Испанияда жарандар согушу ...**
**1933-жылда ...**
**Кортес – ...**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Ошондой шартта Франция, Улуу Британия жана көптөгөн мамлекеттер Испанияга курал жеткирип берүүнү токтотту жана өздөрүнүн жарандар согушуна аралашпоосун жарыялады. Алгач бул келишимге кошулган СССР кийин өз чечимин өзгөртүп, республикачыларга жардам бере баштады. Дал ошондой Германия менен Италия фалангачыларга жардам көрсөттү. Испаниядагы жарандар согушу эки жарым жылга созулду. Анда дээрлик 1 млн. испандар каза болду. Фалангачылар жеңип чыкты жана **1939-жылы 1-апрелде** Испанияда генерал Ф.Франконун диктатурасы толук орнотулду.




**1933-жылда испан фалангасы түзүлдү.**

**1936-жылы 18-июлда Испанияда жарандар согушу башталып кетти.**

Экинчи дүйнөлүк согуш башталаары менен гитлерчилер дипломатиясынын аракеттерине карабастан, Франко согушка кирүүгө шашылбады жана 1939-жылы сентябрда нейтралитет жөнүндөгү декретке кол койду.



**Католицизм** – христиан дининин негизги багыттарынан бири;

**Авторитаризм** – саясий режим, анда коом мамлекетке жана анын башчысына баш ийдирилет, бийлик башында турган адам өзүн-өзү ушул бийликке акылуу деп жарыялайт.

**Кортес** – Испания жана Португалиядагы парламенттин аталышы.

**Декрет** (decretum – токтом, decernere – токтом чыгаруу) – мамлекеттик орган же кызматтагы адамдын укуктук акты, токтому.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Эмне үчүн Италиядагы саясий кризис фашисттердин бийликке келиши менен аяктады? Италян фашизминин негизги жактарын мүнөздө.
2. Б. Муссолини жөнүндө эмнелерди билесиң?
3. Италян фашисттеринин милитаристтик жана агрессиячыл тышкы саясаты эмнелерде көрүндү?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

4. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Испанияда ички социалдык-саясий карама-каршылыктардын күчөшүнө эмне себеп болду? Эмне үчүн Примо де Ривера өкмөттү өзүндө сактап кала албады?

5. Испанияда Элдик фронт өкмөтүнүн кризисине эмнелер себеп болду?

6. Испанияда фалангачылар жеңишинин жана Франко диктатурасынын орнотулушунун себептери эмнеде эле?

### Өз алдынча иш



Картадан Италия колонияга айландырган мамлекеттерди тап жана тарыхый окуя менен байланыштырып мүнөздөмө жаз.



Венн диаграммасынын жардамында Италия жана Испаниянын тышкы саясатындагы жалпылык, айырмалуу жактарды чечмеле жана дептериңе жаз.

## 10-ТЕМА. 1918–1939-ЖЫЛДАРДА ЛАТЫН АМЕРИКАСЫ МАМЛЕКЕТТЕРИ

Түштүк Америкада жана Түндүк Американын түштүк бөлүгүндө жайгашкан мамлекеттер, ошондой эле, Кариб деңизиндеги аралдар Латын Америкасы мамлекеттери деп аталат. Бул ат Европалыктар баскынынан соң жергиликтүү эл латын тилинен келип чыккан испан, португал, француз тилдеринде сүйлөй баштагандыктары үчүн берилген.



**Латын Америкасы элдеринин курамындагы метис жана мулат терминдерине мүнөздөмө бер.**

Бүгүн эл аралык документтерде бул аймак «Латын Америкасы жана Кариб мамлекеттери» деп айтылат.

**1920-жылдарда аймактагы абал.** Биринчи дүйнөлүк согуш Латын Америкасы мамлекеттеринде капитализмдин өнүгүү жараянын дагы да тездетти.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Европадан келе турган товарлар жана капиталдык агым убактылуу азайды. Дүйнө базарында аймактагы мамлекеттерде өндүрүлгөн тамак-аш жана чийки зат продукцияларынын баасы көтөрүлдү. Мисалы, Куба кум шекеринин баасы 11 эсе ашты. Бул капиталдын чогулуусу, жергиликтүү өндүрүштүн өнүгүүсү, экономиканын салыштырмалуу туруктуу көрсөткүчтөр менен өсүшү үчүн шарт жаратты. Агроэкспорт, тоо-кен жана жеңил өнөр-жай тармактары тез өнүктү. Бирок 1920-жылдардын аягына келип экстенсивдүү негизде экономиканы натыйжалуу өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрү түгөнду.



Латын Америкасы мамлекеттери.

1920-жылдары Латын Америкасы мамлекеттери саясий жактан атына гана республика эле. Калктын чоң, айрыкча ири экономикалык жана маданий борборлордон алыста жайгашкан, көп бөлүгү сабатсыз же чала сабат болуп, шайлоолордо катышчу эмес жана демократиялык режим үчүн социалдык негиз боло албайт эле.

1920-жылдардагы либералдык жаңылануу Латын Америкасында бир кыйла бутка турган жергиликтүү буржуазиянын, ошондой эле, элдин кең көлөмдөгү кызыкчылыктарын чагылдырат. Ошондуктан реформачыл өкмөттөр социалдык саясатка чоң маани берди. Аргентинада **Иполито Иригоен** өкмөтүнүн иши бул доордун либералдык-жаңылануу саясатына айкын мисал болушу мүмкүн. Анын өкмөтү улуттук өнөр-жайдын өнүгүүсүн колдоп-кубаттады, мамлекеттин нефть өнөр-жайын калыптандырды. Айылда күчтүү фермерлер катмары калыптанды, ижарачылардын абалы жакшырды. Иригоен 8 сааттык иш күнү жөнүндө мыйзам кабыл алынышына жетишти. Иш акы ашырылды, ишчи жана кызматчылардын чоң бөлүгү үчүн пенсия белгиленди, өспүрүм жана аялдардын эмгеги чектелди. Иригоен Аргентинанын улуттук суверенитетин чечкиндүү коргоду.


Иполито Иригоен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1930-жылдарда Латын Америкасы. Экономикада мамлекеттин ролунун артышы.** 1929–1933-жылдардагы дүйнөлүк экономикалык кризис Латын Америкасы мамлекеттеринде орногон социалдык-экономикалык системалардын терс жактарын, экономиканын тышкы базарга чектен тышкары көз карандылыгынын оор кесепеттерин ачып таштады. Кризис жылдары Латын Америкасы мамлекеттеринин салттуу продукцияларына дүйнө базарында талап азайып кетти. Миңдеген плантациялар, завод жана фабрикалар токтоп калды. Өз кардарын таппаган миллиондогон тонна кофе, дан жана башка айыл-чарба продукциялары жок кылынды. Көптөгөн өндүрүштөр ойрон болду. Жүз миңдеген адамдар ишсиз калды. Эмгекчилер, калктын орто катмарынын жалпы жашоо деңгээли начарлады. Экономикалык кризис аймактагы бийликчил режимдерди коомдогу таянычынан айырды, социалдык туруксуздуктун өсүшүнө, олуттуу саясий өзгөрүүлөргө алып келди. Ошол учурда, ар бир мамлекетте окуялар түрдүүчө өнүктү.

**Латын Америкасы мамлекеттери бул ...**
**1920-жылдардын аягы ...**
**Аргентинада Иполито Иригоен өкмөтүнүн иш-аракети ...**

Мисалы, дал ошондой абал себептүү Аргентинада 1930-жылы аскердик төңкөрүш ишке ашырылып, Иполито Иригоендин экинчи өкмөтү кулатылды, өкмөткө консерватордук топтор кайтты.

Бразилияда тескерисинче, кризис бул жерде бийлик жүргүзүп жаткан «кофе олигархиясынын» позициясын азайтты жана мындан оппозициячыл буржуа-улутчул чөйрөлөр пайдаланып калды. 1930-жылдагы буржуа революциясы олигархия режимин кулатты.

Колумбияда да ошол жылы консерватив олигархия режиминин ордуна либералдык-реформачылар келди. Чили жана Кубада жалпы революциялык кыймылдардын натыйжасында кризистен мурдараак өкмөткө келген диктатордук режимдери кулатып ташталды.

**1929–1933-жылдарда ...** **1930-жылда ...**
**Бразилияда ...** **Колумбияда ...**

Ушундай түрдө, 1930-жылдары Латын Америкасынын саясий картасында көбүнчө бири-бирин алмаштырган түрдүү саясий ре-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

жимдер–башкаруу түрү боюнча диктатордук жана конституциялык, социалдык мазмуну боюнча консервативдик, либералдык-жаңылануу, улутчул жана солчул күчтөр бийлик жүргүзүүнү улантышты.

Бул мезгилде мамлекеттин экономикалык активдешүүсү Латын Америкасында капиталисттик өнүгүү жолунан бир кыйла озуп кеткен Аргентина, Мексика, Бразилия, Чили жана Уругвай сыяктуу мамлекеттер үчүн ылайыктуу жараян болчу. 1930-жылдары Латын Америкасы мамлекеттеринин экономикалык саясатында болгон өзгөрүүлөр жергиликтүү өндүрүштүн өсүшүнө жана улуттук капиталдын күчөшүнө алып келди.



Ишчилер кофени океанга таштташуууда. Бразилия, 1932-жыл.

**Латын Америкасы менен АКШнын мамилеси.** Эки дүйнөлүк согуштар аралыгында Латын Америкасы мамлекеттери үчүн орчундуу көйгөй алардын АКШ менен мамилеси болду. Биринчи дүйнөлүк согуш жылдарында Латын Америкасына Европа мамлекеттеринин көңүл буруусу азайганынан пайдаланган АКШнын капиталы Борбордук жана Түштүк Америкага кирип барды. АКШга каршы маанайдын күчөшүнөн коопсурап жана аймакта өз таасирин арттыруу максатында 1933-жылы АКШ президенти Франклин Рузвельт өз өкмөтүнүн Латын Америкасы мамлекеттерине интервенсия уюштурбастыгын жана башка көрүнүштө бул мамлекеттердин ички иштерине аралашпастыгын жана алар менен «жакшы коңшучулук» мамилелерин орнотушун жарыялады.




**Латын Америкасы мамлекеттеринде 1920-жылдардын аягына келип экстенсивдик негизде экономиканы натыйжалуу өнүктүрүүнүн мүмкүнчүлүктөрү түгөндү.**

**1933-жылда президент Ф.Рузвельт өз өкмөтүнүн Латын Америкасы мамлекеттери менен «жакшы коңшучулук» мамилелерин орнотушун жарыялады.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бул Латын Америкасына салыштырмалуу АКШ саясатынын өзгөргөндүгүн, экспансиянын жумшак формасына өтүлгөндүгүн билдирди жана Америка материги мамлекеттер ортосунда өз ара мамилелердин жакшыланышында оң кадам болду.



**Плантация** – атайын айыл-чарба эгиндери жетиштириле турган чоң чарба.

**Диктатура** – эч кандай чектөөлөрсүз, бийликчил класстын күчүнө таянып иш жүргүзүүчү өкмөт.

**Экспансия** – бир мамлекеттин башка мамлекеттин аймагын жана базарын ээлеп алуу максатында өзүнүн саясий жана экономикалык таасирин жаюуга каратылган саясаты.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Биринчи дүйнөлүк согуш Латын Америкасы мамлекеттеринин өнүгүшүнө кандай таасир көрсөттү?
2. 1920-жылдары Латын Америкасы мамлекеттеринде кандай саясий режимдер калыптанды? Коомдо авторитардык жана диктатордук режимдер үчүн кандай негиздер бар эле?
3. 1920-жылдары Латын Америкасы мамлекеттеринде өткөрүлгөн реформа кандай багыттарда алып барылды? Аргентинадагы И.Иригоендин иш-аракетине баа бер.
4. 1929–1933-жылдардагы дүйнөлүк экономикалык кризис Латын Америкасы мамлекеттерине кандай таасир көрсөттү?
5. 1930-жылдарда АКШнын Латын Америкасы мамлекеттерине салыштырмалуу мамилесинде кандай өзгөрүүлөр болду?

## Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып «Латын Америкасы жана Кариб мамлекеттеринин» аттарын дептериңе жаз жана текстте ошол мамлекеттер менен байланыштуу окуялар бар болсо, чечмеле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Концептуалдык жадыбалдын негизинде Латын Америкасы мамлекеттеринин өнүгүшүндөгү өзүнө мүнөздүү жактарды талда.

## 11-ТЕМА. 1918–1939-ЖЫЛДАРДА ЯПОНИЯ

**Экономикалык жана саясий өнүгүү.** XX кылымдын баштарында Япония дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттерине көз каранды болуп калбаган, салыштырмалуу жогорку деңгээлдеги экономикалык жана аскердик өнүгүүгө жетишкен Азия аймагындагы жалгыз мамлекет эле.

**Япониядагы Мейдзи реформасы качан болуп өттү?**

Биринчи дүйнөлүк согуштун аякташы Японияда бир топ экономикалык көйгөйлөрдү келтирип чыгарды. Бул көйгөйлөр, айрыкча тамак-аш продукцияларынын кымбаттоосу жөнөкөй адамдардын жашоосуна чоң таасирин тийгизди. Натыйжада нааразылык күчөдү.

1920-жылдардын ортолоруна келип мамлекетте өнөр-жай төңкөрүшү болду. 1925-жылы өнөр-жай продукцияларын өндүрүү деңгээли 1919-жылдагы даражасынан ашып кетти. Өндүрүштү концентрациялоо жараяны уланды. Монополисттик капитал калктын айыл-чарбасынын маанилүү багыттарын ээлеп ала баштады. Оор өнөр-жайда «Мицубиси» жана «Сумитомо» концерндери өз позициясын чындап алды.

1929-1933-жылдардагы дүйнөлүк экономикалык кризис япон экономикасына чоң зыян тийгизди: ал тынчтык шартында өнүгүүгө ылайыкташпаган, али өтө күчсүз эле. Иш акынын төмөндүгү себеп ички базар өтө алсыз, тышкы базарда болсо япон продукциялары начар сапатынын айынан башка продукцияларга атаандаш боло албайт болчу.

Япония өкмөтү кризистен чыгуунун жолу катары экономиканы милитаризациялоону жана агрессиячылдыкты тандады. Япония Кытайды, Ыраакы Чыгышты, кийин болсо бүткүл Азияны басып алууну, Тынч океаны бассейнинде өз бийлигин орнотууну пландаштырып жаткан эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Япония.



Гиити Танака.

Ички саясий мамилелер 1920-жылдары жаңы саясий партиялардын пайда болушу, о.э. шайлоочулардын санын акырындап ашырып барган бир топ реформалар менен мүнөздөлөт. 1925-жылдан совет-япон мамилелери жолго коюлуп, бул экономикалык шериктештиктин өнүгүүсүндө жана япон кошуундарын түндүк Сахалинден алып чыгып кетишинде көрүндү. **1920-жылдардын** аягына келип өкмөттө аскер адамдардын ролу күчөдү жана солчул күчтөр куугунтукка алынды. Мамлекетте аскерлер, айрыкча «Жаш офи-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

церлер» деп аталуучу радикалдуу маанайдагы топтордун таасири кескин күчөдү. Алар көп партиялуу парламент системасынан баш тартууну, мамлекетте диктатура орнотууну, тышкы саясий экспансияны күчөтүүнү талап кылышты. Өкмөт башчысы **генерал Гиити Танака** да алардын тарабында болду жана бул 1920-жылдардын аягы – 1930-жылдардын баштарында «Жаш офицерлер» тарабынан бир катар саясий террорлордун ишке ашырылышына жана **1932-жылы майда** козголоң көтөрүлүшүнө да алып келди. Козголоң ийгиликке жетпеди, бирок Япония «Жаш офицерлер» таасири астында баскынчылык жолунан ылдам жүрдү.



**1920-жылдардын ортолору ...**
**“Мицубиси” жана “Сумитомо” ...**
**1925-жылдан ...**
**1932-жылы майда ...**

Японияда калыптанган тоталитардык система өзүнө мүнөздүү авторитардык-монархиялык формага ээ эле. Азияда бийлик жүргүзүү үчүн кең көлөмдүү согуш шартында бул авторитардык-монархиялык режим жаңы сапаттарга ээ болду. Мамлекеттин бийлик чөйрөлөрү «жаңы саясий жана экономикалык система» жаратуу саясатын жарыялады. «Жаңы саясий система» дегенде коомдун үстүнөн аскердик-мамлекеттик бюрократиянын катуу саясий көзөмөлү түшүнүлөт эле.

Ошентип Япониядагы бийликчил режим акырындык менен тоталитардык мүнөзгө ээ болуп барды: парламент демократиясынын белгилери бекер кылынды, экономика толук мамлекеттин көзөмөлүнө өттү, япон улутунун улуулугу жөнүндөгү идеялар режимдин идеологиялык таянычы болуп кызмат кылды, калктын колдоосун камсыздады.

**Тышкы саясат.** Японияда калыптанган милитаристтик-тоталитардык режим анын агрессиячыл тышкы саясатын белгилеп берди. Бул саясат **1931-жылы** Кытайдын Манчжурия провинциясынын басып алынышына жана бул жерде япондор тарабынан Манчжоу-Го куурчак мамлекетинин түзүлүшүнө алып келди. Улуттар Лигасы бул орой баскынчылыкка кескин каршы чыккандыктан Япония 1933-жылы бул уюмдан чыкты. **1936-жылы ноябрда** Япония жана Германия **антикоминтерн пакты** деп аталуучу доку-



Япония кошуундарынын Кытайга бастырып кириши.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ментке кол койду жана 1937-жылы ага Италия да кошулду. Ошентип **«Берлин–Рим–Токио»** үч бурчтугу деп аталуучу агрессиячыл мамлекеттердин союзу пайда болду. 1937-жылдын жайында япондор Кытайга каршы кең көлөмдөгү согуш аракеттерин баштап жиберди. **1938-жылы** генерал Фумимаро Коноэнин өкмөтү мамлекеттин милдети Чыгыш Азияда жаңы тартипти орнотуу экендигин жарыялады.



**«Жаңы саясий режим»...**
**1936-жылы ноябрда...**
**1931-жыл...**
**«Берлин–Рим–Токио»...**

**1938-жылдын июль-август** айларында СССРдин Ыраакы Чыгыштагы Хасан көлүнүн айланасында совет-япон чек ара жаңжалы кең көлөмдүү согуш аракеттерине айланып кетти. Айыгышкан салгылашуулардан соң япондор СССР аймагынан кууп чыгарылды. 1939-жылы майда япондор Халхин-Гол дарыясынын жанында Монголиянын аймагына бастырып кирди. Советтик кошуундар моңолдорго жардамга келди. 1939-жылы сентябрга чейин улантылган согуш көлөмү боюнча Хасан көлүнүн айланасындагы салгылашуулардан кыйла чоң эле. Бул согуш да япондордун жеңилүүсү менен аяктады. Ошондон соң, **1941-жылы 5-апрелде,** Япония СССР менен нейтралитет жөнүндө пактка кол койду.



**Милитаризация**–коомдун экономикалык, саясий жана социалдык турмушун аскердик максаттарга баш ийдирүү.

**Бюрократия**–калктан бөлүнүп калган, бийликчил топтун кызыкчылыктарын коргоочу административдик башкаруу режими.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Биринчи дүйнөлүк согуш Япония үчүн кандай натыйжалар менен аяктады?
2. Япониядагы «Жаш офицерлер» козголоңу саясий режим жана тышкы саясатта кандай өзгөрүүлөргө алып келди?
3. Япониядагы тоталитардык режимдин өзүнө мүнөздүү жактары эмнелерден турат?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

4. Биринчи дүйнөлүк согуш Японияның экономикалык өнүгүүсүнө, согуштан кийинки экономикалык кризиске жана 1920-жылдардын ортолорундагы өнөр-жай төңкөрүшүнө кандай таасир көрсөттү?

5. Эмне үчүн Япония тышкы саясатта агрессиячылдык саясат жана Европадагы фашисттик мамлекеттер менен жакындашуу жолунан барды?

### Өз алдынча иш



Картадан Японияның Кытайга кошуун киргизүү багытын аныкта жана түшүндүрмө жаз.



Интернет каражатында Японияга виртуалдык саякат уюштур жана темада үйрөнүлгөн материалдардын негизинде тарыхый окуяларды чечмеле.

## 12-ТЕМА. 1918–1939-ЖЫЛДАРДА КЫТАЙ ЖАНА ИНДИЯ

**Кытай.** Биринчи дүйнөлүк согуш жылдарында Кытай иш жүзүндө Японияга толук көз каранды болуп калды.

**1919-жылы** Париж конференциясында Кытай өз талаптары менен катышты. Бул талаптар япон кошуундары тарабынан Кытай аймагын басып алууну токтотуу, Шаньдун аралын бошотуу, Кытайдын суверенитетин жана аймактык бүтүндүгүн таануудан турган. Талаптар Кытай мурда Батыш мамлекеттери менен кол коюуга мажбур болгон келишимдердин да бекер кылынышын көздө туткан эле. Батыш мамлекеттери буга ыраазы болбоду жана Кытайга расмий түрдө каршылык жообу берилди.



**“Ихетуан” козголоңу качан болуп өткөн жана ал кандай ураандын астында көтөрүлгөн эле?**

Мындан кыжырланган кытайлык студенттер **1919-жылы 4-майда** Пекинде демонстрация баштады. Студенттердин кыймылы бүткүл Кытайды солкулдатты жана өтө чоң оң натыйжаларга алып келди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Сун Ятсен.

**1920-жылы июлда** Пекиндеги өкмөт кулатылып, бийликке Улуу Британия жана АКШ тарабынан колдоп-куббатталган **У Пейфу** келди. Натыйжада 1921–1922-жылдары Вашингтондо болуп өткөн конференцияда бардык катышуучу мамлекеттер Кытайдын суверенитети жана аймактык бүтүндүгүн кепилдешти. Жекеленип калган Япония Шаньдун облусун Кытайга кайтарууга мажбур болду. Жалпысынан конференция Кытайдын эл аралык абройу ашып жатканынан кабар берген.




**Кытай жана Индия.**

Кытай революциясын уюштурууда **Сун Ятсен**дин ролу теңдешсиз. 1921-жылы ал Кытай Республикасынын президенти кызматына шайланды. Бирок мамлекеттин түндүгү жана чет мамлекеттер Сун Ятсендин өкмөтүн таанышпады. **1925-жылы мартта** Сун Ятсен каза болгондон соң мамлекетти тынч жол менен бириктирүү мүмкүнчүлүгү жокко чыкты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1920-жылдардагы «Улуу улуттук революция».** 1925-жылы жазда шанхайлык буржуазия, студенттер жана ишчилердин өкүлдөрү мамлекеттеги англичандарга каршы кыймыл башташты. Кыймылга студенттердин тынч демонстрациясынын англис полициячылары тарабынан окко тутулушу себеп болду. Бул патриоттук кыймыл **«30-май кыймылы»** аталышын алды жана Кытайдын суверенитетин тикелөө урааны астында өттү. Революцияга **Гоминьдан** партиясы (Улуттук партия) башчылык кылды. 1926-жылы генерал **Чан Кайши** башчылыгындагы гоминьдан улуттук өкмөтү Улуттук революциялык армиянын Түндүккө жүрүшү башталды. Бул жүрүш маалында Борбордук Кытайдын көптөгөн провинциялары, атап айтсак, Ухань, Нанькин, Наньчан, Шанхай сыяктуу ири шаарлары гоминьданчылардын колуна өттү.



Чан Кайши.



**1919-жыл 4-май ...** **1920-жыл июлда ...**
**1925-жыл мартта ...** **«30-май кыймылы» ...**

Ошол мезгилде гоминьданчылар менен коммунисттердин ортосунда бөлүнүү болду. Мамлекетте реалдуу өкмөттү колго алган гоминьданчылар революция бүттү деп эсептешкен, ал эми коммунисттер болсо Кытайда социализм куруу планын илгери сүрдү. Алар 1931-жылы Кытай Советтик Республикасын жарыялашты жана Мао Цзедун анын төр агасы кылып шайланды. Гоминьдан менен коммунисттердин ортосундагы күрөш жыйырма жылга созулган жарандар согушуна айланып кетти.

**Япония баскыны.** Япондор 1931-жылы сентябрда Кытайга таандык Манчжурияга бастырып кирди, бир күндө бардык ири шаарларын ээледи. Бул аймакты коргогон Гоминьдан армиясы мамлекеттин ичине сүрүп жиберилди. Чан Кайши өкмөтү Япониянын үстүнөн арызданып Улуттар Лигасына кайрылды, бирок эл аралык коомчулук анчалык көп көңүл бурбады. Бир да ири мамлекет Япония менен жаңжалдашууну каалабады.

1932-жылы 1-мартта япондор Манчжурияда Манчжоу-Го мамлекети түзүлгөндүгүн жарыялады.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1919-жылы 4-майда кытайлык студенттер Пекинде демонстрация башташты.**

**1921-жылда Сун Ятсен Кытай Республикасынын президенти кызматына шайланды.**

**1926-жылда генерал Чан Кайши башчылыгындагы Гоминьдан улуттук өкмөтү Улуттук революциялык армиянын Түндүккө болгон жүрүшүн баштады.**

**Индия.** Англичандардын колониалдык бийлиги Биринчи дүйнөлүк согуш жылдарында Индияга өзүн өзү башкаруу укугун убада кылган эле. Бирок индия элинин үмүтү ишке ашпады, Индиянын статусу өзгөрбөдү. Бул абал колониалисттерге каршы күрөштүн жаңы доорун баштап берди.

**Индия Улуттук Конгресси качан түзүлгөн эле?**


Махатма Ганди.

Шаарларда заманбап маданият жана өнөр-жай тез өнүгүп жаткан болсо да, индия айылдарында каста системасы, уруулук жана катмарларга бөлүү өкүм сүрүп жаткан эле. Ошого карабастан, дүйнөлүк согуштар аралыгында Индия улуттук-боштондук кыймылынын негизги күчүн индия дыйкандары түздү. 1920-1940-жылдардагы индиялыктардын зордукчулдуксуз жалпы чыгууларын уюштурууда индия элинин улуу перзенти **Махатма Гандинин** ролу теңдешсиз болду. Дүйнөлүк согуштар аралыгында Ганди Индия Улуттук конгресси (ИУК) партиясынын идеялык башчысы, элдик кыймылдын жетекчисине айланды. Ал иштеп чыккан зордукчулдуксуз каршылык көрсөтүү тактикасы куралдуу кагылышуулардан, миллиондогон адамдарды өлүмдөн сактап калды.

Улуттук-боштондук күрөштүн, зордукчулдуксуз каршылык көрсөтүүнүн гандизм деп аталган бул усулу Индиянын салттарын жана дыйкандардын психологиясын терең билүүгө негизделген. Бул усулда сабыр-такаат жана наразылык, консерватизм жана революциячылык сонун түрдө ширелишип кеткен эле. Гандизм дыйкандарды, кол өнөрчүлөрдү, улуттук буржуазияны бириктирди жана кан



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

төгүлө турган куралдуу күрөштөрсүз колониячылардын Индияны бошотуусун талап кылды.



Индия ак сөөгүнүн үй-бүлөсү. 1930-жылдар.



**1920–1940-жылдарда ... Махатма Ганди ...**
**Гандизм ... Индия Улуттук Конгресси ...**

1939-жылы Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышы жана Улуу Британиянын Германияга согуш жарыялашы менен Индия вице-королу мамлекетти согуштук кырдаалда деп жарыялады.




**1920–1940-жылдардагы индиялыктардын зордук-чулдуксуз жалпы чыгууларын уюштурууда индия элинин улуу перзенти Махатма Гандинин ролу теңдешсиз болду.**

**1939-жылы Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышы жана Улуу Британиянын Германияга согуш жарыялашы менен Индия вице-королу мамлекетти согуштук кырдаалда деп жарыялады.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Суверенитет** – мамлекеттин ички иштер жана тышкы саясаттагы толук эгемендүүлүгү.

**Провинция** – кээ бир мамлекеттердеги административдик бирдик, бизче облус.

**Консерватизм** – салттык баалуулуктар, үрп-адаттар, социалдык жана диний тартиптердин жактоочусу болгон саясий агым.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Биринчи дүйнөлүк согуштан соң Кытайда башталган студенттердин кыймылынын себептери эмнеде эле жана ал кандай натыйжаларга алып келди?
2. 1920-жылдардагы «Улуу улуттук революциянын» мүнөзү жана өзүнө мүнөздүү жактарын айтып бер.
3. Кытайдагы жарандар согушунун себептери эмнеде эле? Эмне үчүн XX кылымдын биринчи жарымындагы Кытай тарыхы – токтоосуз согуштар доору болду?
4. Биринчи дүйнөлүк согуштан соң Индияда колониячылыкка каршы күрөштүн жаңы доорунун башталышына эмне себеп болду?
5. Зордукчулдуксуз эгемендүүлүк үчүн күрөш жана колония өкмөтү менен шериктештик кылбастык кыймылы артынан кандай натыйжаларга жетишилди?
6. ИУК Индия эгемендүүлүгү үчүн күрөштө кандай багытты карманды?

## Өз алдынча иш



Картадан 1918 – 1939 жылдарда Кытай тарыхында негизги орунду ээлеген облустарды тап жана түшүндүр.



Махатма Ганди тарабынан айтылган төмөнкү пикирди чечмеле жана ал кандай жагдайга карата мамиле билдиргенин түшүндүр: «Мен үйүмдүн дарбаза жана эшиктерин бекем жаап отура албаймын. Себеби ага таза аба кирип турушу керек. Ошону менен эле бирге эшик жана терезелеримден кирип жаткан аба бороон болуп, үйүмдү тозутуп, өзүмдү кулатып жиберишин да каалабаймын».



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## 13-ТЕМА. 1918–1939-ЖЫЛДАРДА ТҮРКИЯ ЖАНА ИРАН

Осмон империясы Германия жана анын союздаштарынын катарында туруп Биринчи дүйнөлүк согушта катышты жана жеңилди. Империянын аймагы оккупацияланды. Антанта мамлекеттери Осмон империясына таандык жерлерди бөлүп алуу планын түзө башташты. Империянын өзүнүн аймагынан сырттагы бардык жерлери аннекцияланды жана 1919-жылы Париж конференциясынын токтомуна ылайык Улуттар Лигасынын мандатына өттү. Батыш мамлекеттери Түркиянын өз аймагына да көз арта башташты. 1920-жылдагы Севр келишимине ылайык Түркиянын аймагы бир топ Европа мамлекеттеринин ортосунда бөлүп алынышы көздө тутулду. Алардын эч уятсыз бул аракети түрк элинин кыжырын келтирди. Мамлекетте каршылык кыймылы башталды. Кыймылга **генерал Мустафа Камал паша** жетекчилик кылды.



**Селжуктар мамлекети кайсы аймактарды өз ичине алат?**

Батыш мамлекеттери тарабынан колдоп-кубатталган Греция армиясы Түркия аймагына киргизилди. Ошентип Түркия-Греция согушу башталды. Узакка созулган кармаштардан соң **1922-жылы октябрга** келип М.Камал кошуундары бүткүл Түркия аймагын азат кылды.



Мустафа Камал Ататүрк.

**1922-жыл 1-ноябрь** күнү Түркия Улуу Улут жыйыны султан өкмөтүн бекер кылуу жөнүндөгү токтом кабыл алды. Султан Мехмет VI тактыдан оодарылды жана мамлекеттен кетти. **1923-жылы Лозаннада** Улуу Британия, Франция жана башка бир топ мамлекеттер менен М.Камал өкмөтү кол койгон жыйынтыктоочу келишимге ылайык, Түркия өз суверенитети жана аймактык бүтүндүгүн сактап калды.

**1923-жыл 29-октябрда** Түркия республика деп жарыяланды, М.Камал анын президенти болуп шайланды. Мамлекетте алысты көздөп ишке ашырылган реформалар башталды.

Реформалардын башкы максаты – мамлекетти модернизациялоо деп жарыяланды. Бул Европа цивилизациясынын бардык өнүгүүнү жактоочу жактарын кабыл алуу жана аларды Түркиянын шартына ылайыкташтырууну билдирген. Реформалардын биринчи принци-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

би светтүүлүк (динге негизделбеген башкаруу), динди мамлекеттен ажыратуу болду. Араб алфавитинен баш тартып, латын алфавити киргизилди. Европача фамилия киргизилип, Улуу улут жыйыны М.Камалга расмий түрдө **«Ататүрк»** (түрктөрдүн атасы) деген даражаны берди.




1920-жылдагы Севр келишимине ылайык Түркиянын бөлүштүрүлүшү.

1920-жылдары экономикалык саясаттын негизги багыты чет элдик мүлк ээлеринен өнөр-жай ишканаларын, инфракурулма объекттерин, темир жолдорун сатып алуу, улуттук өнөр-жайды жаратууну түздү.



**1922-жыл 1-ноябрь...**
**«Ататүрк»...**
**1922-жыл октябрь...**
**1923-жыл 29-октябрь...**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Тышкы саясат.** Ататүрк тышкы саясатынын негизги милдети Түркиянын эл аралык аброюн ашырууга каратылды. **1932-жылы** Улуттар Лигасына мүчө болгон Түркия бардык мамлекеттер менен достук мамилелерин орнотууга аракет кылды.

М.Камал Германия менен мамилелерге өзгөчө көңүл бурду. Түркия тышкы соодасынын жарымынан көбүрөөгү Германиянын үлүшүнө туура келчү. **1941-жылы** Германия менен достук келишимине кол коюлду. Түркия Экинчи дүйнөлүк согушта расмий түрдө бейтарап калган болсо да, бийлик чөйрөлөрүнүн көп бөлүгү Германияга көңүлкош эмес эле.

**Иран.** 1918-жыл августка келип англис кошуундары бүткүл Иранды өз көзөмөлүнө алды. 1919-жылы кол коюлган Англия-Иран келишимине ылайык Иран иш жүзүндө Улуу Британиянын протекторатына айланды. Бул ирандыктардын кыжырын келтирди. Бүткүл мамлекетте тартипсиздик жана козголоңдор башталып кетти. Окуяларга армия аралашып, 1921-жылы февралда казактар полкунун жетекчиси полковник Ризахан өкмөттү кулатты. **1925-жылы декабрда** чакырылган Уюштуруу кеңеши Ризаханды **Пахлавийлер династиясынын** шахы деп жарыялады.



**Түркмөнчай келишимине качан кол коюлган жана анын маңызы эмнеден турат?**

М. Камалдан өрнөк алып шах Иранда 1928-жылдан европача кийим кийүүнү киргизди, феодалдык чин жана кайрылуу түрлөрү бекер кылынды, фамилия механизми киргизилди. **1935-жылдан** мамлекеттин аты өзгөртүлдү: мурдагы Фарстын ордуна **Иран** деп атала турган болду. Кыз-келиндердин укуктары жөнүндө мыйзам кабыл алынды, алар мектептерде, жогорку окуу жайларында окуу, мамлекеттик ишканаларда иштөө укугуна ээ болду. 1935-жылы паранжа ороп жүрүүнү бекер кылуу жөнүндөгү мыйзам кабыл алынды.

Билим берүү багытында чоң өзгөрүүлөр болду. 1927–1934-жылдардагы реформалар доорунда акысыз милдеттүү башталгыч билим берүү жана акчалуу орто жана жогорку билим берүү жөнүндөгү мыйзамдар кабыл алынды. Жаңы мектептер курулуп, окуучулардын саны бир нече эсе көбөйдү. Жогорку окуу жайларынын бүтүндөй системасы жаратылды, атап айтсак, Тегеран универси-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Иран. 1930-жылдарда.

тети ачылды. Жүздөгөн ирандык жаштар жылына чет өлкөлөргө, дүйнөнүн эң жакшы университеттерине окууга жөнөтүлдү.

Агрардык саясатта Риза шах кескин өзгөрүүлөр кылбады. Уруу башчылары жана башка жер ээлеринен жер-мүлктөрү, атап айтсак, вакф жерлери тартып алынып, кызматчы жана офицерлерге бөлүп берилди. Бирок дыйкандардын абалы өзгөрбөдү, алар мурдагыдай өтө жогору ижара акы төлөй берди.



**1928-жылда ...**
**Тегеран университети ...**

**1935-жылда ...**
**1927–1934-жылдарда ...**

Өкмөт өнөр-жай секторунун өнүгүүсүн да колдоду. Мамлекетке машина жана станокторду лицензиясыз алып келүүгө уруксат берилди, бажы салыгына жеңилдиктер берилди. Мамлекетте англичандардын таасирин азайтуу максатында шах Германия менен шериктештикти күчөттү. Иранга көптөгөн немис адистери жана техникасы кирип келди.

**Тышкы саясат.** Шахтын тышкы саясаты СССР менен Батыш мамлекеттеринин ортосундагы карама-каршылыктарды эсепке алып, чебердик менен өз кызыкчылыктарын сактап калууга каратылды.




**1923-жылы 29-октябрда Түркия Республика деп жарыяланды.**

**1922-жылы октябрга келип М. Камалдын кошуундары бүткүл Түркия аймагын азат кылды.**


**Иранда 1927-1934-жылдардагы реформалар доорунда акысыз милдеттүү башталгыч билим берүү жана акчалуу орто жана жогорку билим берүү жөнүндөгү мыйзамдар кабыл алынды.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

СССР Экинчи дүйнөлүк согушка кошулгандан соң 1941-жылы августта совет жана англис кошуундары Иранга киргизилди. Такка келген Мухаммад Риза Пахлавий 1942-жылы СССР жана Улуу Британия менен келишимге кол койду. Бүткүл мамлекеттин аймагы согуш учурунда советтер менен англичандардын колуна өттү.



**Аннекция** – бир мамлекеттин аймагын же бир бөлүгүн башка бир мамлекетке зордук менен кошуп алынышы.

**Модернизация** – өндүрүш, техника, технологиялык жараяндарды заманбап талаптарга ылайыктоо, жаңылоо.

**Инфратүзүлүш** – коом жана анын кандайдыр бир тармагынын ишин камсыздоочу мекеме, башкаруу системасы, маалымат каражаттары жана ушул сыяктуулардын комплекси.

**Полк** – аскердик бөлүк.

**Паранжа** – бир топ мусулман өлкөлөрүндө аялдар жамынып жүрө турган диний кийим.

**Сектор** – экономиканын жалпы мүнөздөмөсү, максаттары жана милдеттери бири-бирине жакын багыттардан турган ири бөлүгү.

**Лицензия** – белгилүү бир мөөнөткө белгиленген ишмердик түрү менен алектенүүгө бериле турган укукту тастыктоочу расмий документ.

### Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Биринчи дүйнөлүк согуштун аякташы Түркия үчүн кандай кесепеттерге алып келди?
2. Мустафа Камалдын өкмөткө келиши Түркиянын тарыхый тагдырында кандай роль ойноду?
3. Мустафа Камал Ататүрктүн реформаларынын негизги максаты эмнеден турат? Ататүрк тышкы саясатында кандай негизги максаттарды көздөп аракет кылды?
4. Шах Риза Пахлавийдин реформалары Иранды заманбап мамлекетке айландырууда кандай роль ойноду?
5. Ирандын тышкы саясатында СССР менен мамилелери кандай орунду ээлейт?
6. Түркия жана Иранда жасалган реформалар жөнүндө айтып бер.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып 1918–1939-жылдарда Түркия жана Ирандын тарыхындагы окуялардын хронологиясын түз.



Түркия жана Иранда жасалган реформалар менен 1930-жылдары Өзбекстанда жасалган реформаларды салыштыр. Окшош жана айырмалуу жактарын Венн диаграммасында чагылдыр.

## 14-ТЕМА. 1918-1939-ЖЫЛДАРДА АФРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

Африка материгин кең мааниде эки аймакка бөлүү мүмкүн: Түндүк жана Тропикалык Африка. Африка материгинин түндүк бөлүгү араб-ислам цивилизациясынын бир бөлүгүнө айланды. Бул аймак дайыма Жакынкы Чыгышка умтулуп жашайт жана ошону менен бирге Африканын калган бөлүгүнөн айырмаланат. Түндүк Африкада Египет, Алжир, Тунис, Марокко, Ливия жайгашкан.



**Африкада жайгашкан кайсы байыркы мамлекеттерди билесиң?**

**Египет.** 1922-жылы Улуу Британия Египеттин үстүнөн өз протекторатын бекер кылып, анын толук эгемендүүлүгүн тааныды. **1923-жылы** кабыл алынган конституцияга ылайык Египет монархия деп жарыяланды.

**1941-жылы** Египеттин аймагына Германия жана Италиянын кошуундары киргизилди.

**Алжир, Тунис жана Марокко** Франциянын колониялары болуп, Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин да ошол абал сакталып калды. Дүйнөлүк согуштар аралыгында Алжирде – Фархад Аббас, Туниске – Хабиб Бургиба, Мароккодо – Абдул Карим башчылыгында улуттук-боштондук кыймылдары күчөдү. Бул кыймылдар жеңбеген болсо да, аймактагы араб элдеринин улуттук жана саясий аң-сезиминин өсүүсүндө чоң роль ойноду.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Түндүк Африка жана Жакынкы Чыгыштын картасы.

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында көптөгөн мусулмандар Францияны колдоп-кубаттады, француз армиясынын катарына кирди. 1940-жылы Франция жеңилгенден соң Алжир жана Тунис Германия жана Италиянын чийки зат базасына айландырылды.

**Ливия.** Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин Италия Ливияга көп миң сандуу кошуун киргизди. Ливия каршылык кыймылы отряддары Италия кошуундарына каршы күрөш жүргүздү. **1931-жылы** каршылык кыймылы бастырылып, анын жетекчилери өлтүрүлдү. Ливия Италиянын колониясына айландырылды.

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдары Италия Ливиянын ыңгайлуу стратегиялык жайгашуусунан пайдаланды: порттор, аэродромдор, жолдор курулду. Мамлекеттин аймагы согуш аракеттери аянтына айланды.



**1922-жылы февралда ... 1931-жылы Ливияда ...**
**Улуттук-боштондук кыймылдарынын жетекчилери ...**

**Тропикалык Африка.** Жакынга чейин көпчүлүк европалыктар Африканын тарыхын менсинбей, бул тарых таптакыр болбогон деп эсептешчү. XX кылымдын башына чейин Африканын тарыхы Европалыктардын оюнда болгону кул соодасы жана экономикалык талоончулук менен байланышкан болчу. **1926-жылы** Улуттар Лигасы тарабынан кабыл алынган **«Кулдук жөнүндөгү»** конвенцияда кулдук жана кул соодасына түшүндүрмө берилип, алар каралаңды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Африканын Европа мамлекеттери тарабынан бөлүп алынышы.

Биринчи дүйнөлүк согуштан соң Африканын түштүк жана борбордук бөлүгүндө жайгашкан аймактар Улуу Британияга таандык болуп, анын колонияларында Африканын жалпы калкынын жарымынан көбү жашачу.

Франция Африка материгинин чоң аймагын ээлеп алган болсо да, Франция колонияларынын негизги бөлүгү Батыш жана Экваториалдык Африкада жайгашкан жана бир кыйла бөлүгү Сахарага (Саҳрои Кабир) туура келчү.

Калган аймактарды Бельгия, Португалия, Испания жана Италия өз ара бөлүшүп алган эле.

**Африкада метрополиялар саясатынын өзүнө мүнөздүү жактары.** Биринчи дүйнөлүк согуштан соң Африкада инфратүзүлүш объ-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

екттери: темир жолдор, порттор, байланыш системасы, ошондой эле, европа тибиндеги административдик мекемелер, мектептер, оорукана-лар курулду. Миссионерлик иши аркылуу христиан дини тарады. Натыйжада Африканы модернизациялоо үчүн аракеттер пайда болду, салттуу коомго европача элементтер кирип барды.

Экономикада калктын чоң бөлүгү мурдагыдай салттуу усулда жашоо менен алек эле, айыл чарбасы байыркы усулда алып барыл-чу, элдин бир бөлүгү кол өнөрчүлүк, аңчылык менен алек болуп, туруктуу эмгектенүү тажрыйбасына ээ эмес эле.

Социалдык багытта эски режим (чоң үй-бүлө, урук, жамаат, уруу), уруу жана жамаат башчыларынын эски иерархиясы, урук-тар менен уруулардын ортосундагы мамилелердин татаал системасы, кулчулук сакталып калды. Коомдо жергиликтүү табып жана кечил-дердин оброю али да өтө жогору эле.

Саясий багытта, атүгүл, жаңы саясий институттар пайда болгон жер-лерде да алар эски саясий системанын негизине курулду, аларда уруу башчылары, кечилдерде жана ушул сыяктуулар негизги роль ойноду.

Маданий тармактагы ийгиликтер көбүнчө сырткы көрүнүшүнөн гана болчу: христиандык расмийлик үчүн кабыл алынды, жергиликтүү калктын аң-сезими жана мүнөзүндө мурдагыдай салттуу маданият жана байыркы түшүнүктөр басымдуу болуп кала берди.



**1926-жылда ...** **1940-жылда ...**
**Африкада инфратүзүлүш объекттери ...**

**1920-жылы** Африкада биринчи саясий пар-тия – Африка Улуттук конгресси (АУК) түзүлдү. Ошондон кийин материктин бардык аймактарын-да партиялар жана профсоюздарга окшогон иш-каналар пайда болгон.

Африка элдеринин саясий активдешүүсүндө Панафрика конгресстери чоң роль ойноду. Пан-африка кыймылы жергиликтүү калктын расалык кемсинтилүүсүн токтотуу, денени жазалоо жана милдеттүү эмгекти бекер кылуу сыяктуу талаптар-ды илгери сүрдү. Бул учурда панафрика кыймы-лынын көрүнүктүү ишмерлери, панафриканизмдин «аталары» Уилям Дюбуа жана Маркус Гарви эле.



Уилям Дюбуа.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**1926-жылы Улуттар Лигасы тарабынан «Кулдук жөнүндө» конвенция кабыл алынды.**

**1920-жылы Африка Улуттук конгресси (АУК) түзүлдү.**



Маркус Гарви.

1930-жылдардын экинчи жарымынан Африкада экономикалык өнүгүү темптери тездешти. Бул учурда жергиликтүү калкты милдеттүү эмгекке тартуу жолго коюлду.

1939-жылы Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышы менен Африка согуш катышуучуларынын пландарында маанилүү стратегиялык мааниге ээ болду. Жүз миңдеген африкалыктар Түндүк Африка, Батыш Европа жана башка аймактардагы согуш аракеттеринде катышты. Африкалыктардан түзүлгөн улуттук аскердик бөлүктөр кийинчерээк эгемендүүлүк үчүн күрөштө маанилүү роль ойноду.



**Цивилизация**–социалдык өнүгүү жана материалдык маданияттын деңгээлинин белгилүү бир социалдык-саясий системага мүнөздүү болгон баскычы.

**Конвенция**–өзүнчө бир маселе боюнча эл аралык келишимдин түрү.

**Миссионерлик**–башка дин өкүлдөрү арасында христиан дининин үгүттөөгө багытталган ишмердүүлүк.

**Иерархия**–ылдыйдан жогоруга карап мансап тепкичи боюнча баш ийүү тартиби.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. XX кылымдын баштарындагы Африка элдеринин тарыхы жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. 1926-жылы Улуттар Лигасы тарабынан кандай мазмундагы конвенция кабыл алынган?
3. Биринчи дүйнөлүк согуш учурунда Африка материги негизинен кайсы мамлекеттердин ортосунда бөлүп алынган эле?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

4. Европалыктардын кирип келиши менен Африкада модернизацияло тенденцияларынын пайда болушу эмнелерде көрүндү?

5. Элдин арасында салттуулук калдыктарынын күчтүүлүгү экономикалык, социалдык жана саясий багыттарда кандайча көрүндү?

6. Африка Улуттук конгресси жана Панафрика кыймылы жөнүндө эмнелерди билесиң?

### Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып, Африканын Европа мамлекеттери тарабынан басып алынышын талда жана маалыматтарды дептериңе жаз.



Теманын текстин окуу жараянында сага тааныш эмес болгон сөздөрдү дептериңе жаз жана сөздүктөрдүн жардамында түшүндүрмөлөрдү чечмеле.

## 15–16-ТЕМАЛАР. ЭКИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШ ЖАНА АНЫН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ

**Германияда фашисттердин бийликке келиши жана эл аралык мамилелер.** 1933-жылы январда Германияда А.Гитлер башчылыгындагы улуттук-социалисттик ишчилер партиясы бийликке келди. Ал Германиянын Биринчи дүйнөлүк согуштагы жеңилүүсү үчүн өч алууну өз алдына максат кылып койгон согушчул партия эле.



**Биринчи жана экинчи дүйнөлүк согуштарды келтирип чыгарган жалпы жактар эмнелерден турат?**

**1938-жылдагы Мюнхен келишими.** Австрия аншлюс кылынгандан соң Германия Чехословакияны басып алууга даярдана баштады. Чехословакиянын Судет облусунун калкынын көпчүлүгүн немис улутуна таандык адамдар түзчү. Гитлер бул облустун Чехословакиядан алынып, Германияга берилишин талап кылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Улуу Британия менен Франциянын кысымы астында Чехословакия өкмөтү Германиянын талабын аткарууга мажбур болду. Чехословакиянын капитуляциясы **1938-жылы 29-сентябда** Мюнхенде расмийлештирилди.



Европа мамлекеттеринин чек аралары. 1939-жыл 1-сентябрь абалы.

Мюнхен келишиминен кийин эки фронтто согуш алып барууну каалабаган СССР менен Германиянын кызыкчылыктары убактылуу төп келди. Бул **1939-жылы 23-августта** 10 жылдык мөөнөткө өз ара согушпоо жөнүндөгү Совет-Герман пактына (Молотов–Риббентроп пакты) кол коюуга алып келди.

**Экинчи дүйнөлүк согуштун башталышы.** **1939-жылы 1-сентябрда** Германиянын Польшага бастырып кириши менен Экинчи



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

дүйнөлүк согуш башталды жана **1945-жылы 2-сентябрга чейин** уланды. Польшага жардам берүүнү убадалаган Улуу Британия менен Франция 3-сентябрда Германияга согуш жарыялады.

Советтик жетекчилер учурдан пайдаланып калды. **1939-жылы 17-сентябрда** Польшага совет кошуундары киргизилди. Германия менен СССРдин ортосунда достук келишимине кол коюлуп, анда Польша мамлекети саясий картадан бүткүл өчүрүп ташталды.



Немис бомбардимонунан жашынган совет балдары. 1941-жыл, июль.

**1939–1940-жылдарда** совет-фин согушу болуп өттү. Советтер өтө чоң жоготуулардын эсебине Карелияны Виборг шаары менен бирге СССРдин курамына кошуп алды. Бирок жеңишке бат жетүү жана Финляндияны көз каранды мамлекетке айландыруу планы ишке ашпады. СССР агрессиячыл мамлекет катары Улуттар Лигасы курамынан чыгарылды. **1940-жылы мартта** СССР Финляндия менен тынчтык келишимин түзүүгө мажбур болду.

**1940-жылы сентябрда** Германия, Япония жана Италиянын ортосунда аскердик шериктештик жөнүндөгү келишим–Үчтөр пактына кол коюлду. Тез арада бул пактка Венгрия, Румыния, Словакия жана Болгария да кошулду.

**Германиянын СССРге бастырып кириши.** Германия менен СССРдин ортосундагы согуш айкын болуп, Батыш Европанын ээленишин Гитлер өзүнүн негизги планы–Чыгышка жүрүш үчүн даярдык катары карап жаткан эле. Гитлер СССРди тездик менен талкалоону көздө туткан «Барбаросса» планын тастыктады.

**1941-жылы 22-июнда** Германия СССРге бастырып кирди. Германия чабуулунун СССР үчүн күтүүсүздүгү И.Сталиндин эң чоң каталарынан бири болду.



Антигитлердик коалиция. Согуш учурундагы плакат.

Согуштун күтүлбөгөндө башталышы совет авиациясынын чоң бөлүгү абага көтөрүлүүгө үлгүрбөстөн аэро-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

порттордо жок кылынуусуна, кошуунду башкаруу жана камсыздоо системасынын изден чыгышына алып келди.



**Экинчи дүйнөлүк согуштун себептери жана шылтоолору ...**

| | |
|---|---|
| **1933-жыл январда ...** | **1938-жыл 29-сентябрь ...** |
| **1939-жыл 23-августта ...** | **1939-жыл 1-сентябрь ...** |
| **1939-1940-жылдар ...** | **1940-жыл мартта ...** |
| **1940-жыл сентябрда ...** | **1941-жылы 22-июнда ...** |

**Антигитлердик коалициянын түзүлүшү.** Германия СССРге чабуул баштаары менен Улуу Британиянын премьер-министри У.Черчилл жана АКШ президенти Ф.Д.Рузвельт советтер менен бир экендигин жарыялады.

1941-жылы августта АКШ жана Улуу Британия согуш учуру жана андан кийинки шериктештик принциптери жөнүндөгү декларацияны – **Атлантикалык хартияга** кол койду. Бул документке кол койгон жактар аймактык жана башка байлыктарды ээлеп алууга умтулбоо, элдердин өз башкаруу түрүн эркин тандоо укугун урматтоо, зордук жолу менен суверенитетинен ажыратылган элдердин өз укуктарын тикелөөгө умтулуусун колдоп-кубаттоо милдетин өз мойнуна алды. **1941-жылы сентябрда** СССР Атлантикалык хартиянын негизги принциптерин кабыл алды.

Тынч океанында Япония баштаган согуштук кыймылдар АКШнын согушка кошулушун жана антигитлердик коалициянын толук калыптанышын тездетти.

**1941-жылы декабрда** АКШнын согушка кошулушу менен антифашисттик коалиция уюштуруу жагынан расмийлештирилди. Коалиция мүчөлөрү жана Үчтөр союзуна каршы согушуп жаткан башка мамлекеттердин өкмөттөрү Декларацияга кол коюшту. Анда душманды жеңүү үчүн бардык мүмкүнчүлүктөрдү багыттоо, сепарат келишим түзбөө милдеттенмелери жүктөлдү, согуштан кийин дүйнөлүк тартип Атлантикалык хартия принциптеринин негизинде орнотулушу белгилеп коюлду.



Фронтко узатуу. Россия.

**Согуштун жүрүшү.** АКШ согушка кошулушу менен антигитлердик коа-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лиция мамлекеттери материалдык жана адамдык ресурстарда сөзсүз үстөмдүккө жетишти. Бирок, согуштун жүрүшүндө дароо эле бурулуш болгон жок. 1941-жылы декабрда немис кошуундары Москва босогосундагы салгылашууда утулду жана согуштагы алгачкы олуттуу жеңилүүгө учурады. Бирок алардын согушчулдук духу али сынбаган эле. **1942-жылы жаз-күзүндө** немис кошуундары Волга дарыясына жана Түндүк Кавказга чыгышты. Африкада Герман-Италян кошуундары дале Египетке кооп салып турган, Япония Малайзия, Бирма, Филиппин, Индонезияны басып алып, япон кошуундары Индия менен Австралиянын босогосуна келип калган эле.

1942-жылы ноябрда совет кошуундары Сталинград босоголорунда каршы чабуулга өтүп, Волгага чыккан Герман кошуундарынын чоң тобун–22 дивизиясын курчап алды жана талкалады. 1943-жылы февралда куршоодогу немис кошуундары багынды.



У. Черчилл, Ф. Рузвельт, И. Сталин. Крым (Ялта) конференциясында. 1945-жыл, февраль (солдон).

Сталинград босоголорундагы жеңилүү Үчтөр союзундагы мамлекеттер үчүн кырсыктуу болду. Германия өзүнүн армиясынын со-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

гуштук жөндөмүн тикелөө үчүн жалпы мобилизация жарыялады. Германиянын запастагы бардык кошуундары Чыгыш фронтко тартылды, натыйжада союздаштар 1943-жылы майда Италян-Герман кошуундарын Африкадан толук кууп чыгууга жетишти.

1944-жылы Советтер Союзу өз аймагын толук бошотту, совет кошуундары Чыгыш Европага кирип келди. 1944-жылы союздаштар Франциянын түндүк-батышына кошуун түшүрүп, Франция жана Бельгияны бошотушту. Согуш Германиянын өз аймактарына жетип келди.

Фашизмге каршы күрөштө Италян-Герман кошуундары тарабынан басып алынган аймактардагы улуттук-мекенчил күчтөр – генерал де Голль башчылыгындагы «Эркин Франция» каршылык кыймылы, **И.Б.Тито** башчылыгындагы Югославиянын азаттык кыймылы чоң роль ойноду.

Согуш жылдары Гитлерчилерге каршы коалиция мамлекеттеринин өз ара мамилелерине таандык негизги маселелер СССР, АКШ жана Улуу Британия лидерлеринин жолугушууларында чечилди. Согуш учурунда ошондой жолугушуулардан үчөө – Тегеранда (1943), Крым (Ялта) да (1945-жыл, февраль), Потсдамда (1945-жыл, июль-август) болуп өттү.

**Германиянын жеңилиши. 1945-жыл 16-апрелден 2-майга чейин** Берлин операциясы ишке ашырылып, бул убакыт ичинде Үчүнчү рейхтин борбору курчап алынды жана штурм менен багындырылды. Рейхстагдын үстүндө советтердин кызыл желеги орнотулду.

1945-жылы 8-майда Жогорку башкы командачынын орун басары Г.К.Жуков Советтер Союзунун атынан Германиянын сөзсүз жеңилгендиги жөнүндөгү актка кол койду. **9-май СССРде «Жеңиш күнү»** деп жарыяланды.

Согуш жылдары СССРдин курамында болгон Өзбекстан да фашизмге каршы күрөштө активдүү катышты. Аскердик кызматка чакырылгандардын бир бөлүгү каза болду, он миңдеген адамдар дайынсыз жоголду, майып болуп кайтышты. Фронтто эрдик көрсөткөн жүздөгөн өзбекстандыктар Советтер Союзунун Баатыры сыйлыгына, орден жана медалдарга татыктуу болушту. Согуш жылдары фронт алды аймактарынан 1 млн. дон ашуун адам Өзбекстанга эвакуацияланды, ошондон 200 миңден ашууну балдар эле. Алар өзбек үй-бүлөлөрүндө башпаанек жана мээрим табышты. Мындан сырткары, СССРдин фронтко жакын аймактарынан жүзгө жакын өнөр-жай ишканалары Өзбекстанга көчүрүп келтирилди. Алар фронт үчүн аскердик продукцияларды жеткирип берди. Согуш жылдары өзбек эли өтө чоң туруктуулуктун үлгүсүн көрсөттү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Атлантикалык хартия ...** **1941-жыл декабрда ...**
**1942-жыл жаз-күздө ...** **1943-жыл май ...**
**1945-жыл 16-апрелден 2-майга чейин ...**
**1945-жыл 8-май ...**

**Япониянын жеңилиши.** **1945-жылы 6-августта** АКШ Япониянын Хиросима жана **9-августта** Нагасаки шаарларына атом бомбаларын таштады. Атом бомбаларынын жарылуусунан негизинен тынч эл курман болду.

1945-жылы Советтер Союзу Японияга каршы согушка кирди. **1945-жылы 2-сентябрда** Япония сөзсүз багынуу жөнүндөгү пактка кол койду. **Экинчи дүйнөлүк согуш аяктады.** Негизин фашисттик Германия, Италия жана милитаристтик Япония түзгөн агрессиячыл мамлекеттердин блогу талкаланды.

**Экинчи дүйнөлүк согуштун кесепеттери.** Экинчи дүйнөлүк согуш дээрлик алты жылга созулду жана адамзатка өтө чоң кырсыктар алып келди. 110 млн. адам согушка тартылды. 60-65 млн. адам каза болду, алардын арасында аскер адамдары менен бирге миллиондогон тынч эл да бар эле.



Фашист кылмышкерлери Нюрнберг сот жараянында.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Бириккен Улуттар Уюмунун түзүлүшү.** Антифашисттик коалиция мамлекеттери согуштан кийинки дүйнөнүн түзүлүшү принциптери жөнүндөгү өз пикирлерин Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) Уставында баяндашты. БУУнун Уставы көптөгөн элдердин күрөшүнүн мазмунуна айланган жана Жер жүзүндөгү бардык элдердин тынчтык жана теңдикте жашоо принциби болгон жалпы адамзаттык баалуулуктарды жарыялады.

**Нюрнберг жана Токио сот жараяндары.** Германиянын Нюрнберг шаарында **1945-жылы ноябрдан 1946-жыл октябрга чейин** фашист жетекчилеринин үстүнөн сот жараяны болуп өттү. Анда Германиянын негизги саясий жана аскердик жетекчилери жазага өкүм кылынды. Трибунал нацисттер партиясынын жетекчилигин, СС, СД сыяктуу согушчул отряддарды жана гестапону (саясий полиция) кылмыштык уюмдар деп жарыялады.

**1946-жылы майдан 1948-жыл ноябрга чейин** Япониянын борбору Токио шаарында япон агрессиясынан жапа чеккен мамлекет өкүлдөрүнөн куралган Эл аралык аскердик трибунал согушта айыптуу деп табылган япон аскердик кылмышкерлеринин үстүнөн өкүм чыгарды.




**1940-жылы сентябрда Германия, Япония жана Италиянын ортосунда аскердик шериктештик жөнүндө келишим – Үчтөр пактына кол коюлду.**

**1945-жылы 2-сентябрда Япониянын сөзсүз багынуу жөнүндөгү пактка кол коюусу менен экинчи дүйнөлүк согуш аяктады.**


**Германиянын Нюрнберг шаарында 1945-жыл ноябрдан 1946-жыл октябрга чейин фашист жетекчилеринин үстүнөн сот жараяны болуп өттү.**

Нюрнберг жана Токио сот жараяндары агрессия, согуштар жана тынчтык менен инсандыкка каршы башка кылмыштарда айыптуу болгон башкы аскердик кылмышкерлердин үстүнөн өткөрүлгөн тарыхта биринчи сот жараяны болду. Агрессияны, аскердик кылмыштарды, тынч элге карата террорду каралаган сот чечимдери башкы аскердик кылмышкерлерди гана жазалап калбастан, эл аралык укуктун да маанилүү булагына айланды. Тарыхта биринчи жолу мамлекет, өкмөт же армия башчысы статусу адамдарды кылмыш жоопкерчилигинен бошотпостугу эл аралык деңгээлде таанылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Капитуляция** – согушуп жаткан жактардын биринин согуш аракеттерин, куралдуу каршылык көрсөтүүнү улантуудан баш тартуусу.

**Коалиция** – жалпы максатка жетүү үчүн айрым адамдар, саясий партиялар, мамлекеттер ортосунда түзүлө турган союз.

**Хартия** – милдеттүү күчкө ээ болбогон эл аралык акттын жалпы эреже жана максаттарын туюнтуучу документ.

**Декларация** – кандайдыр бир маанилүү маалыматтар баяндалган айрым бир расмий документтердин аталышы.

**Дивизия** – ири аскердик бөлүк.

**Эвакуация** – согуш аракеттери болуп жаткан аймактан адам, мекеме, ишкана ж.б. дын согуш жүрбөй жаткан коопсуз аймактарга көчүрүлүшү.

**Гестапо** – мамлекеттик жашыруун полиция; фашисттер Германиясында өзгөчө пикирдегилерге каршы күрөшүү үчүн түзүлгөн күч колдонуучу уюм.

**Трибунал** – өзгөчө учурлардагы, көбүнчө аскердик сот.

**Аншлюс** – кошуп алуу, союз. Австриянын Германиянын курамына кошуп алынуусуна карата колдонулат.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Фашисттик Германиянын жеңилишинде дүйнө мамлекеттеринин орду кандай?
2. СССРдин Японияга каршы согушка кошулушу Экинчи дүйнөлүк согуштун аякташында кандай роль ойноду? Хиросима жана Нагасаки шаарларына ташталган атом бомбалары согуштун бүтүшүнө чечүүчү таасир көрсөттүбү?
3. Экинчи дүйнөлүк согуштун негизги натыйжалары жөнүндө айтып бер.
4. Согуштун натыйжалары андан кийинки он жылдардагы дүйнөнүн өнүгүүсүнүн кандай багытын белгилеп берди?
5. БУУнун түзүлүшү согуштан кийин дүйнөдө тынчтыкты сактоодо кандай роль ойноду?
6. Нюрнберг жана Токио эл аралык сотторунун токтомдору кандай саясий жана тарыхый мааниге ээ болду?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

### Өз алдынча иш

Картадан Экинчи дүйнөлүк согуш башталаары алдындагы Европа мамлекеттеринин аймагына түшүндүрмө жаз.

Өткүр Хашимовдун “Daftar hoshiyasidagi bitiklar” китебинен алынган төмөнкү үзүндүнү оку жана дептериңе тема менен байланыштырып 10 минуттук эссе жаз: “Согушта жеңген жана бактылуу падыша, жеңген жана бактылуу кошуун, жеңген жана бактылуу мамлекет, жеңген жана бактылуу режим болушу мүмкүн. Бирок жеңген жана бактылуу адам болбойт. Анткени, согуш адамды адам өлтүрүүгө мажбур кылат. Ал эми адам өлтүргөн адам эч качан бактылуу болбойт”.

Саид Ахмаддын “Ufq” романынын “Hijron kunlarida” деп аталган бөлүгүн оку жана “Доор менен диалог” темасында дил баян жаз.

## 17-ТЕМА. ЭКИНЧИ ДҮЙНӨЛҮК СОГУШТАН КИЙИНКИ ЭЛ АРАЛЫК МАМИЛЕЛЕР: «СУУК СОГУШТУН» БАШТАЛЫШЫ

Антигитлердик коалиция мүчөлөрү согушта жеңип, адамзаттын цивилизациясы тарыхында жаңы баракты ачышканда, бул баракка эмнелер жазылып, анын мазмуну кандай болоорун али эч ким айта албайт эле. Бирок болгону 30 жылдын ичинде адамзат тарыхындагы эң аянычтуу эки согушка түздөн-түз күбө болгон дүйнө элдерин тынчтыкта жашоо каалосу, тынч өнүгүү тилеги бириктирип турган.

**Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин эл аралык мамилелер кайсы келишимдердин негизинде тартипке салынган эле?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**«Суук согуштун» башталышы.** Дүйнөнү аймактык кайра бөлүштүрүү үчүн алып барылган эки дүйнөлүк согуштан соң дүйнөдөгү күчтөрдүн теңдигинде чоң өзгөрүүлөр болду. Батыштын либералдык-демократиялык мамлекеттери менен СССРдин ортосунда карама-каршылыктар күчөп барды. Согуштан соң АКШ совет-Америка мамилелери тарыхында биринчи жолу СССРге каршы ядролук куралын колдонушу мүмкүндүгү менен коркутту. Отставкада болсо да согуш жылдары чоң аброй арттырган У. Черчилл **1946-жыл мартта** АКШнын Футлон шаарында Вестминстер коллежи угуучуларынын алдында сөзгө чыгып, АКШга «тынчтыкты сүйүүчү элдердин советтик агрессияга» каршы күрөшүнө башчылык кылууну сунуштады. У. Черчилл бул докладында колдонгон «темир көшөгө» сөз айкашы узак убакытка чейин Батыш менен Чыгыштын ортосундагы символикалык чек ара болуп калды.

**1947-жылы июнда** АКШ мамлекетинин катчысы А.Маршалл Европа мамлекеттерине согуштун кесепеттерин жоюуга жардам көрсөтүү идеясын илгери сүрдү. Совет дипломатиясы «Маршалл планын» четке какты. Советтер «Маршалл планы» СССРдин Чыгыш Европадагы таасирине кезектеги кооп, Америка капиталынын Европаны ээлөөгө умтулуусу деп баалады. Окуялардын кийинки өнүгүүсү бул баа анчалык туура эмес экенин көрсөттү. Европанын эки топко, бир жактан, «Маршалл планын» кабыл алган жана АКШ менен жакындашуу жолун тандаган мамлекеттер, экинчи жактан, өнүгүүнүн социалисттик жолун жана СССР менен шериктештикти тандаган мамлекеттерге бөлүнүүсү кыйла узакка созулган карама-каршылыкты баштап берди. Европа материгинде, кийин болсо бүткүл дүйнө бойлоп бири-бирине карама-каршы турган аскердик-саясий жана экономикалык союздардын системасы калыптанды. Дүйнөнүн эң чоң мамлекеттери – АКШ жана СССР бул союздардын борборлоруна айланды.

**1949-жылы январда** СССР жана Чыгыш Европанын көпчүлүк мамлекеттери экономикалык союз – Өз ара Экономикалык Жардамдашуу Кеңеши (ӨЭЖК) түзүлгөндүгүн жарыялады. Өз кезегинде Батыш мамлекеттери **1949-жылы апрелде** Түндүк Атлантика Келишими Уюму (НАТО) деп аталуучу аскердик-саясий уюмду түзүштү. НАТОго жооп катары **1955-жылы** СССР жана Чыгыш Европа мамлекеттеринин аскердик-саясий союзу – **Варшава Келишими Уюму** түзүлдү.



**У. Черчиллдин докладынын түпкү мааниси…**
**«Маршалл планы»…** **1949-жыл январда…**
**1949-жыл апрелде…** **1955-жылда…**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



АКШ жана СССР: дүйнөнү бөлүштүрүү үчүн күрөш. Карикатура.

**Колония системасынын кулашы.** Колония системасынын кулашы жана жаңы, эгемендүү мамлекеттердин түзүлүшү дүйнөлүк өнүгүүдөгү эки уюлдук системага берилген күчтүү сокку болду. 1950-жылдарда эле бул мамлекеттер өзүнө мүнөздүү өнүгүү жолун тандоо үчүн эл аралык аренага чыгышты жана кийинчерээк **«Үчүнчү дүйнө мамлекеттери»** наамын алды. Бул абал кошулбастык кыймылы пайда болушу үчүн негиз жаратты.

Жаңы мамлекеттердин көпчүлүгү өзүнүн өнүгүү жолун СССР менен да, АКШ менен да тыгыз байланыштырууну каалашпады. Кийин бул тенденция дагы да күчөдү: Иосиф Броз Тито, Жавохарлал Неру, Жамал Абдул Насырдын демилгесине ылайык эзүүдөн бошонгон мамлекеттер **1961-жылы Кошулбастык кыймылын** түзүштү.


**1970-1980-жылдардагы эл аралык мамилелер.** 1970-жылдары эл аралык мамилелердеги кескиндик бир аз жумшарды. 1972-жылы СССР менен АКШ ортосунда стратегиялык куралдарды чектөө боюнча биринчи келишим **(СКЧ-1)** жана **1975-жылы** Европада Коопсуздук жана Кызматташтык уюмунун Аяктоочу актына кол коюлду. Бул документ келишим эмес эле, бирок чоң ахлактык-саясий мааниге ээ болду, чындыгында ал эл аралык мамилелерде жаңы өнүгүүнү жактоочу нормаларды орнотту. Ошондой кырдаалда **1979-жылы** СССР менен АКШнын ортосунда **СКЧ-2** келишимине кол коюлду.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1979-жылы декабрда** Ооганстанга совет кошуундары киргизилди жана эл аралык мамилелерде кайра чыңалуу башталды. Бул чыңалууну жумшартуу, эки тарапты да канааттандыра турган мамилелердин түрүн табуу үчүн биринчи аракеттер СССР менен АКШнын лидерлери М.С. Горбачёв жана Р. Рейгандын **1980-жылдары** Женева жана Рейкявиктеги жолугушууларында башталды. Бул жолугушуулар кандайдыр бир келишимге кол коюулушу менен аякталбаган болсо да, эки тараптын да адамзатты ядролук согушу коркунучунан куткарууга болгон умтулуусун көрсөттү.




Дүйнөнүн капиталисттик жана социалисттик лагерлерге бөлүнүшү. XX кылымдын 80-жылдары.




**1949-жылы январда Өз ара Экономикалык Жардамдашуу Кеңеши (ӨЭЖК) түзүлдү.**

**1949-жылы апрелде Түндүк Атлантика Келишими уюму (НАТО) деген аскердик-саясий уюм түзүлдү.**

**1955-жылы СССР жана Чыгыш Европа мамлекеттеринин аскердик-саясий уюму – Варшава Келишими Уюму түзүлдү.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1980-жылдардын экинчи жарымынан баштап 1990-жылдардын баштарына чейин эл аралык мамилелерде активдүүлүк жана жылуулук доору болду.



**Маршалл планы** – экинчи дүйнөлүк согуштан кийин АКШ Мамлекеттик катчысы Жорж Маршалл тарабынан Европа мамлекеттерин кайра калыбына келтирүү боюнча сунушталган план.

**НАТО** – Түндүк Атлантика келишими уюму. Айрым Европа жана Түндүк Америка мамлекеттери тарабынан экинчи дүйнөлүк согуштан соң түзүлгөн аскердик-саясий союз.

**Варшава Келишими Уюму** – экинчи дүйнөлүк согуштан соң СССР менен Чыгыш Европадагы социалисттик мамлекеттер тарабынан түзүлгөн аскердик-саясий союз.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Согуштан соң СССР менен АКШнын ортосундагы негизги карама-каршылыктар эмнелерден турган?
2. «Маршалл планы» жана АКШ менен СССРдин Европадагы экономикалык атаандаштыгы кандай натыйжаларга алып келди?
3. 1970–1980-жылдарда эл аралык мамилелердеги негизги окуялар эмнелерден турган? АКШ менен СССРдин ортосунда кол коюлган келишимдер дүйнөдө тынчтыкты сактоодо кандай роль ойноду?
4. «Суук согушка» чекит койгон жаңыча саясий ой жүгүртүүнүн негизги принциптери эмнелерден турган?

## Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып дүйнөнүн капиталисттик жана социалисттик лагерлерине таандык мамлекеттердин тизмесин түз жана түшүндүрмө жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Өткүр Хашимовдун “Daftar hoshiyasidagi bitiklar” китебинен алынган “Согуш менен беш күндө бүтө турган көйгөй тынчтык менен беш жылда бүтсө, экинчи жолду тандоо керек!” деген ойду кунт коюп оку жана дептериңе тема менен байланышкан түрдө негизделген эссе жаз.



n.ziyouz.com сайтынан Эрнест Хемингуейдин “Alvido, qurol!” романын көчүрүп ал, оку жана өз алдынча “Тынчтык” темасында беш саптуу ыр (синквейн) түз.

## 18-ТЕМА. 1946–1991-ЖЫЛДАРДА АМЕРИКА КОШМО ШТАТТАРЫ

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин башка өнүккөн мамлекеттерге салыштырмалуу АКШ үчүн өтө ыңгайлуу шарт пайда болду. Бул ыңгайлуу мүмкүнчүлүктөрдөн пайдаланган АКШ жаңы базарларды ээлеп алды. Товарларды экспорттоону, андан да көбүрөөк илимий-техникалык мүмкүнчүлүгүн арттырды. АКШ Батыш дүйнөсүнүн саясий, экономикалык жана аскердик жетекчисине айланды.



**Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин эл аралык мамилелерде АКШ кандай маанилүү орунга ээ боло баштады?**

**Экономикалык өнүгүү.** Согуштан кийинки жылдарда биринчи жолу АКШда аскердик өндүрүштүн **конверсиясы** ишке ашырылды. 1940-жылдардын аягынан баштап туруктуу жана токтоосуз өсүү АКШ экономикалык системасынын өзүнө мүнөздүү жагы болуп калды. 1950-жылдары АКШнын экономикасы башка Батыш мамлекеттеринин экономикасына караганда жай өскөнүнө карабай, ал бардык көрсөткүчтөр боюнча чыныгы экономикалык жетекчи болуп кала берди.

**1960-жылдары** президенттер **Жон Кеннеди** жана **Линдон Жонсондун** администрациялары экономикалык өсүүнү тездетүүгө карай багытталган жол тутушту. Өндүрүштү жалпы автоматташтыруу



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Жон Кеннеди.

ишке ашырылды. Экономиканын энергетика, электроника жана химия өнөр-жайы, автоматташтыруу жана байланыш каражаттарын о.э. түрдүү аспаптарды өндүрүү алдыңкы тармактарга айланды.

**1970-жылдардын** башына келип экономикалык өсүү темптери акырындады. Америка валютасына карата ишенбөөчүлүк күчөдү. Батыш мамлекеттери олуттуу экономикалык кризисти баштан өткөрдү. Бул кризис башка өнүккөн мамлекеттерге караганда АКШда кыйла оор болду.



Рональд Рейган.

**1980-жылдагы** президенттик шайлоолордо жеңген **Р.Рейган** административдик кризистен чыгуунун жолдорун табууга аракеттенип, мамлекеттин экономикага аралашуусун чектеди, капитал кийирүү үчүн чоң салыктык жеңилдетүүлөрдү киргизди. Жеке демилге колдоого алынды. Бул жана башка бир топ иш-чаралар **«Рейганомика»** деген аталышты алды. «Рейганомика» АКШ үчүн жакшы натыйжаларга алып келди. Инфляция төмөндөдү, жумушсуздук азайды, керектөөчү буюмдарга талап артты. Чет элдик капиталдын кирип келиши бир кыйла өстү.



**1940-жылдардын аягынан ...**
**1960-жылдарда президенттер Ж.Кеннеди жана Л.Жонсон ...**
**1980-жыл ...**

**1990-жылдардын** башында АКШ экономикасында кыска мөөнөттүү рецессия күзөтүлдү. Өсүү темптеринин төмөндөшү айыл-чарбанын бардык тармактарын камтып алды.

**Саясий өнүгүү.** 1940-жылдардын аягы – 1950-жылдардын башы АКШда саясий реакциянын күчөшү менен мүнөздөлөт. Бул көп жагынан башталган «суук согуш» менен байланыштуу эле. **1952-жылдагы** шайлоолордо республикачылар партиясынан талапкер **Дуайт Эйзенхауэр** жеңип чыкты. АКШ өкмөтүн ал башкарган алгачкы жылдарда реакция андан да күчөдү. Мамлекетте **маккартизм** күчөдү. Сенатор Жозеф Маккарти мамлекеттик органдарда тыңчы жана ком-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

мунисттерди аныктоо үчүн текшерүүлөр жүргүздү. Ж.Маккартинин иш-аракетин көптөгөн реакциячыл уюмдар колдоп-кубаттады.




Американын картасы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Мартин Лютер Кинг.

1960-жылдары жарандардын теңдиги үчүн кыймылы өзүнүн эң жогорку чегине жетти. Көп жерлерде кара денелүүлөрдүн козголоңдору болуп өттү. Буга каршы өтө оңчул кыймылдын өкүлдөрү саясий өлтүрүүлөрдү жасай башташты. **1963-жылы** АКШ президенти **Жон Кеннеди, 1968-жылы** кара денелүүлөрдүн теңдиги үчүн кыймылдын эң белгилүү ишмери, Нобель тынчтык сыйлыгынын лауреаты, диний кызматкер **Мартин Лютер Кинг** өлтүрүлдү. 1960-жылдардагы жарандардын укуктары үчүн кыймылдын өзүнө мүнөздүү жагы, ал жалпы социалдык нааразылык аракеттери менен бир учурга туш келгендигинде эле. Бул кыймылдын өкүлдөрү айрыкча АКШ Вьетнамда жүргүзүп жаткан согушка каршы кескин нааразылык чыгууларын уюштурду. Ошентип, 1960-жылдар социалдык-саясий бурулуулардын доору болду.



| | |
|---|---|
| **1952-жылда ...** | **Ж.Маккартинин иш-аракети ...** |
| **1963-жыл ...** | **Мартин Лютер Кинг ...** |

Республикачылардын өкмөткө кайтышы Америка коомуна толук туруктуулук алып келбеди. Демократтар партиясынын Уотергейт мейманканасындагы шайлоо алды штабына республикачылардын өкүлдөрү тарабынан жашыруун угуу каражаттарынын орнотулушу **«Уотергейт иши»** аттуу саясий жаңжалга айланып, президент **Ричард Никсон**дун импичментине (отставкасына) алып келди. Өкмөттүн жогорку чөйрөлөрүндө коррупция элементтери көбөйдү. Булардын баары аткаруу жана мыйзам чыгаруучу өкмөткө болгон америкалыктардын ишенимин азайтты.

1980-жылдар – 1990-жылдардын башында **неоконсерватизм** идеясынын жеңиши доору болду. Бул жылдары АКШ ички өнүгүүдө да, эл аралык аренада да чоң ийгиликтерге жетишти.

**Тышкы саясат.** Дүйнөдө жетекчилик позициясын ээлеп алган АКШ Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки алгачкы жылдарда эки принциптин шайкештигине негизделген активдүү тышкы саясат алып барды. Биринчиден, АКШ күчтүн жардамына өздөрүнө туура келбеген өзгөрүүлөргө каршылык кылды. Экинчиден, каршылык кылуу мүмкүн болбогон учурларда аларга ылайыкташып, бул өзгөрүүлөрдөн сабак



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

алууга умтулду. Дүйнөдө өзүнүн гегемондугун орнотууга умтулган АКШ, жер жүзүнүн бардык аймактарында эл аралык мамилелерге активдүү аралашты. Көп жолу өзүнүн кызыкчылыктарын камсыздоо үчүн Батыш демократиясын коргоо шылтоосу менен башка мамлекеттерге каршы аскердик күчтөн пайдаланды. Мисалы, **1965–1973-жылдары** АКШ Вьетнамда активдүү согуш аракеттерин алып барды.




**1968-жыл Мемфисте Мартин Лютер Кинг өлтүрүлдү.**

**1952-жылы АКШда президенттик шайлоолордо республикачылар партиясынан талапкер Д.Эйзенхауер жеңип чыкты.**

**1990-жылдардын башында АКШ экономикасында кыска мөөнөттүү рецессия күзөтүлдү.**

СССРди өзүнүн негизги идеологиялык, саясий жана аскердик атаандашы деп эсептеген АКШ «суук согуш» жылдарында узак убакыт СССРге жана анын союздаштарына каршы аракеттенип, көптөгөн экономикалык, саясий жана аскердик союздарды түздү.

СССРде М.С.Горбачёв башчылыгында жаңы саясий жетекчиликтин өкмөткө келиши менен совет-Америка мамилелеринде олуттуу оң өзгөрүүлөр башталды. Айрыкча Стратегиялык чабуул куралдарын чектөө жана кыскартуу жөнүндөгү келишим өзгөчө мааниге ээ болду. Башка көптөгөн тармактарда да совет-Америка мамилелери жакшыланды. Мындай абал 1991-жылы СССР таркап кеткенге чейин уланды.



**Инфляция** – кагаз акчанын барксыздалышы.

**Рецессия** (чегинүү) – бул термин экономикада өндүрүштүн салыштырмалуу мээлүүн төмөндөшүн же экономикалык өсүү темптеринин акырындоосун билдирет.

**Гегемон** (жетекчилик, өкүмдарлык) – бийлик жүргүзүүгө, башка мамлекет жана элдердин үстүнөн бийлик жүргүзүүгө умтулууга негизделген саясат.

**Конверсия** (айландыруу, өзгөртүү) – аскердик өнөр-жай комплекси мекемелерин элдик керектөө товарларын өндүрүүгө өткөрүү. Согуштан кийинки өнөр-жайды тынчтык мезгилине ылайыктап кайра куруу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Согуштан кийин АКШнын экономикалык өнүгүүсүнүн өзүнө мүнөздүү жактары жөнүндө айтып бер.
2. АКШда маккартизм саясаты эмнеге багытталган эле?
3. Президент Р.Никсон кандай реформаларды жасады?
4. «Рейганомика» деген эмне жана Р.Рейгандын тушундагы экономикалык өсүүнүн себептери эмнеде болчу?
5. Экинчи дүйнөлүк согуштан соң АКШнын тышкы саясаты кандай негизги принциптерге таянды?
6. XX кылымдын 80-жылдарында Советтер Союзу менен АКШнын мамилелери жөнүндө эмнелерди билесиң?

## Өз алдынча иш



Америка Кошмо Штаттарынын саясий картасы менен тааныш жана тарыхый окуялар менен байланыштырып түшүндүрмө жаз.



Темага тиешелүү негизги түшүнүктөрдү сөздүктүн жардамында англис тилине котор жана дептериңе жаз.



n.ziyouz.com сайтынан Теодор Драйзердин “Amerika fojeasi” романын көчүрүп ал жана оку. Андан соң өз алдынча “Тынчтык” деген темада беш саптуу ыр (синквейн) түз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 19–20-ТЕМАЛАР. 1946–1991-ЖЫЛДАРДА СОВЕТТЕР СОЮЗУ

**Согуштан кийин СССРде тоталитардык системанын күчөшү.** Совет элдерине өтө чоң кайгы алып келген Экинчи дүйнөлүк согуш аяктады. Согушта 27 млн. советтик жарандар курман болду, 12,5 млн. адам майып болуп калды, мамлекет өтө чоң материалдык зыян тартты.

Эл аралык аренада СССРдин ролу кескин ашканына, ал дүйнөнүн күчтүү мамлекеттеринен бирине айланганына карабай, согуш совет эли үчүн өтө кымбатка түштү. Ушунчалык көп аймак кыйратылгандыктан, аларды тикелөө бир нече он жылдарга созулушу мүмкүн эле. Дээрлик ар бир совет үй-бүлөсү жакын адамынан ажырады.



**Биринчи дүйнөлүк согуштан соң Советтер Союзу мамлекеттин ички саясий жашоосунда кандай реформалаларды жасады?**

«Маршалл планы» боюнча АКШдан жардам алган Батыш мамлекеттеринен айырмалуу түрдө СССР экономикасын толук ички ресурстардын эсебинен, өз күчү менен тикеледи. Совет адамдарынын талыкпас эмгеги себеп кыйраган заводдор, шаарлар кайра курулду, инфратүзүлүш кайра тикеленди. Элдин эмгекке болгон ыкыласы чын дилден болуп, алар перзенттери үчүн тынч жана жыргал жашоону камсыздоо жолунда жашоо кыйынчылыктарына да даяр эле.

Өтө чоң саясий-админстративдик басым, жеңил өнөр-жай жана айыл-чарбасын талап-тоноонун эсебине жана эмгекчил элдин демилгесин идеологиялык жактан колдоп-кубаттоонун натыйжасында 1950-жылы өнөр-жай өндүрүшүнүн көлөмү согуштан алдыңкы денгээлинен ашып кетти.

**«Жылуулук» мезгили. 1953-жыл 5-мартта** И.Сталин каза болду. Сталиндин өлүмүнөн соң бийлик үчүн күрөштө **Никита Хрущёв** жеңип чыкты.



Никита Хрущёв.

Н.Хрущёв бийликте турган он жыл (1953–1964) тарыхта **«жылуулук» мезгили** деген ат алган. Бул доордо советтик тоталитардык режимди реформалоо боюнча бир топ иштер аткарылды. Экономикалык



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тармакта совет мамлекетинин тарыхында биринчи жолу жеңил өнөржайдын, эл керектөөчү товарлардын өндүрүүнүн приоритеттүүлүгү белгиленди. Элдик керектөө буюмдарын өндүрүү көбөйдү, үй-жайлардын курулушу тездеди, маяналар ашырылды. Тамак-аш көйгөйүн чечүү үчүн айыл чарбасынын салыгын төмөндөтүү, ашыкча жүк болгон карыздардан кечүү, колхозчулардын эгин короолорун кеңейтүү, айыл-чарба продукцияларына мамлекеттик сатып алуу нарктарын жана колхоз базарынын мүмкүнчүлүктөрүн арттыруу, ошондой эле, айылга техника жеткирип берүү үчүн капитал каражаттарын көбөйтүү көздө тутулду. Казакстан, Сибирь жана Волга жээгиндеги корук жана дың жерлерди өздөштүрүү дан жетиштирүүнү тез арттыруунун маанилүү фактору катары каралды. Натыйжада 1950-жылдардын экинчи жарымында айыл чарба продукцияларын өндүрүү кескин өсүп, колхоздордун акчалай кирешелери 3 эседен көбүрөөккө ашты.

Коомду саясий жактан либералдаштыруу да башталды. 1956-жылы февралда КПСС XX съездинде Н.Хрущёв «Жеке адамды туу тутуу жана анын кесепеттери жөнүндө» доклад менен чыкты. Бул доклад өзүнүн бардык кемчилдиктерине карабастан, советтик тоталитардык мамлекеттин характерин, Сталин жана анын шериктери жасаган кылмыштарды ачып таштады, жеке инсанды туу тутуунун маңызын жана көлөмүн түшүнүү жараянын баштап берди. Коомдо өтө ачык болбосо да, бул көйгөйлөр кең көлөмдө талкуулана баштады. Сталин доорунда репрессиялангандарды актоо жараяны жалпы түс алды. Ошол эле учурда, XX съезд эл аралык коммунисттик кыймылдын кризисин баштап берди жана социалисттик система аягына чейин бул кризистен чыга албады.

Ошентип, 1950-жылдардын ортолоруна келип мамлекетте иштеп жаткан тоталитардык система бир кыйла либералдаштырылды. Бирок бул аракеттер өтүү дооруна мүнөздүү характерге ээ болчу.

1958-жылы мартта Н.Хрущёв КПСС БК Биринчи катчысы кызматына СССР Министрлер Советинин Төр агасы кызматын да кошуп алды. Ошентип, Н.Хрущев өлкөдө жалгыз лидерге айланып калды. И.Сталиндин өлүмүнөн соң башталган мамлекеттин турмушун демократташтыруу жараяны да убактылуу токтотулду.

1950-жылдардын аягынан айыл-чарба продукцияларын өндүрүүнүн өсүү темптери кыйла басаңдады. Натыйжада тамак-аш продукцияларынын жетишсиздиги пайда болуп, СССР барган сайын четтен көбүрөөк дан сатып алууга мажбур болду. Айыл эли, биринчи орунда жаштардын шаарларга көчүп кетиши күчөдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



«Жылуулук» доорунун жаштары.

**Глобалдык кризис жолунда: СССР 1964-1985-жылдарда.** Мамлекеттеги абал Н.Хрущёвтун беделин түшүрдү. 1964-жылы октябрда болуп өткөн КПСС БК Пленуму аны бир топ ката жана кемчиликтерде айыптап, кызматынан бошотту. Н.Хрущёвтун ордуна КПСС БК Биринчи катчысы кылып Леонид Брежнев, СССР Министрлер Советинин Төр агасы кылып Алексей Косыгин шайланды.

Л.Брежнев өкмөттө турган жылдар (1964–1982) совет мамлекетинин тарыхында **«сенектик» доору** аталышын алган.



**Советтер Союзу үчүн Экинчи дүйнөлүк согуштун жоготуулары ...**
**1953-жылы 5-март ...** **1956-жыл февралда ...**

Н.Хрущёвтон айырмалуу түрдө Л.Брежнев өзүнүн бийлигинен өтө этияттык менен пайдаланды. Ал татаал көйгөйгө туш келгенде жакшысы эч нерсе кылбастыкты туура көрчү. Анда башкалардын кошоматтануусуна, ар түрдүү сыйлык жана ордендерди жыйноого умтулуу күчтүү эле. Аны мактоо, даңктоо жараяны 1960-жылдардын аягынан башталды жана андан аркы жылдарда барган сайын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Леонид Брежнев.

күлкүлүү түрдө уланып барды. Айрыкча анын түшүнүксүз докладдары калктын кең катмары арасында күлкү аралаш жийиркенүү, ири мамлекетке ачынуу жана уялуу сезимин ойготту.

1980-жылдарга СССР коомдун терең кризис абалында кирип келди. Н.С.Хрущёвтун 1980-жылдары коммунизм куруу жөнүндөгү планы ойрон болгон, адамдар эми коммунизм жомогуна дээрлик ишенбей койгон эле. Ошондой абалда **1982-жылы 10-ноябрда** Л.Брежнев каза болду. Андан кийин өкмөткө келген Юрий Андропов жана Константин Черненко кары, оорукчан адамдар болуп, алардын бийликке келиши түгөнүп бараткан советтик режимдин символдору эле.

**Кайра куруу.** 1984-жылы мартта КПСС БК Пленуму Михаил Горбачёвду Башкы катчы кылып шайлады. КПСС БКнын 1985-жылы Апрель Пленумунда мамлекетти социалдык-экономикалык өнүктүрүүнү тездетүү курсу жаңы жетекчилик жана бүткүл совет коомунун максаты деп жарыяланды. Илимий-техникалык өнүгүү, машина куруучулукту техникалык кайра куралдандыруу жана адам факторун активдештирүү, б.а. эмгек тартибин жана ишчилердин демилгелүүлүгүн арттыруу бул курстун негизги кыймылга келтирүүчү күчү катары каралды.



Михаил Горбачёв.

1987-жылы М. Горбачёв жарыялаган **«кайра куруу»**, социалдык жашоону демократташтыруу жана «ашкерелик» саясаты элдин саясий активдүүлүгүн кескин ашырды. Ашкерелик себеп өзгөрүүлөрдүн маанилүү факторуна, идеялар жана тилектердин туюнтуучусуна айланган басма сөз коомдун руханий эркин болуусунда, өтмүштү жана учурдагы окуяларды түшүнүүдө өтө чоң роль ойногон. Ошол эле учурда, бул окуялар совет элдеринин улуттук өздүгүн таануу, улуттук эгемендүүлүккө умтулуу жараянын тездетти, СССРдин тарап кетүүсүн тездетти.

**Тышкы саясат.** Экинчи дүйнөлүк согуштагы жеңиш СССРге өтө чоң эл аралык оброй келтирди. СССР башчылыгындагы социалисттик система пайда болду. Бул мезгилдеги совет тышкы саясатынын негизин АКШ менен дүйнөдө гегемондук үчүн күрөшүү түздү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**1959-жылы** революциянын натыйжасында Кубада өкмөткө келген Ф.Кастро режимине каршы АКШ алып барган агрессиячыл саясат жана буга СССРдин кийлигишүүсү эки улуу мамлекеттердин ортосунда ядролук согуш коопун келтирип чыгарды. Бул кооп **«Кариб кризиси»** наамын алды жана АКШ президенти Ж.Кеннеди менен совет жетекчиси Н.Хрущёвтун ортосундагы гана келишим дүйнөнү ядролук согуш коопунан сактап калды.

«Жылуулук» доорунда капиталисттик мамлекеттер менен тынчтыкта жашоо принциби алга сүрүлүп, бул СССР менен капиталисттик мамлекеттер, оболу АКШ ортосунда мамилелердин да жылуулануусуна алып келди.

«Сенектик» доорунда да капиталисттик мамлекеттер менен тынч мелдеш улантылып, бул жараян 1979-жылы Ооганстанга советтик кошуундар киргизилгенге чейин уланды.

«Кайра куруу» доорунда М.Горбачёв алга сүргөн «жаңыча саясий ой жүгүртүү» демилгеси СССРдин АКШ жана бүткүл капиталисттик дүйнө менен мамилелеринде кескин оң өзгөрүүлөргө алып келди.



**1960-жылдардын аягынан ...**
**1984-жыл мартта ...**
**1987-жылы М.Горбачёв ...**
**1991-жыл 19-август ...**

**Август кризиси. СССРдин тарашы.** 1991-жылы 19-августка өткөн түнү Мамлекеттик Өзгөчө кырдаалдар комитети (ГКЧП) түзүлгөндүгү жөнүндө жарыяланып, ага СССРдин вице-президенти, премьер-министри сыяктуу жогорку кызмат адамдары кирди. ГКЧП мамлекеттин бир топ аймактарында өзгөчө кырдаал абалын жарыялады, 1977-жылдагы конституцияга каршы түрдө иш жүргүзүп жаткан өкмөт системалары таратып жиберилди, оппозициядагы партия жана кыймылдардын иш-аракети токтотулду, массалык маалымат каражаттарынын үстүнөн катуу көзөмөл орнотулду, Москвага кошуун киргизилди.

ГКЧПга каршы демократиялык күчтөр жетекчилик кылды. Алар 19-августта Россиянын жарандарына кайрылып, ГКЧПнын аракеттери конституцияга каршы төңкөрүш, анын чечимдери мыйзамсыз, деп жарыяланды. 19-августта миңдеген москвалыктар Россия Жогорку Совети имаратын коргоого киришти. Танктарда келаткан кошуунду токтотууга аракеттенген бир нече жаштар каза болду. 21-августта Россия Жогорку Советинин өзгөчө кырдаалдагы сессиясы ачылды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




СССРдин тарашы.

22-августта ГКЧП мүчөлөрү камакка алынды. Август окуяларынан кийин аброю түшүп кеткен КПССтин иши токтотулду. Анын мүлкү национализацияланды.




**1953-жыл 5-мартта И.Сталин каза болду.**
**1979-жылда Ооганстанга совет кошуундары киргизилди.**

Август мамлекеттик төңкөрүшүнөн кийин бардык республикалар бир бирден өз эгемендүүлүктөрүн жарыялады. **1991-жылы 8-декабрда** Минск шаарында Россия, Украина, Белоруссиянын жетекчилери 1922-жылдагы Союздун келишимин бекер кылып, Көз карандысыз Мамлекеттердин Шериктештиги (КМШ) түзүлгөндүгүн жарыялады. Ага Грузия, Латвия, Литва жана Эстониядан башка бардык мурдагы советтик республикалар мүчө болду. Ошентип СССР тарап кетти.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Съезд** – ишкана, партия, калктын белгилүү бир топторунун мүчөлөрүнүн жыйыны, конференция.

**Пленум** – кайсыдыр бир ишканага шайланган жетекчилик органдары же сот мүчөлөрүнүн толук курамдагы жыйыны. Мисалы, Өзбекстан Республикасы Жогорку соту пленуму.

**Коррупция** – мансаптагы адамдын өз кызмат абалынан кыянаттык менен пайдалануу же өз кызматынан мамлекет жана коомдун кызыкчылыктарына каршы түрдө пайдалануу, пара алуу жана берүү.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Экинчи дүйнөлүк согуш СССР үчүн кандай аяктады?
2. КПССтин XX съездинде Сталин культуна сыйынуунун каралaнышы социалдык аң-сезимге кандай таасир көрсөттү?
3. «Жылуулук» доорунда СССРдин экономикалык өнүгүүсүндө кандай жаңы тенденциялар пайда болду?
4. «Сенектик» доорунун совет мамлекети тарыхындагы ролун кандай баалоо мүмкүн?
5. Советтик жетекчиликти кайра курууну баштоого эмне мажбур кылды?
6. Эмне үчүн совет коомун демократташтыруу СССРдин тарап кетүүсүнө алып келди?

## Өз алдынча иш



“СССРдин тарашы” картасынын негизинде эгемендүүлүгүн жарыялаганына карап мамлекеттердин удаалаш тизмесин түз.



“Ядролук согуш” жана “Психологиялык согуш” түшүнүктөрүн салыштырып талдоонун негизинде азыркы күндө маалыматтык чабуулдардын көрүнүштөрүн чийме түрүндө дептериңе жаз.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Шухрат Эргашевдин “Erk istar ko‘ngil” китебинин “Turg‘unlik va taraqqiyot” деп аталган бөлүмүн оку жана тексттин негизинде эки бөлүктүү күндөлүк түз.

## 21-ТЕМА. 1946–1991-ЖЫЛДАРДА УЛУУ БРИТАНИЯ ЖАНА ФРАНЦИЯ

**Улуу Британия.** Улуу Британия экономикалык жана саясий жактан күчсүздөнгөн абалда согуштан чыкты. Соода флотунун чоң бөлүгү жоготулду, колония жана доминиондордогу аброюна да зыян жетти. Акырындык менен мамлекеттин АКШга көз карандылыгы артып барды. Кең социалдык өзгөрүүлөр программасын жарыялаган лейбористтер партиясы согуштан кийинки алгачкы шайлоолордо жеңип чыкты. Өз программасын колдонуп, өкмөт экономикада жана социалдык тармакта бир топ реформаларды ишке ашырды. Бирок, лейбористтердин реформасы күтүлгөн натыйжаларды бербеди. Мамлекеттин финансылык абалы оор бойдон калды. Ушундай экономикалык жана финансылык оор шартта мамлекет «Маршалл планында» катышууну чечти. **1949-жылы** Улуу Британия НАТОго мүчө болду.

**Экинчи дүйнөлүк согуш Улуу Британия үчүн кандай натыйжалар менен аяктады?**



Маргарет Тетчер.

1951-жылы өткөрүлгөн шайлоолордо консерваторлор жеңишке жетти. У.Черчилл дагы премьер-министр кызматын ээледи. Консерваторлор Улуу Британияны 13 жыл башкарышты. Бул мезгилде экономиканын туруктуу өсүү темптерине жетишүүнүн мүмкүнчүлүгү болбоду.

Натыйжада 1964-жылы бийликке келген лейбористтер бир топ реформаларды жасашты. Бул калктын жашоо шартына терс таасир көрсөттү. 1970-жылдарга Улуу Британия экономикалык кырдаалдын курчушу менен кирип келди. Дүйнөлүк экономикада анын ролу азаюну улантты.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1979-жылдагы парламенттик шайлоолор кескин саясий күрөштөр менен өттү.

Шайлоочулар консерваторлорго добуш берди. Маргарет Тетчер премьер-министр болду. Ички саясатта негизги көңүл жеке ишкердикти өнүктүрүүгө каратылды. Экономикага мамлекеттин аралашуусун азайтууга карай чечкиндүү кадамдар ташталды. Салыктар азайтылды. Инфляцияга каршы күрөш башкы милдет кылып белгиленди.



**1949-жылы ...** **1951-жылы ...**
**1979-жылы ...** **Маргарет Тетчер ...**

1979–1990-жылдар Улуу Британия тарыхында **«Тетчердин доору»** деген ат алды. Бул доордо М.Тетчердин өкмөтү Европада эң көп иш орундарын түздү. Жадагалса 1980-жылдар Британия экономикасында терең системалык өзгөрүүлөр болду. Мамлекеттик сектор кыскартылды, анын натыйжалуулугу арттырылды.

1990-жылы М.Тетчер консерваторлор партиясынын башчысы жана премьер-министрлик кызматынан отставкага чыкты. Анын ордуна мурда каржы министри кызматында иштеген Ж.Мейжор келди. Ж.Мейжордун өкмөтү неоконсерватизм багытын улантты.




**1951-жылы өткөрүлгөн шайлоолордо консерваторлор женди. У. Черчилл кайра премьер-министрлик кызматты ээледи.**

**1990-жылы М. Тетчер премьер-министрлик кызматынан отставкага чыкты.**

**Тышкы саясатта** Улуу Британия АКШга таянды, өзүнүн НАТОдогу катышуусун активдештирди, АКШнын Индокытайдагы агрессиячыл саясатын, Түштүк Африка жана Түштүк Родезиядагы расисттик режимдерин колдоп-кубаттады. 1969-жылы Түндүк Ирландия көйгөйү дагы курчуду жана Улуу Британия ал жерге кошуун киргизди. Британия империясынын калдыктарын сактап калууга умтулуп, **1982-жылы Фолькленд** аралдары үчүн Аргентина менен согуш алып барды. Бул согушта «империалисттик ой таанымын» көрсөткөн Улуу Британия женди.

**Франция.** Экинчи дүйнөлүк согуш Францияга өтө чоң зыян келтирди. 1945-жылы өнөр-жай жана айыл-чарба продукцияларын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

өндүрүү көлөмү согуштан алдыңкы деңгээлинин жарымына да жетпеди. Каржы системасы изден чыккан эле. Калктын негизги бөлүгүнүн материалдык абалы кескин начарлады.




Түштүк Атлантикадагы Фольклend аралдары.



**Экинчи дүйнөлүк согуш Франция үчүн кандай натыйжалар менен аяктаган эле?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Төртүнчү республика.** 1946-жылы Франциянын жаңы конституциясы күчкө кирди. Бул Европадагы эң демократиялуу конституциялардан бири болду.

Башка Батыш мамлекеттер сыяктуу Франция да «Маршалл планына» кошулду. Чарба чоң ылдамдык менен тикеленди. 1950-жылдары экономикалык өсүү башталды. Төртүнчү республика жылдарында өнөр-жайдын заманбап тармактары пайда болду. Бирок ички саясий жана экономикалык өнүгүүнүн татаалдыгы саясий жана социалдык жагдайдын курчушуна алып келди. **1958-жылы** Францияда кезектеги саясий кризис башталды. Өкмөткө келген Шарль де Голь Улуттук кеңешти таратып жиберди. Төртүнчү республика жоюлду.

**Бешинчи республика.** 1958-жылы сентябрда референдум өткөрүлүп, анда француздар Шарль де Голь башчылыгында иштеп чыгылган конституцияны колдошту. **1958-жылы 21-декабрда** Шарль де Голь Франциянын президенти болуп шайланды.


Шарль де Голь.

Франциянын улуулугун тикелөөгө умтулган Шарль де Голь күчтүү экономика жана эркин тышкы саясатка ээ болгон мамлекетти калыптандырууга киришти. Колониалисттик эми өтмүш экенин түшүнгөн президент 1960-жылы Франциянын Африкадагы дээрлик бардык колонияларына эгемендик берди.

1960-жылдары Франция экономикасын модернизациялоону улантты. Франция өнөр-жай жана айыл-чарба товарларынын ири экспортёруна айланды. Француз эмгекчилеринин материалдык жыргалчылыгы кыйла оңолду.

Бирок 1960-жылдардын аягында Бешинчи республикада кризис башталды. Мамлекеттин туруктуу тартипке салуу саясаты француз коомунун көпчүлүк катмарларын наараазы кылды. 1968-жылы майда Париж студенттеринин демонстрациясы башталды. Президенттин демилгеси менен өткөрүлгөн референдумда шайлоочулардын көбү президентти колдободу. Шарль де Голь отставкага чыгууга мажбур болду.




**1958-жылы Францияда кезектеги саясий кризис башталды.**

**1968-жылы майда Париж студенттеринин демонстрациясы башталды.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

1970-жылдардын аягында Франциянын экономикасы өтө татаал абалда эле. Ушундай шартта социалист **Франсуа Миттеран** Франциянын президенти болуп шайланды. Солчул күчтөрдүн биргеликтеги программасында көпчүлүк француздардын кызыкчылыгына ылайык келген маанилүү социалдык-экономикалык реформалар көздө тутулду. Бирок инфляцияны токтотуу мүмкүн болбоду. Ишсиздик да артып барды. Бул саясат кичи өзгөрүүлөр менен 1992-жылга чейин сакталып калды.

**Тышкы саясат.** Эл аралык мамилелерде Франция Шарль де Голь тарабынан белгилеп берилген тышкы саясий багытты улантты. Франция Европада коопсуздук жана кызматташтык боюнча Хельсинки кеңешин өткөрүүдө чоң роль ойноду. ЕЭК (Европа Экономикалык Коому) алкагында Батыш Европа мамлекеттери менен активдүү кызматташты. Атлантика багытындагы салттар күчөдү. АКШ менен болгон байланыштар кыйла активдешти.



**Неоконсерватизм** – АКШнын аскердик жана экономикалык күчүнөн каршылаш режимдерге каршы жана аларда демократиялык системаны орнотуу үчүн пайдалануунун жактоочулары болгон бир бөлүк консерватив саясатчылардын идеологиясы.

**Экспорт** – продукция, кызмат же капиталды өз өлкөсүнөн сыртка чыгаруу.

**Референдум** – жалпы элдик сурамжылоо, мамлекеттик маанидеги олуттуу маселени чечүү үчүн өткөрүлө турган жалпы элдик добуш берүү.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Экинчи дүйнөлүк согуш Улуу Британия үчүн кандай натыйжалар менен аяктады?
2. 1970-жылдарда Улуу Британиянын экономикасындагы төмөндөө эмнелерде көрүндү?
3. Улуу Британияда өкмөттү консерваторлор башкарган жылдарда кандай социалдык-экономикалык өзгөрүүлөр болду?
4. Франциянын согуштан кийинки абалы жана өнүгүү багыттары жөнүндө айтып бер.
5. Францияда Төртүнчү республиканын тарап кетүүсүнө кандай жагдайлар себеп болду?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

6. Францияда Бешинчи республиканын пайда болушу жана мамлекеттин экономикалык жана саясий абалынын турукташуусунда Шарль де Гольдун башчылык ролу кандай мааниге ээ болду?

7. XX кылымдын 80–90-жылдарындагы Франциянын тышкы саясаты жөнүндө эмнелерди билесиң?

### Өз алдынча иш

“Түштүк Атлантикадагы Фольклeнд аралдары” картасына тарыхый окуялар менен байланыштырып түшүндүрмө жаз.

Интернет каражатында Фольклeнд аралдарына виртуалдуу саякат уюштур жана темада үйрөнүлгөн материалдардын негизинде тарыхый окуяларды талда.

kutubxona.com. сайтынан Чыңгыз Айтматов менен Мухтар Шахановдун “Cho‘qqida qolgan ovchining ohi-zori” китебинин 2-бөлүгүн оку жана Маргарет Тетчер тарабынан айтылган пикирлерди бөлүп, дептериңе жазып ал.

## 22-ТЕМА. 1946–1991-ЖЫЛДАРДА ГЕРМАНИЯ ЖАНА ИТАЛИЯ

**Германия Федеративдик Республикасы.** Экинчи дүйнөлүк согуш немис элине өтө чоң кайгы келтирди. Германия эгемендүү мамлекет катары жашабай калды.

Германия согуштан алдыңкы аймагынын бир бөлүгүнөн айрылды, оккупация зоналарына бөлүп ташталды.


Конрад Аденауер.


**1949-жыл майда** АКШ, Улуу Британия жана Франция оккупация зоналарында Германия Федеративдик Республикасы (ГФР) түзүлдү. Ал Батыш Германияны демократиялык, федеративдүү мамлекет деп жарыялады. Германиянын көзгө көрүнгөн саясий ишмери Конрад Аденауер



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

канцлер кылып шайланды. Ал Германия Федеративдик Республикасы түзүлгөндүгүн жарыялады.




Германиянын оккупация зоналарына бөлүнүшү.

**1949-жылы 7-октябрда** советтердин оккупация зонасы болгон чыгыш бөлүгүндө Германия Демократиялык Республикасы (ГДР) түзүлдү. Чыгыш Берлин бул мамлекеттин борбору деп жарыяланды. Германиянын эки мамлекетке бөлүнүшү дээрлик жарым кылымга созулду.

ГФРде 1950–1960-жылдары экономика тез темптер менен өнүктү. Аскердик аракеттердин аздыгы, «Маршалл планы» боюнча Американын мол жардамы, арзан чет эл ишчи күчүнөн өнүмдүү пайдалануу, жаңы станоктордун келтирилиши мамлекеттин айыл-чарбасынын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тез темптер менен тикеленүүсүн камсыздады. ГФР бардык карыздарынан кутулуп, бир кыйла чоң алтын-валюта запасын да жаратты.

ГФР саясий атаандаштарынын каршылыктарын жеңип, **1955-жылы НАТОго** мүчө болду, Париж антташуусунун күчкө кириши себеп ГФР үчүн оккупация доору аяктады.

**1949-жылы майда ...** **1949-жыл 7-октябрда ...**
**ГФРде 1950-1960-жылдары ...** **1955-жылы ...**




Германия Федеративдик Республикасынын картасы.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Чыгыштан көчүп келе жаткандардын агымы жана канцлер К.Аденауердин ыңгайлуу экономикалык саясаты, ГФРдин «Маршалл планы» алкагында алган салмактуу финансылык «колдоосу» 1955-жылы эле мурда болуп көрбөгөндөй өнүгүүгө жетишүүгө алып келди. Германия эң кыска тарыхый мөөнөттө согуш калтырган жараларды айыктыра алды. Бүткүл 1960-1970-жылдар экономиканын тез өсүү доору болуп, **«немис экономикалык укмушу»** наамын алды.

1980-жылдардын башында саясий күчтөрдө өзгөрүү болду. 1982-жылы христиан-демократ **Гельмут Кол** ГФРдин канцлери кылып шайланды. Анын тушунда салыктар кыскартылды жана мамлекеттин каражаттары тартипке салынды, мамлекеттин бизнеске аралашуусун азайтуу, атаандаштыкты колдоп-кубаттоо боюнча иш-чаралар аткарылды.

1989-жылы ГДРде революция башталып кетти, эки мамлекетти ажыратып турган, «суук согуштун» символу болгон Берлин дубалы бузуп ташталды. Германиянын эки бөлүгүн бириктирүү боюнча сүйлөшүүлөр ийгиликтүү аяктады. **1990-жылы 3-октябрда** бирдиктүү Германия мамлекети түзүлгөндүгү жарыяланды. 1990-жылы декабрда болуп өткөн кезексиз шайлоолордо дагы Г.Кол башчылыгындагы коалиция жеңди.




**1982-жылда христиан-демократ Гельмут Кол ГФРдин канцлери кылып шайланды.**

**1989-жылда ГДРде революция башталып, Берлин дубалы бузуп ташталды.**

**Италия Республикасы.** Фашисттик режим жана Экинчи дүйнөлүк согуш италян элине өтө чоң кырсыктар алып келди. Жүз миңдеген адамдар каза болду, миңдеген адамдар баш паанексиз калды. Акчанын барксыздыгы өтө жогорку даражага жетти.



**Экинчи дүйнөлүк согуш Италия үчүн кандай натыйжалар менен аяктаган эле?**

**1948-жылы 1-январдан** Италиянын жаңы конституциясы күчкө кирди. Өкмөт Батыштын алдыңкы мамлекеттери менен союздаш болууга умтулду. Италия «Маршалл планына» кошулду, НАТОго мүчө болду, анын аймагында АКШнын аскердик базалары жайгаштырыл-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

ды. Италия өкмөтү Европанын интеграциясы идеясын активдүү турмушка колдонуп барды. **1957-жылы** Европа экономикалык шериктештигин (ЕЭШ) түзүү жөнүндө Рим келишимине кол коюлду.

Согуштан кийинки он жылдыкта Италия Батыштын башка мамлекеттери сыяктуу тез экономикалык өсүү мезгилин башынан өткөрдү. Бирок бул жараян көпкө созулбады.

1950-1960-жылдардагы тез өнүгүүгө карабастан, ишчилердин кыймылы мурдагы даражада калды, кээде активдешти да. Иш таштоо кыймылы боюнча Италия башка мамлекеттерден кыйла озуп кетти.

1974-жылы Италияда терең экономикалык кризис башталды. Өндүрүштүн өсүшү толук токтоду, ишсиздердин саны көбөйдү, тышкы соодада дефицит ашып кетти. Нарк өсүп барды. Булардын баары, айрыкча, калктын аз кирешелүү бөлүгү үчүн өтө оор болду.



**1948-жыл 1-январь ...**
**1950 – 1960-жылдарда ...**
**1957-жылда ...**
**1974-жылда ...**

1980-жылдарга келип коалициялык өкмөт калыптанды. Бирок ал туруктуу эмес эле жана өкмөттүн тез-тез алмашуусу Италиянын өзүнө мүнөздүү адатына айланып калды. Италияда мамлекеттик институттардын терең кризиси, ошондой эле, мафия системаларынын иши менен да байланыштуу эле. Мамлекеттик системадагы коррупциялашкан элементтер менен кошулуп кеткен мафия Италияда чоң күчкө айланды. Мафия калкка бүлүк салат, аны коркутат, талап-тоноп, өлтүрөт, акча өндүрөт, дайыма акча төлөп турган байлардын коопсуздугун камсыздайт. Ким мафия менен келишпесе тынымсыз куугунтукка алат, өлтүрөт. 1980-1990-жылдардын баштары Италияда мафияга каршы күрөшүү доору болду.




**1957-жылы Европа экономикалык шериктештигин (ЕЭШ) түзүү жөнүндө Рим келишимине кол коюлду.**

**1980-жылдарга келип Италияда коалициялык өкмөт калыптанды.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Канцлер**–Германия жана Австрияда өкмөт башчысы, премьер-министр ушундай аталат.

**Дефицит**–кандайдыр бир нерсенин жетишсиздиги. Мисалы, четке товар сатуу – экспортко салыштырмалуу четтен товар алып кирүү – импорттун ашып кетиши тышкы соода дефицити деп аталат.

**Мафия**–зордук, коркутуу, террор, өлтүрүү, жаңжал чыгаруу жолдору менен экономикалык жана саясий максаттарга жетүү үчүн түзүлө турган жашыруун уюшма; уюшкан кылмыштык топ.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Согуштан кийинки Германиянын абалы жөнүндө айтып бер.
2. ГФРде К.Аденауердин саясаты жана «Маршалл планы» мамлекет экономикасынын калыбына келиши жана өсүүсүндө кандай роль ойногон?
3. Берлин дубалынын кулашы жана Германиянын биригүүсү жөнүндө эмнелерди билесиң?
4. 1950-1960-жылдардагы Италиянын өнүгүүсү жөнүндө айтып бер. Бул доордо Италиянын өнүгүүсү Германиянын ошол мезгилдеги өнүгүүсүнөн эмнеси менен айырмаланат?
5. 1970-жылдары Италиядагы саясий туруксуздуктун себептери эмнеде эле?
6. XX кылымдын аягы–XXI кылымдын баштарында Италиянын өнүгүүсүнүн өзүнө мүнөздүү жактары эмнелерден турат?

## Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып Германия Федеративдик Республикасы жана Германия Демократиялык Республикасынын аймагына кирүүчү жерлерди дептериңе жаз.



“Берлин дубалынын кулашы” темасында чакан окуу планын даярда жана ийрим сабагында презентациялоого даярдан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

facebook.com сайтынан Зариф Султандын “Berlin devoriga chizgilar (Tugamagan qo‘shiq)” ырын көчүрүп ал жана оку, “Инсерт” чиймесинин жардамында ырдын тексттин чечмеле.

## 23-ТЕМА. 1946–1991-ЖЫЛДАРДА ЯПОНИЯ ЖАНА АЗИЯНЫН ЖАҢЫ ИНДУСТРИАЛДЫК МАМЛЕКЕТТЕРИ

Экинчи дүйнөлүк согушта Япония жеңилди. Согушта 6,5 млн. япондор курман болду, Япония өзүнүн бардык колонияларынан айрылды. Мамлекет АКШ тарабынан оккупацияланып, өкмөт генерал **Дуглас Макартур** башчылыгындагы АКШ оккупациялык кошуундарынын штабына өттү. 1952-жылга чейин Япониянын өкмөтү ушул штаб тарабынан көзөмөлдөндү, мамлекетти модернизациялоо боюнча план жана демилгелер да ушул штабга тиешелүү эле.

**Экинчи дүйнөлүк согуш Япония үчүн кандай натыйжалар менен аяктаган эле?**

Японияда демократиялык жараяндарды баштаган америкалыктар эки максатты: биринчиден, Япониянын демократиялык мамлекетке айлануусун жана эч качан башкаларга кооп туудурбастыгын; экинчиден, япондордо өзүнүн миң жылдык согушуу салттарына ээ болгон согушчандык духун сындырууну көздөшкөн болчу.

**“Япончо улуттук дух” түшүнүгүнө мүнөздөмө бер.**

Ошол жылдары АКШнын экономикалык жардамы да токтоосуз артып барды. Японияда эмгек мамилелерин демократташтыруу максатында **1946-жылы** профсоюздар жөнүндө мыйзам кабыл алынды. Азияча ой жүгүртүү, эмгек салттарына ээ болгон япондорду батышча эмгек усулдарына көнүктүрүү оңой болгон жок. Америкалыктар япондорду эң заманбап бизнес усулдары менен тааныштырып барышты. **1950-жылдан** кадрларды даярдоонун америкача



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

стандарттары киргизилди. Япон продукцияларынын сапатын арттырууга көп көңүл бурулду. **Эдвардс Деминг** жана башка америкалык белгилүү экономисттер докладдар менен чыкты. Япония экономикасын башкаруунун мамлекеттик системасы жаратылды. Бул иш-чаралар 1950–1960-жылдары Япониянын толук экономикалык тикеленүүсүнө алып келди.

**Японияда демократиянын калыптанышы.** Ошол эле учурда демократиялык реформалар да жүргүзүлдү. Саясий жана диний эркиндиктер жөнүндө директива кабыл алынды. Басма сөздө цензура жоюлду, бардык саясий туткундар бошотулду, мурдагы милитаристтик жамаат уюмдары таратып жиберилди. Саясий партияларды кайра түзүү жараяны башталды. Америкалыктар япондорду демократия шартында жашоого үйрөттү.

**Япония экономикалык укмушу.** Бүткүл дүйнөдө **«япония экономикалык укмушу»** деп экономиканын өтө тез – жылына 11% дан өнүгүү мезгилине айтылат. Бул доор 1956–1970-жылдарды өз ичине алат. Анда айрыкча өнөр-жайдын өсүү темптери өтө жогору болуп, бул негизинен оор өнөр-жай жана химиялык өндүрүштү өнүктүрүүнүн эсебинен болду. 1960-жылдардын аягына келип Япония жалпы ички продукциянын көлөмү боюнча дүйнөдө АКШдан кийин экинчи орунга чыгып алды. Япония өз жетишкендиктерин Токиодо болуп өткөн **"ЭКСПО–70"** көргөзмөсүндө ийгиликтүү көрсөттү.

**Постиндустриалдык моделдин калыптанышы.** Япония «экономикалык укмушу» арзан нефтке негизделген болуп, 1970-жылдардагы нефть кризиси Японияны өз экономикалык системасын кескин өзгөртүүгө аргасыз кылды. Өнөр-жайда илим талап кылынуучу өндүрүш тармактарына негизги көңүл бурулду. Продукциянын баасынын негизги бөлүгүн илимий жаңылыктар, ишчилердин техникалык тажрыйбасы, дизайн, ноу-хау жана ушул сыяктуулар түздү. 1980-жылдардан Японияда **26 даана технополистер** уюштурулду. Бул жылдарда Япония дүйнөлүк базарга жаңы түрдөгү продукциялар–микропроцессорлор, персоналдык компьютерлер, өнөр-жай роботтору жана бат өзгөрүүчү өндүрүш системалары менен чыкты. Мамлекетте постиндустриалдык экономикалык модель калыптанды жана ал постиндустриалдык цивилизацияга негиз болду.

**Азиянын жаңы индустриалдык мамлекеттери.** XX кылымдын 60–80-жылдарында Азиянын бир топ мамлекеттери ылдам модернизациялоону ишке ашыруу аркылуу өнүгүүнүн жогорку темпте-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

рин камсыздоого жетишишти. Мисалы, Түштүк Корея, Тайвань, Сингапур, Гонконг сыяктуу мамлекеттерди «Азиянын жолборстору», «жаңы индустриалдык мамлекеттер» деп атай башташты.



**1956–1970-жылдарда ...**
**1970-жылдарда ...**
**1946-жылы ...**
**1980-жылдардан ...**

XX кылымдын экинчи жарымында «жаңы индустриалдык мамлекеттер» Азия аймагында туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүнүн символуна айланды. Бир муундун көз алдында мамлекет жардылыктан өнүгүүнүн жогорку даражасына жетти. Буга Түштүк Корея айкын мисал болушу мүмкүн.



Корея Республикасы.

Өтө жарды болгон Түштүк Кореяда 1970-жылдардан оор өнөр-жай, оболу, металлургия, машина куруучулук, химия өнөр-жайы өнүктүрүлдү. Электроника өнөр-жайы тез өнүктү. Баштап лампалуу радиоприёмниктер, ак-кара телевизорлордон баштаган Түштүк Корея, кийин магнитофон, түстүү телевизор, компьютер, микросхемалар, соң видеомагнитофон, лазерлүү проигрыватель, микротолкундуу печ жана аягында персоналдык IBMдерди иштеп чыгарууга өттү.

Тышкы соодада да ушуга жараша өзгөрүүлөр болду. Түштүк Корея болот, деңиз кемелери, автомобиль, үй-тиричилик электроникасы жана башка ушул сыяктуу продукцияларды экспорттоо боюнча дүйнө лидерлеринин катарынан орун ээледи. 1990-жылдарга келип Түштүк Корея экономикалык өнүккөн индустриалдык мамлекет катары калыптанды жана постиндустриалдык өнүгүү элементтерине ээ болуп, дүйнө экономикасында маанилүү орун ээледи.





**1946-жылы Японияда эмгек мамилелерин демократташтыруу максатында профсоюздар жөнүндө мыйзам кабыл алынды.**

**1970-жылдардан Түштүк Кореяда оор өнөр-жай, оболу, металлургия, машина куруучулук, химия өнөр-жайы өнүктүрүлдү.**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Корея Республикасы.

**Таиланд, Малайзия, Индонезия, Филиппин** Япония моделинин негизинде капиталисттик өнүгүү жолунан өнүгүп жаткан жана мында жогорку натыйжаларга жетишип жаткан экинчи толкун мамлекеттери эсептелет.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Азиядагы жаңы индустриалдык мамлекеттердин бардыгын парламент демократиясы жана көп партиялуулук системасы, жеке менчикке негизделген ишкердикти жана эркин базарды өнүктүрүү, өнүккөн мамлекеттердин жардамына таянуу жана тышкы инвестициялар үчүн ыңгайлуу шарт жаратуу сыяктуу жалпы жагдайлар бириктирип турат.



**Директива** – жогору туруучу уюмдун ага баш ийүүчү мекемелерге бере турган көрсөтмөсү, аткарылышы керек болгон документ.

**Милитаризм** – коомдо аскер адамдары катмарынын жана аскердик духтун үстөмдүгүнө, аскердик күчкө таянуучу саясий система. Бул системада мамлекеттик жумшоолордун чоң бөлүгү аскердик максаттарга багытталат.

**Технополис** – технологиялык жаңылыктарды натыйжалуу колдонуу максатында уюштурулган эркин экономикалык аймак. Ишинин негизин илимий изилдөөлөр түзөт.

**Инвестиция** – экономиканын кайсы бир тармагына узак мөөнөттүү капитал жумшоо.

**Дизайн** – долбоорлоо, сызуу, ойлоп табуу. Дизайн – бул долбоорлоо ой жүгүртүүсү менен чыгармачылыктын шайкештигине негизделген ишмердиктин түрү.

**Ноу-хау** – кайсы бир өндүрүштү уюштуруу үчүн зарыл болгон техникалык, соода жана башка билимдердин комплекси. Бул термин документтер алмашуу, ишчилерди окутуу, адистердин катышуусу көздө тутулган эл аралык макулдашуу жана келишимдерде колдонулат.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Согуштан кийинки Японияның жагдайына жалпы мүнөздөмө бер.
2. Японияда демократиялык жараяндарды баштаган америкалыктар өз алдына кандай максаттарды койгон эле?
3. Японияның экономикасын реформалоодо Д.Маккартур башчылыгындагы Америка жетекчилери кандай роль ойноду?
4. Япония «экономикалык укмушунун» негизги принциптери эмнелерден турган?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

5. 1970-жылдарда Япония экономикасы туш келген көйгөйлөр эмнелерден турган?

6. Японияда постиндустриалдык экономикалык финансынын калыптанышына кандай факторлор түрткү болду?

7. Азиянын «Жаңы индустриалдык мамлекеттери» термини качан пайда болгон?

8. Азиянын «Жаңы индустриалдык мамлекеттерин» кандай жалпы жактар бириктирип турат?

### Өз алдынча иш



Корея Республикасынын картасы менен тааныш, административдик-аймактык бирдиктеринин аттарын дептериңе жазып ал жана аларды жаттап алууга аракеттен.



Интернет каражатында Япония аралдарына виртуалдуу саякат уюштур жана темада үйрөнүлгөн материалдардын негизинде тарыхый окуяларды талда.



Япон жазуучусу Ясуси Иноуэнин “Батыш өлкөсү жөнүндөгү эскерүүлөр” китебинин “Батыш өлкөсү жөнүндөгү биринчи эскерүүлөр” бөлүмүн оку жана Өзбекстандын Ташкент, Самарканд, Бухара өңдүү шаарлары жөнүндөгү маалыматтарды кыскача конспектиле.

## 24-ТЕМА. 1946–1991-ЖЫЛДАРДА КЫТАЙ ЭЛ РЕСПУБЛИКАСЫ

Экинчи дүйнөлүк согуш жылдарында Кытайда расмий бийлик Чан Кайши башчылыгындагы Гоминьдан партиясына (Улуттук партия) тиешелүү эле. 1945-жылы мамлекеттин аймагы жана элинин чоң бөлүгү гоминьданчы Чан Кайшинин өкмөтү тарабынан көзөмөлдөнчү.



**Кытайда Гоминьдан партиясы качан түзүлгөн эле?**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Чан Кайши өкмөтү БУУну түзүүдө активдүү катышты жана ири мамлекет катары Коопсуздук Кеңешинин беш туруктуу мүчөлөрүнөн бири болду. 1945-жыл августта СССР жана АКШнын ортомчулугунда Кытай Коммунисттик партиясы менен Гоминьдандын ортосунда сүйлөшүүлөр болуп, өз ара каршылаштык аракеттерин токтотууга келишилди.

**Жарандар согушу.** Бирок дүйнөдө «суук согуш» башталып кеткен, СССР жана АКШ эми Кытайда окуялардын тынч өнүгүүсүнө кызыкдар эмес эле. Бул мезгилге келип коммунисттер менен гоминьданчылардын ортосундагы мамилелер да начарлап барды. Эч ким күтпөгөн жагдайда **1946-жылы июнда** Кытайда жарандар согушу кайрадан башталды.

АКШ тарабынан колдоп-кубатталган Чан Кайши армиясы 1947-жылы коммунисттердин борбору Янан шаарын ээлеп алды. Бирок бул гоминьданчылардын жарандар согушундагы акыркы жеңиши болду.

Өкмөт көзөмөлдөп жаткан аймактарда АКШнын жардамына карабастан социалдык-экономикалык абал барган сайын начарлап барды. Узакка созулган согуштун айынан экономика изден чыкты, ишсиздердин саны тынымсыз артып барды, адамдар наразылык билдире баштады. Бир топ аймактарда козголондор башталды.

Ошол учурда Мао Цзедун башчылыгындагы коммунисттер көзөмөлдөп жаткан аймактарга СССР өтө чоң жардам көрсөттү. СССРдин экономикалык жардамы жана куралы менен Элдик-боштондук армиясы кайра түзүлдү, армияда катуу тартип орнотулду. Бул аракеттер согуштун тагдырын кескин өзгөртүү мүмкүнчүлүгүн берди.



Мао Цзедун—Кытай элинин жол башчысы.

1947-жылы июлда Элдик-боштондук армиясы чабуулга өттү. Бир нече чабуулдардын натыйжасында Түндүк жана Борбордук Кытайдын кең аймактары коммунисттердин көзөмөлү астына өттү. Гоминьдан армиясында толук түшкүндүк башталды. Гоминьдан режими экономикалык жана финансылык кырсык жакасында турган эле. АКШ аны сактап калууга аракет кылды.

Бирок тез арада коммунисттер бүткүл Кытайды ээлеп алды. 1949-жылы сентябрда Пекинде Улуттук саясий кеңеш конференциясы ачылды. **1-октябрда** Кытай Эл Республикасы жарыяланды.

**1952-жылы декабрда** Кытай Коммунисттик партиясы Борбордук Комитети мамлекетте «социализм куруу» жөнүндө



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чечим кабыл алды. Анда мамлекетти индустриалдаштыруу, өндүрүш мамилелерин кайра куруу, саясий демократияны өнүктүрүү көздө тутулду. Бул милдеттерди аткаруу узак мөөнөткө, 15 жылга пландалган болуп, бул мөөнөттө алардын көпчүлүгү ишке ашпай калды.

1960-жылдары Кытайды өнүктүрүүнүн **«Чоң секирик»,** 1970-жылдары **«Маданий революция»** деп аталган өтө карама-каршылыктуу саясаттары ишке ашырылып, алар Кытайга эч кандай экономикалык жана саясий пайда келтирбеди. Тескерисинче, мамлекеттин абалы оорлошту.



**1946-жыл июнда ...** **1947-жылда ...**
**1949-жыл 1-октябрь ...** **1952-жылы декабрда ...**

**Жаңы реформалардын башталышы.** Мао Цзедундун өлүмүнөн соң бийликке келген Ден Сяопин жана башка прагматиктер 1970-жылдардын аягында Кытайда реформалардын жаңы стратегиясын иштеп чыкты. 1981-жылдан айыл-чарбасын кеңири көлөмдө кайра куруу башталды. Натыйжада Кытай өзүнүн тамак-аш азыктары менен камсыздоо көйгөйүн чечип, продукцияларды четке экспорттой баштады.

Саясий өнүгүүдө коммунисттик режимдин негизги өзгөчөлүктөрү сактап калынды. 1989-жылы жазда Пекин студенттеринин нааразылык чыгышына башка шаарларда миллиондогон интеллигенттер кошулду. 1989-жылы майда Пекинде өзгөчө кырдаал жарыяланды. **Ден Сяопин Тян Ан Мин аянтындагы** демонстрацияны күч менен таратып жиберүүнү буюрду. Студенттерге каршы куралдуу күч иштетилди, жүздөгөн жаштар каза болду, көптөгөн адамдар камакка алынды. АКШ Конгресси Кытайга каршы санкция жарыялады. Бирок индустриалдык мамлекеттер менен болгон мамилелер начарлаган жок. Анткени бул учурга келип Кытай өтө чоң таасирге ээ мамлекетке айланган эле. Бул окуяларга карабастан, Кытайда реформалар улантылды.

**Тышкы саясат.** Эл аралык мамилелерде Кытай көп жылдар өзүн экинчи даражалуу мамлекет катары сезип келди. Кытай БУУ жана башка эл аралык уюмдарда өз ордуна ээ эмес эле, анын ордун Тайванда жайгашып алган Чан Кайши башчылыгындагы гоминьданчылар ээлеген эле. Көптөгөн Батыш мамлекеттери менен нормалдуу мамилелер жок болчу.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Кытай Эл Республикасы.




**1981-жылдан айыл-чарбасын кең көлөмдө кайра куруу башталды.**


**1989-жылы майда Пекинде өзгөчө кырдаал жарыяланды.**

1970-жылдардан баштап абал өзгөрдү. Батыш мамлекеттери менен дипломатиялык мамилелер кайра орнотулду, Тайвандын ордуна БУУда өз ордун ээледи. АКШ менен мамилелер жакшырды, СССР менен гана татаал бойдон калды. **1980-жылдары** Кытай ядролук куралга ээ болгон мамлекетке айланды жана эл аралык мамилелерде ошого жараша орун ээлөөгө умтулду. 1980-жылдардын экинчи жарымынан СССР менен да мамилелер жакшырды.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Прагматик**–прагматизмдин жактоочусу, философиялык режим. Күндөлүк колдонуу маанисинде прагматик–бул жашоого салыштырмалуу өз көз караш жана иш-аракеттерин пайдалуу натыйжаларга карап калыптандыруучу адам.

**Стратегия**–бийликти өндүрүш, киреше жана чыгаша, бюджет, салык, капитал киргизүү, нарк, социалдык коргоо багытындагы узак мөөнөттүү, эң маанилүү иш-чаралардын планы.

**Санкция**–бул эл аралык келишим жана нормаларды бузган бир топ адамдар же бүтүндөй бир мамлекетке карата колдонула турган чектөө чарасы. Санкция экономикалык, аскердик, саясий жана башка түрдө болушу мүмкүн.

**Чоң секирик**–1960-жылдарда Кытайда социалисттик экономиканы калыптандыруу үчүн колдонулган саясат.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Кытайда жарандар согушунун башталышына эмне себеп болду жана ал кандай аяктады?
2. Кытайда ишке ашырылган «чоң секирик» саясатынын мааниси эмнеде эле?
3. Маданий революция жана анын Кытай үчүн болгон акыбеттери эмнелерден турат?
4. Кытайда жаңы реформалардын башталышына кандай себептер түрткү болду?
5. XX кылымдын 80–90-жылдарындагы Кытайдын тышкы саясаты жөнүндө эмнелерди билесиң?
6. Кытайдагы реформалар XXI кылымдын баштарына келип кандай натыйжаларга алып келди?

## Өз алдынча иш



Теманын текстинде айтылган тарыхый окуялар болгон аймактарды Кытайдын картасында чагылдырууга аракеттен.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Өткүр Хашимовдун "Daftar hoshiyasidagi bitiklar" китебинен алынган төмөнкү үзүндүнү оку жана дептериңе тема менен байланышкан түрдө негиздел-ген эссе жаз: "Согуштун жакшысы болбойт. Бирок эң жаман согуш–жарандар согушу. Себеби, ал муундан муунга "мурас" болуп өтүп, түбөлүккө уланат!"

## 25-ТЕМА. 1946–1991-ЖЫЛДАРДА ИНДИЯ ЖАНА ПАКИСТАН

Экинчи дүйнөлүк согуш бүткөнү менен Индиядагы инди жана мусулман диний жамааттары ортосунда келишпестиктер ого бетер курчуду. Жадагалса согуштан кийинки тамак-аш кризиси Индияны дээрлик ачарчылык абалына алып келип, кырдаалды өтө татаалдаштырды. Бул жагдай Улуу Британияны батыраак Индиядан чыгып кетүүгө мажбур кылды.



**Индиянын улуттук көз карандысыздыгы үчүн күрөшкөн кайсы мекенчил инсанды билесиң?**

**Көз карандысыздыктын жарыяланышы.** 1946-жылы 9-декабрда Уюштуруу кеңеши ачылды. Англичандар Индияны эки мамлекет-ке–Индия жана Пакистанга бөлүү планын иштеп чыкты. Калктын инди жана мусулман диний жамааттарына таандыктыгы бөлүнүү үчүн негиз кылып алынды.

**1947-жылы 15-августта** эки эгемен мамлекет–Индия жана Пакистан түзүлгөндүгү жарыяланды. Индия өкмөтүн Жавахарлал Неру, Пакистандыкын болсо Лиикат Алихан башкарды.

Индиянын бөлүнүшү көптөгөн көйгөйлөрдү келтирип чыгарды. Бөлүнүү учурундагы жаңжалдарда адамдардын массалык өлтүрүлүшү узак жылдарга Индия менен Пакистандын ортосунда өз ара душмандык маанайын калыптандырды. Өз журтун таштап, башка аймактарга көчүү да миллиондогон адамдардын жашоосуна терс таасир көрсөттү. Мусулмандарды коргогондукта айыпталган **Махатма Ганди** инди-фанаты тарабынан өлтүрүлдү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE


Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

М.Гандинин өлүмү индилер үчүн өтө чоң улуттук кырсык болду. Бул кырсык кутурган аламанды бир аз жылоолоду, ойлоп көрүүгө, кан төгүүнү токтотууга мажбур кылды.

**Экономикалык өнүгүү.** Колониализмдин экономикалык калдыктарын жеңип өтүү оңой болбоду. Өкмөт кеңири реформалар жүргүздү. Экономиканын бардык тармактары эркин базар саясатына тартылып, алардын негизин жеке ишкердик жана менчик инвестициялар түздү.



**1946-жыл 9-декабрда ... 1947-жыл 15-август ... Индиянын тарыхындагы М. Гандинин ишмердүүлүгү ...**




Индия жана Пакистан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Эң чоң реформа агрардык тармакта өткөрүлдү. Жер анда эмгектенген дыйкандарга таратылды. Жерди ижарага берип, андан пайда алууга негизделген система жоюлду. Бирок эмгек өндүрүмдүүлүгү жогорулабады, түшүмдүүлүк өтө жай өстү, тамак-аш көйгөйү дагы узак убакыт сакталып калды.

1950-жылдардын экинчи жарымы – 1960-жылдарда Индияда ылдам индустриалдаштыруу башталды. Мамлекетке караштуу ири өнөр-жай ишканалары курулду. Бирок экономикалык өсүү натыйжалары калктын өсүү темпи алдында өтө төмөн болуп, жалпы улуттук продукциянын жарымынан көбү ички керектөөгө сарпталчу. Натыйжада 1960-жылдары саламаттыкты сактоо, билим берүү, илим жана маданият тармактарында жетишилген ийгиликтерге, экономикадагы өзгөрүүлөргө карабастан, калктын жашоо деңгээли, турмуштук маданияты төмөн бойдон кала берди.

**Заманбап саясий системанын калыптанышы.** XX кылымда эгемендикке жетишкен Азия жана Африка мамлекеттеринин ичинде Индия туруктуу парламент демократиясын калыптандыра алган жалгыз мамлекет болду. **1949-жылы** Индиянын жаңы Конституциясы кабыл алынды. Конституция негизги демократиялык эркиндиктер, адам укуктары, касталардын теңдиги, бийликтин бөлүнүү принцибин жарыялады.

**1960–1970-жылдардагы кризис.** **1965-жыл** Индия менен Пакистандын ортосунда башталган согуш Индияда ички саясий туруктуулукка да терс таасир көрсөттү. Согушту токтотуу үчүн **1966-жылы** Ташкентте Индия менен Пакистандын ортосунда сүйлөшүүлөр болуп өттү. Сүйлөшүүлөр ийгиликтүү аяктап, **Ташкент декларациясы** кабыл алынды.



**1950-жылдардын экинчи жарымы – 1960-жылдарда Индияда ...**

**1965-жыл ...** **1966-жыл ...**

Бул мезгилде экономикалык кыйынчылыктар да артып барды. 1966-1967-жылдары экономикада өсүүнүн токтошу болду. Кийинки жылдарда да өнөр-жайдын өсүүсү төмөн деңгээлде болду. Мамлекетке ачарчылык дайыма коол салып турду. 1960-жылдары агрардык реформа жүргүзүлдү. Бирок ал абалды оңдободу. Индия дыйкандары али да ачарчылык даражасында жашашчу.

Ушундай жагдайда премьер-министр Индира Ганди 1970-жылдарда бир топ маанилүү реформаларды жасады. Алар негизинен экономикага мамлекеттин кийлигишүүсүн азайтууга каратылган болчу. На-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

тыйжалар жаман болбоду. Өнөр-жай жана айыл чарбасынын жылдык өсүшү кескин ашты. 1980-жылдардын ортолорунан мамлекет дан менен өзүн-өзү камсыздай баштады. Чет эл инвестициялары да көбөйдү.

Бирок 1990-жылдардын башында Индиянын экономикалык абалы дагы начарлады. Экономикалык өсүү дээрлик токтоду, инфляция күчөдү, ишсиздик көбөйдү.



Индира Ганди.

**Тышкы саясатта.** 1950-жылдары **«Ж.Неру курсу»** калыптанды. Бул ири мамлекеттердин ортосундагы жаңжалдардан четте туруу саясаты эле. Ж.Неру Кошулбастык кыймылынын демилгечилеринен бири болду. Кошулбастык кыймылы Индиянын бүтүндөй XX кылымдагы тышкы саясатын белгилеп берди.

**Пакистан.** Ислам дини Пакистан үчүн улутту бириктирүүчү фактор болуп келди. Бирок эгемендиктен соң мамлекет татаал саясий жараяндарды башынан өткөрдү. Диний жана аймактык жаңжалдар туруктуу саясий системанын калыптанышына, экономиканын өнүгүүсүнө жолтоо болду. Пакистанда эмгекчилердин абалы оор бойдон калды.

**1977-жылы** аскердик төңкөрүш болду – бийликке генерал **Зия ул-Хак** келди. Ал парламентти таратып жиберди, премьер-министрди кызматынан бошотту жана эркин шайлоолорду белгиледи. **1988-жылдагы** шайлоолордун натыйжасында бийликке **Беназир Бхутто** башчылыгындагы Пакистан элдик партиясы келди. Б.Бхутто мамлекеттин премьер-министри болду. Зия ул-Хактын тушунда камалган бардык саясий ишмерлерге амнистия берилди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




**1947-жылы 15-августта эки көз карандысыз мамлекет – Индия жана Пакистан түзүлгөнү жарыяланды.**

**1966-жылы Индия менен Пакистандын ортосунда Ташкент декларациясы кабыл алынды.**

**1977-жылы Пакистанда аскердик төңкөрүш болду.**

1990-жылы Пакистандын президенти Б.Бхуттонун өкмөтүн коррупцияда айыптап, премьер-министрди кызматынан бошотту, жаңы шайлоо өткөрдү жана анда Б.Бхутто жеңилди.



**Амнистия** – бийликтин жогорку органдары тарабынан кылмыш жасагандарга карата колдонула турган кылмыштык жазадан бир бөлүгүнчө же толук бошотуу усулу.

**Курс** – саясаттын багыты, жол.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Согуштан кийин эмне үчүн Индияны эгемен жана бирдиктүү мамлекет катары сактап калуунун мүмкүнчүлүгү болбоду?
2. Индиянын бөлүнүүсү кандай көйгөйлөрдү келтирип чыгарды?
3. Кандай факторлор Индияда заманбап саясий системанын калыптанышына себеп болду?
4. Пакистан эгемендикке жетишкенден соң 1950 – 1960-жылдары кандай саясий жагдай пайда болду?
5. Пакистандагы 1977-жылдагы аскердик төңкөрүш кандай натыйжа менен аяктады?

## Өз алдынча иш



Картадан пайдаланып, Индия жана Пакистанга таандык аймактарды дептериңе бөлүп жаз жана аймактык бөлүнүүгө өз оюңду билдир.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

XX кылымдын 60-жылдарынан баштап Өзбекстанда белгилүү болгон индия кинолорунун тизмесин түз жана “Менин сүйүктүү кином” деген темада эссе жаз.

n.ziyouz.com сайтынан Шараф Рашидовдун “Kashmir qo‘shig‘i” романын көчүрүп алып оку жана чакан окуу долбоорун даярдап, ийрим сабактарында презентация өткөр.

## 26-ТЕМА. 1946–1991-ЖЫЛДАРДА ТҮРКИЯ, ИРАН ЖАНА ООГАНСТАН

**1946–1980-жылдардагы Түркия.** Түркия президенти Исмет Инйоню экинчи дүйнөлүк согуштан соң Ататүрктүн жолун улантты, мамлекетте бир партиянын диктатурасы сакталып калды.

**Осмон түрктөрүнүн мамлекети жөнүндө эмнелерди билесиң?**

«Суук согуш» жылдарында Түркия Батыш менен бирге болду. Улуу Британия, кийин АКШ Түркияга финансылык жана экономикалык жардам көрсөттү. Түркия «Маршалл планына» киргизилди, НАТОго мүчө болду.



Тургут Озал.

Батыш мамлекеттери менен шериктештикке, алардын жардамына карабастан, 1980-жылдарга чейин Түркияда экономикалык өсүү темптери төмөн болду. Демократиялык жараяндар жай өнүгүп, саясатта армиянын ролу жогору бойдон калды. Бул 1960–1970-жылдарда бир топ аскердик төңкөрүштөргө алып келди.

1980-жылы сентябрда генерал **Кенан Эврен** кезектеги аскердик төңкөрүш жасап, аскер адамдары бийликти дагы колго алды. Өтө катаал,



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

атүгүл өтө коркунучтуу усулдар менен болсо да, мамлекетте тартип орнотулду. **1982-жылы ноябрда** өткөрүлгөн референдум жаңы конституцияны тастыктады.




Түркия жана Иран.

1983-жылы Түркиянын премьер-министри болгон **Тургут Озал** Түркияда XX кылымдын аягында жасалган реформаларда өтө чоң роль ойноду. Ал Түркияда тездик менен экономикалык реформаларды баштап жиберди. Экономикада мамлекеттин ролу төмөндөдү, мамлекеттик секторду кеңири менчиктештирүү башталды, экспортту колдоо жөнүндө, эркин экономикалык зоналарды түзүү жөнүндө мыйзамдар кабыл алынды. Натыйжада Түркия тез өнүгүү жолуна түштү.

Экономикада мамлекеттик сектордун үстөмдүгү согуштан кийинки Түркиянын мүнөздүү жагы эле. Т. Озалдын реформалары гана буга чек койду, мамлекетте саясий абалдын да оң жакка өзгөрүшү болду. **1989-жылдагы** шайлоолордо Т. Озал Түркия Республикасынын



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

президенти кылып шайланды. 1990-жылдан премьер-министрлик кызматын башка бир тажрыйбалуу саясатчы Сулайман Демирел ээледи.

**Тышкы саясатта** Түркия көп жылдардан бери Европа Союзуна кирүү үчүн аракет кылып келүүдө. Түркиянын экономикалык жана саясий жактан Европа менен байланышкандыгы, НАТОнун мүчөсү болгондугуна карабастан, дагы эле Европа Союзуна кабыл алынбады.



**1980-жыл сентябрда ... 1983-жылда Түркияда ...**
**Т. Озалдын иш-аракети ...**
**С. Демирелдин иш-аракети ...**

**Иран.** 1946-жылы англис жана совет кошуундары Ирандан алып чыгып кетилди. 1950-жылдардын биринчи жарымында Ирандын саясаты негизинен мамлекеттин нефть өнөр-жайын улутташтырууга каратылды.



**Сафавийлер мамлекети жөнүндө эмнелерди билесиң?**

Иран шахы Мухаммад Риза Пахлавий заманбап, окумуштуу адам эле. Ал мамлекетте коррупцияга каршы, экономиканы модернизациялоо үчүн бир топ иш-чараларды жасады. 1963-жылы референдум өткөрүлүп, анда шах мамлекетте реформалар өткөрүү сунушун киргизди. Референдумда эл шахтын сунушун колдоду. Бул реформалар жалпы ат менен **«ак революция»** деп аталды. «Ак революциянын» он жылында Иран экономикалык өсүү боюнча дүйнөдө эң жогорку көрсөткүчтөргө жетти. Ирандын нефттен ала турган кирешеси да кескин ашты. Өнөр-жайдын машина куруучулук, станок куруучулук жана башка багыттары тез өнүктү.



Мухаммад Риза Пахлавий.

**Шах өкмөтүнүн оодарылышы.** Шах реформаларынын натыйжасында мамлекеттин заманбап болушу Ирандагы динчил консерватор эскичилдерди түйшүккө салды. Алар шахка каршы үгүт иштерин жүргүзүштү. Бул үгүттөр динчилдер башчылыгындагы элдик козголондорго алып келди. Натыйжада **1979-жылы февралда** өкмөт отставкага чыкты. Шахтын режими кулатылды, Иран Ислам Республикасы деп жарыяланды. Дин-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

чил адамдардан түзүлгөн Кеңеш жаңы конституцияны иштеп чыгууга киришти. Тездик менен адеп-ахлактын диний нормалары жарыяланды: алкоголь ичимдиктерин ичүү, музыка, бий, кино, шахмат оюну, китептерге тыюу салынды, бардык кинотеатрлар жабылды. Аялдар ислам адаттары боюнча кийинүүгө, паранжа ороп жүрүүгө мажбур кылынды.

Батыш мамлекеттери Иранга каршы санкциялар жарыялады. Мамлекеттин экономикалык абалы оорлошуп барды. Ошондой абалда **1980-жылы** Ирак кошуундары Иранга бастырып кирди. Башталган Иран-Ирак согушу 1988-жылга чейин уланды. Иранда тамак-аш жетишсиздиги башталып, карточка системасы белгиленди, экономика кыйроого жүз бурду. Бүткүл дүйнөдө Иран эл аралык терроризмдин жана ислам фундаментализминин очогу деп карала турган болду. Ошол учурда революциянын жеткечиси, Иран Ислам Республикасынын диний жетекчиси Аятуллах Рухуллох Хумайний 1989-жылы каза болду.

1990-жылдарда экономика туруктаашып, ЖИӨнүн өсүү темптери тездешти. Ошол жылдары ислам радикализми да бир аз басаңдады.



**1963-жыл ... 1979-жыл ...**
**Иран – Ирак согушу жана анын натыйжалары ...**

**Ооганстан.** Ооганстандын шахы **Мухаммад Захиршах** илимдүү адам болуп, ооган коомун жакшы билген жана модернизациялоонун маанилүүлүгүн терең туйчу.



**Ооганстандын өкүмдары Ахмадхан качан бийликке келген эле?**

Бул мезгилде Ооганстанга СССР, Франция, Кытай жардам көрсөтө баштады, немистер, япондор, индиялыктар шериктештиктеги ишканалар курду. Бирок социалдык жашоодо өзгөрүүлөр жай болду, кескин реформалар ишке ашырылбады. Ошого карабастан, бул өзгөрүүлөр шахты оодарууну жактоочуларды активдештирип жиберди. Натыйжада **1973-жылы** шах тактан оодарылды. **Мухаммад Давуд** президент деп жарыяланды.

М.Давуд бир катар реформаларды жасады. Бирок алар ооган элинин өтө аз бөлүгүнө гана таасир этти. Эң маанилүү иш-чаралардын бири сабатсыздыкты жоюу боюнча мамлекеттик башкарманы түзүү



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

болду. Мамлекет билим берүүнү өз көзөмөлүнө алды, бардык мектептер жана окуу жайлары Агартуу министрлигинин колуна өттү.

**1977-жылы** жаңы Конституция кабыл алынып, ага ылайык М.Давуд өмүр бою президент деп жарыяланды. Бирок М. Давуд армиянын үстүнөн өзүнүн бийлигин орното албады.



**1973-жылда ...**
**1978-жыл 27-апрель ...**
**1977-жылда ...**
**1979-жыл декабрь ...**

1978-жылы 27-апрелде Ооганстан аскердик-аба күчтөрү командачысы полковник Абдул Кадыр башчылыгындагы аскерлер мамлекеттик төңкөрүш жасап, М.Давудду бийликтен четтетишти. Революциялык кеңеш түзүлүп, ал өзүн Ооганстандагы жогорку бийлик деп жарыялады. Кеңешке **Нур Мухаммад Таракий** башчылык кылды.




Ооганстан.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бийликке келген топтун ичинде да биримдик жок эле. Натыйжада Н.М.Таракий өлтүрүлдү. Бийликти **Хафизулла Амин** өз колуна алды. Ал СССРге кайрылып, Ооганстанга советтик кошуундарын киргизүүнү сурады.

Ушундай шартта **1979-жылы декабрда** Ооганстанга советтик кошуундар киргизилди. Х.Амин өлтүрүлдү. Мамлекетте абал оордоп, дээрлик ачарчылык башталды. Миллиондогон адамдар мамлекеттен кетип, коңшу мамлекеттерде качкынга айланды. Бийликте турган Ооганстан эл демократиялык партиясына (ОЭДП) каршылаш болгон согушчан мужахиддер мамлекеттин чоң бөлүгүн көзөмөлдөйт эле.




**1983-жылы Тургут Озал Түркиянын премьер-министри болду.**

**1963-жылда Иранда референдум өткөрүлүп, анда шах мамлекетте реформалар жасоо сунушун киргизди.**

**1979-жылы декабрда Ооганстанга совет кошуундары киргизилди.**

1986-жылы бийликке **Мухаммад Нажибулла** келди. Ал коопсуздук кызматынын башчысы болуп, чечкиндүү жана эр жүрөк адам эле. Анын саясаты бир кыйла ийгиликтүү болду. **1989-жылы** СССР өзүнүн кошуундарын алып чыгып кетти, АКШ менен Пакистан болсо козголоңчуларга курал жеткирип берүүнү токтотту. М.Нажибулла бийликти сактап калды, бирок бул көпкө созулбады. 1991-жылдын аягына келип СССР тарагандан соң, М.Нажибулланын өкмөтү оор абалда калды.



**Терроризм**–тынч элди кыйноо, коркутуу, өлтүрүү, жок кылууга негизделген саясат.

**Фундаментализм**–эскирип калган түшүнүктөрдү сын көз караш менен кайра карап чыгууга кескин каршы чыгуучу, салттык баалуулуктарды кайра калыбына келтирүү үчүн күрөшүүчү өтө консервативдик диний агым.

**Ислам радикализми**–диний-саясий идеология жана практикалык иш-аракет болуп, ал мусулман эли жашаган мамлекеттердин ички жана алардын катышуусундагы эл аралык көйгөйлөрдү, о.э., мамлекеттер аралык мамилелерди шарияттын негизинде чечүү үчүн шарт жаратууга багытталган.

**Мужахид**–жихадда катышуучу мусулман.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Түркияда 1945–1980-жылдарда ишке ашырылган реформалар кандай натыйжаларга алып келди?
2. Түркияны тез өнүгүү жолуна түшүргөн Т.Озалдын реформалары жөнүндө айтып бер. Бул реформалар кандай натыйжаларга алып келди?
3. Ирандагы «Ак революция» кандай максаттарды көздөгөн эле жана ал кандай натыйжаларга алып келди?
4. 1979-жылы Иранда шах режиминин оодарылышы жана Иран Ислам Республикасынын жарыяланышына кандай факторлор себеп болду?
5. Иран-Ирак согушу кандай натыйжалар менен аяктады?
6. Ооганстанда 1979-жылы ишке ашырылган «революция» ооган коомунда кандай өзгөрүүлөргө алып келди?
7. Ооганстандан советтик кошуундар алып чыгылгандан соң мамлекетте кандай жараяндар болду? Мамлекеттин тынч өнүгүү жолуна өтүшү кандай жүрүүдө?

## Өз алдынча иш



"Ооганстан" картасынан пайдаланып ага чек ара болгон мамлекеттердин атын дептериңе көчүрүп жаз жана жаттап ал.



Интернет каражатында Түркияга виртуалдуу саякат уюштур жана темада үйрөнүлгөн материалдардын негизинде тарыхый окуяларды чечмеле.



n.ziyouz.com сайтынан Азиз Несиндин "G'aroyib bolalar" романын көчүрүп ал жана оку, чакан окуу долбоорун даярда, ийрим сабагында презентация жаса.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 27-ТЕМА. 1946–1991-ЖЫЛДАРДА ЛАТЫН АМЕРИКАСЫ МАМЛЕКЕТТЕРИ

Экинчи дүйнөлүк согуштан соң Латын Америкасы мамлекеттеринин экономикалык реформаларды өткөрүүсү үчүн ыңгайлуу шарт пайда болду: алар бир кыйла чоң валюта запасына ээ болду, дүйнө соодасындагы үлүшү ашты. Бул абал Латын Америкасы мамлекеттеринде жалпы, бирок авторитардык режимдердин калыптанышы үчүн ыңгайлуу чөйрө жаратты.



**Экинчи дүйнөлүк согуштагы Латын Америкасынын катышуусу жөнүндө эмнелерди билесиң?**

1970-жылдардын аягы 1980-жылдардын башында Латын Америкасы мамлекеттеринде диктатордук режимдерге каршы күрөш активдешти. Бул 1979-жылы Никарагуада революцияга, Сальвадор жана Гватемалада козголоңчулук кыймылынын күчөшүнө алып келди. Түштүк Америка мамлекеттери–Эквадор, Перу, Боливия, Аргентина, Бразилия жана Уругвайда аскердик режимдер жарандык өкмөттөрү менен алмаштырылды.

XX кылымда Латын Америкасы мамлекеттери үчүн жалпы болгон модернизациялоонун үч–революциялык, неоконсервативдик жана реформалык варианттары даана байкалды. Бул варианттарды үч мамлекеттин мисалында көрүп чыгабыз.

**Куба–модернизациялоонун революциялык варианты.** 1950-жылдардын аягында Кариб деңизиндеги кичи арал–Кубада болгон окуялар бүткүл дүйнөнүн көңүлүн өзүнө бурду. Куба коомду модернизациялоонун революциялык жолун тандады.

**1959-жылы 1-январда** Фидель Кастро башчылыгында козголоңчулар Кубанын борбору Гавана шаарына кирип келишти, революция жеңди. Ф.Кастронун өкмөтү кескин сапаттык өзгөрүү гана Кубаны жакырчылыктан алып чыгат, коомдун өнүгүүсүн заманбап даражага көтөрөт, деп ойлоп, кескин социалдык-экономикалык саясатты ишке ашырды.



Фидель Кастро.

АКШнын Кубадагы жаңы бийликке душмандык мамилеси айкын болгондон соң, Ф.Кастронун өкмөтү СССР менен келишим аркы-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

луу мамлекеттин коргонуу кудуретин чыңдай баштады. Бул болсо **1962-жылдагы Кариб кризисине** алып келди.



**1970-жылдардын аягы – 1980-жылдардын баштарында ...**
**1979-жылда ...** **1962-жылда ...**

Куба баштапкы мезгилде коомдун жашоосун дээрлик бардык тармактарында модернизациялоодо чоң ийгиликтерге жетти. Таза агрардык мамлекет болгон Кубаны агрардык-индустриалдык мамлекетке айландыруу курсу тандалды.

Бирок 1980-жылдарда коомду модернизациялоонун Куба вариантында белгилүү бир кемчилдиктер байкала баштады. Экономикалык өсүү темптери, элдин жашоо деңгээли төмөндөдү. СССРдин талкаланышы Куба үчүн өтө чоң сокку болду. 1990-жылдарда көпчүлүк Ф.Кастро режиминин кулашын болжошкон эле. Бирок бул режим сакталып калды.

**Чили – модернизациянын неоконсервативдик варианты.** Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки өткөн убакыт ичинде Латын Америкасы мамлекеттери коомду модернизациялоонун оптималдуу вариантын издешти. 1960-жылдары Чилиде бийлик мамлекетти модернизациялоого аракеттенди. Мында ал мурда алдыңкы мамлекеттерде сыноодон өткөн реформалоо системаларына таянды. Бирок башталган реформалар барган сайын коомдогу бөлүнүүнү күчөттү, мамлекет турмушунун социалдык-саясий багыттарында кескиндикти пайда кылды. Кезектеги президенттик шайлоолордон мурда Элдик биримдик блогу түзүлүп, ага коммунисттер, социалисттер, радикалдар жана Элдик ишмердиктин бирдиктүү кыймылы кирди. **1970-жылы** ушул блоктун талапкери **Сальвадор Аленде** Чилинин президенти болуп шайланды.



Аугусто Пиночет.

С.Аленденин өкмөтү терең реформаларды ишке ашырууга киришти. Бирок коомдун кызыкчылыктарына таасир кыла турган, адаттагы жашоо мүнөзүн, салттуу социалдык мамилелерди бузуучу ар кандай ишчара сыяктуу С.Аленденин өкмөтү баштаган реформалар да мамлекетте түрдүү көз караштар, каршылыктарды келтирип чыгарды. **1973-жылы** мам-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лекеттик төңкөрүш жасалып, өкмөткө генерал **Аугусто Пиночет** башчылыгындагы аскердик хунта келди. Чилиде блокадалык кырдаал жарыяланды. Конституция жана дээрлик бардык демократиялык эркиндиктер бекер кылынды.

Пиночет өкмөтү тандаган модернизациялоонун неоконсервативдик варианты чоң социалдык көйгөйлөргө алып келди. Алгач, иш акы, айрыкча реформалардын алгачкы жылдарында, сезилерлүү даражада азайды, ишсиздик кескин ашты.



**1960-жылдары Чилиде ...** **1970-жылда ...**
**1973-жылда ...**

Неоконсервативдик модернизациялоонун мындай карама-каршылыктуу натыйжалары мамлекеттеги жалпы саясий чөйрөгө да таасир көрсөттү. 1989-жылдагы президенттик шайлоодо Христиан-демократиялык партиянын жетекчиси П. Эйлвин жеңип чыкты. Диктатура доору аяктады.

**Мексика – модернизациялоонун реформалоо варианты.** 1958-жылы Мексика өнөр-жай продукцияларынын жалпы көлөмү боюнча Латын Америкасында биринчи орунга чыкты. Мамлекеттин ийгиликтүү экономикалык өнүгүүсүндө кудуреттүү мамлекеттик сектор негизги роль ойноду.

Латын Америкасында чоң кеп-сөзгө себеп болгон Куба революциясы Мексика жетекчилерин да социалдык багытка олуттуу көңүл бурууга үндөдү. Бирок модернизациялоонун Куба вариантын кабыл албастан, Мексика ошол учурда Чили вариантына да өтө күмөн менен карады. Мексика бийлик чөйрөлөрү өнүгүүнүн либералдык-реформалык жолунан чегинбеди.




**1959-жылы 1-январда Ф.Кастро башчылыгындагы козголоңчулардын революциясы жеңди.**

**1970-жылы Элдик фронттун талапкери Сальвадор Аленде Чилинин президенти болуп шайланды.**

**1958-жылда Мексика өнөр-жай продукцияларынын жалпы көлөмү боюнча Латын Америкасында биринчи орунга чыкты.**

1980-жылдардагы дүйнөлүк экономикалык кризис Мексика үчүн чоң сыноо болду. Кризис жеңип өтүлгөн болсо да, ишсиздик, тыш-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кы карыз кескин ашты, тышкы дүйнөгө, биринчи кезекте АКШга көз карандылык да артты.



**Аскердик режим** – мамлекетти башкаруу формасы болуп, анда бардык бийлик аскерлерге тиешелүү болот. Адатта аскердик режимдер аскердик төңкөрүш аркылуу орнотулат.

**Агрардык-индустриалдык мамлекет** – негизги байлыгын айыл-чарба продукциялары түзө турган, өнөр-жайы айыл-чарба продукцияларын жана табигый байлыктарды кайра иштетүүгө каратылган мамлекет.

**Аскердик хунта** – мамлекеттик төңкөрүш аркылуу бийликке келген, адатта зордукчул жана диктатордук усулдар менен мамлекетти башкара турган аскерлердин бийлиги.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. 1950–1980-жылдардын биринчи жарымында Латын Америкасы мамлекеттеринде болгон негизги саясий өзгөрүүлөр жөнүндө айтып бер.
2. Модернизациялоонун Кубага таандык революциялык жолу кандай кескин өзгөрүүлөрдү көздө тутат?
3. Модернизациялоонун Куба варианты өзүн актадыбы? 1980-жылдардан бул варианттын кандай кемчилдиктери байкалды?
4. Чилиде С.Аленде өкмөтүнүн реформалары белгилүү бир ийгиликтерге карабастан эмне үчүн кең жайылбады?
5. Пиночет диктатурасы доорундагы реформалар Чилинин кийинки өнүгүүсүндө кандай роль ойноду?
6. Мексикада модернизациялоонун реформалоо варианты Куба жана Чили варианттарынан эмнеси менен айырмаланат?
7. XXI кылымда Латын Америкасы мамлекеттери дүйнө саясатында чоң таасирге ээ эместигинин себептери эмнеде?

## Өз алдынча иш



1963-жылда Кубанын жетекчиси Фидель Кастронун Өзбекстанга келиши жөнүндөгү маалыматтарды издеп тап жана “Шараф Рашидов жана Фидель Кастро” темасында презентация даярда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Интернет каражатында Латын Америкасы мамлекеттерине виртуалдык саякат уюштур жана темада үйрөнүлгөн материалдардын негизинде тарыхый окуяларды чечмеле.

ziyouz.uz сайтынан Альваро Юнкенин “Muallima uchun atirgul” аңгемесин көчүрүп ал жана оку, мугалимдер жөнүндө жазылган башка аңгемелер менен салыштырып, оюнду дептериңе жаз.

## 28-ТЕМА. 1946–1991-ЖЫЛДАРДА АФРИКА МАМЛЕКЕТТЕРИ

**Экинчи дүйнөлүк согуш жана анын натыйжалары.** Экинчи дүйнөлүк согуштан соң Африкада улуттук-боштондук кыймылынын мүнөзү өзгөрдү. **1945-жылы** Манчестер шаарында **V Панафрика конгресси** болду. Ал Африка элдеринин күрөшүндө сапат жагынан жаңы доор башталгандыгын чагылдырды. Бул конгрессте мурдагыларына салыштырмалуу өтө көп Африка ишканалары катышты. Конгрессте эзүүчүлүккө жана империализмге каршы дух үстөмдүк кылды. Африканын бардык аймактары жана мамлекеттериндеги абал талкууланды. Конгресс бүткүл материкке, баардык ири аймактар жана мамлекеттерге каратылган жаңы революциялык талаптарды илгери сүрдү.

**Экинчи дүйнөлүк согушта Африка элдеринин катышуусу жөнүндө эмнелерди билесиң?**

Көптөгөн Африка мамлекеттери үчүн согуштан кийинки жылдар саясий партияларды түзүү, эзүүчү режимдерди кулатуу үчүн күрөшүү доору болду. Африкалыктардын аң-сезиминдеги колониалисттик түшүнүгү Европанын үстөмдүгү менен байланыштуу эле. Ошондуктан эгемендүүлүк үчүн күрөш көбүнчө бардык европача нерселерден баш тартууга айланып калды. Бул жөнүндө Батыш Африкалык акын **Бернар Даде** мындай деп жазган эле:



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*Мен галстук тагууну жактырбаймын.*
*Мойнума кооз бир чынжыр тагамын,*
*Тарбиялуу Европанын кулдук чынжыры.*
*Мен саат тагууну жактырбаймын.*
*Колума зулумду тагып жүрөмүн,*
*Европанын пайдасыз зулумун.*

Метрополиялар да акырындык менен бийликтин мурдагы усулдарынан баш тартып барды.

**«Африка жылы».** Эзүүчүлүктөн бошонуу жараянынын эң жогорку чекити 1960-жылга туура келди. Ал тарыхка «Африка жылы» катары кирди. Ошол жылы дүйнөлүк картада 17 жаңы Африка мамлекеттери пайда болду. Алардын көпчүлүгү француз жана англис колониялары эле. Африканын эң чоң мамлекеттери Нигерия жана Конго өзүнүн эгемендүүлүгүн жарыялады. Эзүүчүлүк доорунда экиге бөлүнүп кеткен Сомали биригип, эгемендүү Сомали Демократиялык Республикасы аталышын алды.

«Африка жылы» материктеги абалды өзгөртүп жиберди. Башка мамлекеттерде да колония режиминин кулашы айкын болуп калды. Кийинки жылдарда Улуу Британияга караштуу дээрлик бардык мамлекеттер өзүнүн эгемендүүлүгүн жарыялады. 1975-жылы Португалияда революция болгондон соң анын колониялары да эгемендүү мамлекеттер катары түзүлдү.

Ошентип, 1990-жылдарга келип, Сахарадан түштүктө 40 тан ашуун саясий эгемендүү мамлекеттер түзүлдү. Алардын көпчүлүгү өздөрүн республика деп жарыялады.

**Африка мамлекеттеринин көйгөйлөрү.** Колониячылык режиминин оодарылышы жана саясий бийликтин африкалыктарга өтүшүн бүткүл Африка өтө чоң ийгилик деп эсептеди. Алар өздөрүнүн чоң үмүттөрүн эгемендүүлүк менен байланыштырышты. Дээрлик дароо жашоо толугу менен жакшыланат, деген ишеним кеңири таралган эле. Бул кубанычтуу үмүттөргө элдин чоң бөлүгү сыяктуу оңойлук менен болбосо да, аз да болсо африкалык лидерлердин да көпчүлүгү ишенет эле.

Жашоо чындыгында жакшыланып барды. Африкалыктар мамлекет аппаратынын бардык муундарын, армия, полицияны өздөрү калыптандыра баштады. Африкалыктар маданиятынын өнүгүшү үчүн кеңири мүмкүнчүлүктөр пайда болду. БУУ жана башка эл аралык уюмдардын ишинде тең укуктуулук менен катышуу, жаңы мамле-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

кеттер жана алардын жарандарынын өздүгүн көрсөтүүдө чоң роль ойноду. Жаш мамлекеттер дүйнөнүн көптөгөн мамлекеттеринен, БУУнун адистештирилген органдарынан, эл аралык фонддор жана банктардан сезилерлүү жардам ала баштады.

«Суук согуш» шартында карама-каршы блоктордун ортосунда Африка мамлекеттерине таасир көрсөтүү үчүн күрөш башталды. Эгемендүүлүккө жетишкен мамлекеттердин бир бөлүгү социалисттик мамлекеттер, оболу Советтер Союзун ээрчип, «капиталисттик эмес өнүгүү жолун» тандады. Көбүнчө капиталисттик эмес жолду тандаган мамлекеттерде мүшкүл абалдар келип чыкты, эгемендүүлүк үчүн күрөшкөн кечеги лидерлер жана бийлик партиялары бийликке келгенден соң, залим жана диктаторлорго айланышты, ал эми жарандык согуштар көптөгөн кан төгүүлөргө алып келди. Бирок капиталисттик жолду туура деп билген башка бир топ мамлекеттерде да ошондой, дээрлик бирдей көйгөйлөр келип чыкты.



**«Африка жылы»...** **1975-жылда...**
**Африка мамлекеттеринин көйгөйлөрү бул...**

Көптөгөн Африка мамлекеттери эгемендүүлүк жарыялангандан кийин да дүйнөнүн эң жарды мамлекеттеринен болуп кала берди. Эгемендүү мамлекетти куруу өтө татаал жараян болуп чыкты. Кыйынчылыктардын көпчүлүгү өтмүштөгү колониячылык менен, дагы бир бөлүгү болсо колониячылыктан алдыңкы салттар менен байланыштуу эле. Колониячылык системасы кулатылгандан соң колониялык башкаруу системасы да бекер кылынды жана өкмөткө жаңы, мамлекетти башкаруу тажрыйбасына ээ болбогон адамдардын келиши да кырдаалды бир кыйла татаалдаштырды. Бир топ Африка мамлекеттеринде көп сандуу, тажрыйбасыз жана натыйжасыз, кулагына чейин коррупцияга батып калган, мамлекеттин байлыгын талап-тоноочу жана ошонун негизинде бири-бирин колдоп-кубаттоочу бюрократиялык аппарат пайда болду. Мындай шартта жеке тартип жана күчкө ээ болгон уюм армия болуп калды. Натыйжада токтоосуз аскердик төңкөрүштөр болду. Өкмөткө келген диктаторлор чексиз байлыктарды ээлеп алышат. Экономиканын начар иштөөсү наркотиктер өндүрүү жана таратуу, мыйзамсыз түрдө алтын жана алмаз казып алуу жана атүгүл адам соодасы өндүү терс көрүнүштөрдүн кеңири таралышына алып келди.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE




Африка мамлекеттери.

Мамлекет чек араларынын өтө жасалмалыгы да Африка мамлекеттеринин калыптанышын абдан оордотту. Чек аралар колониячылык доорунан мурас калган болуп, эгемендүү мамлекеттердин түзүлүшүндө элдин этникалык таандыктыгы эсепке алынбаган эле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

Бул жагдай токтоосуз этникалык жаңжалдарды келтирип чыгарды жана миллиондогон качкындардын пайда болушуна алып келди. Мамлекеттер аралык жана бир мамлекет чегиндеги этникалык жаңжалдар Африка үчүн чыныгы кырсыкка айланды.

Жардылыктан, согуш жана геноцидден, өнөр-жайдын жоктугу себеп жумушсуздук жана аргасыздыктан кутулуу үчүн миллиондоп Африкалыктар өз материгин таштап кетишти. Азыр Улуу Британия, Франция сыяктуу Европа мамлекеттеринде миллиондогон африкалыктар жашашат. Легалдуу эмес иммигранттар да көп болгондуктан алардын так санын эч ким билбейт. Көптөгөн африкалыктар өз мекенине кайтуу үчүн эмес, Европада өз укуктарына ээ болуу үчүн күрөшүп жатышат.




**1990-жылдарга келип, Сахарадан түштүктө 40 тан ашуун саясий эгемендүү мамлекеттер түзүлдү.**

**1975-жылы Португалияда революция болгондон соң анын колониялары да эгемен мамлекеттер катары түзүлдү.**

Мамлекеттер жана этностор аралык көптөгөн карама-каршылыктарга карабай, бардык африкалыктар материктеги соңку колониалдык режим – Түштүк Африка Республикасындагы апартеид режимин каралоодо бирдиктүү пикирде болушчу.



**Армия** – мамлекеттин куралдуу күчтөрү. Анын негизги милдети мамлекетти сырткы душмандан коргоо.

**Полиция** – бир топ мамлекеттерде мамлекеттик башкаруу органы болуп, негизги милдети учурдагы режимди коргоо жана жамааттык тартипти сактоо болуп эсептелет.

**Геноцид** – калктын айрым топторун же бүтүндөй бир элдерди саясий, расалык, улуттук, этникалык же диний белгилердин негизинде кыруу.

**Апартеид** (apartheid – өз-өзүнчө жашоо) – расалык кемсинтүүнүн эң кескин көрүнүшү.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Биринчи дүйнөлүк согуш, согуштан кийинки V Панафрика конгресси Африка элдери колониячылыкка каршы күрөшүнүн мүнөзүнүн өзгөрүшүнө кандай таасир көрсөттү?
2. Материктин эгемендүүлүккө жетишүү символу болгон 1950-жылдардын аягындагы алгачкы эгемен мамлекеттер жана «Африка жылы» жөнүндө айтып бер.
3. Эгемендүүлүккө жетишкен көптөгөн Африка мамлекеттери эмне үчүн “капиталисттик эмес өнүгүү” жолун тандады?
4. Африка мамлекеттери эгемендүүлүккө жетишкенден соң кандай көйгөйлөргө туш келишти?
5. Африка мамлекеттеринде этникалык көйгөйлөрдүн токтоосуз болуп туруусуна эгемендүүлүккө чейинки кандай факторлор себеп болду?
6. Апартеид кандай режим? Геноцид деген эмне?
7. Африка элдеринин алдында XX кылымдын 90-жылдарында кандай көйгөйлөр бар эле?

## Өз алдынча иш



“Африка мамлекеттери” картасы менен таанышып чык жана теманын текстиндеги окуя менен байланыштуу түрдө түшүндүрмө жаз.



Теманын текстинин негизинде “Африка” темасында беш саптуу ыр “Синквейн” түз жана дептериңе жаз.



ziyouz.com сайтынан Эрнест Хемингуейдин “Чал жана деңиз” романын көчүрүп ал жана оку, чакан окуу планын даярдап, ийрим сабактарында презентация өткөр.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# 29-ТЕМА. XX КЫЛЫМДЫН ЭКИНЧИ ЖАРЫМЫНДА ИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТТЫН ӨНҮГҮҮСҮ

**Илимий-техникалык революция жана анын натыйжалары.** Соңку жүз жылда илимдин өнүгүүсү XX кылымдын экинчи жарымында илимий-техникалык революцияга алып келди. Бул революциянын негизги белгилери табигый жана синтетикалык материалдардан товарларды массалык түрдө өндүрүү, машиналардан кеңири пайдалануу, өндүрүштүн конвеерлүү линияларын, завод-автоматтарды жана өнөржай роботторун жаратуу болду. Илимий-техникалык революция дүйнө экономикасын капитализмдин постиндустриалдык дооруна алып чыкты.

Экинчи дүйнөлүк согуштан кийин башталып кеткен «суук согуш», АКШ менен СССРдин ортосундагы куралдануу жарышы космос тармагына да өттү. **1957-жылы 4-октябрь** күнү Советтик Союзда дүйнөдө биринчи Жердин жасалма жолдошу учурулду. Академик С.**П.Королёв** башчылыгындагы топ тарабынан Айга космостук кеме учуруу боюнча изилдөөлөр алып барылды. Натыйжада **1961-жылы 12-апрелде** дүйнөдө биринчи жолу **Юрий Гагарин** «Восток» космостук кемесинде космоско учту. Космонавтика доору башталып, ал космос жөнүндөгү билимдерибизди кеңейтти.



**Дүйнөдө биринчи темир жолу качан жана кайсы өлкөдө ойлоп табылган эле?**

**Так илимдердеги ачылыштар.** Бул жылдары так илимдер жетишкен эң чоң ийгиликтердин бири лазердин ачылышы болду. Бул ачылыш XX кылым физика илиминин эң жаркын ачылыштарынан бири катары таанылган. 1960-жылы советтик физиктер Н.Г.Басов, А.М.Прохоров жана америкалык окумуштуу Ч.Таунс **лазер**–(бул англисче Lighit Amplification bu Stimulated Emission of Radiation–*аргасыз нурлануунун натыйжасында жарыктын күчөтүлүшү* сөздөрүнүн баш тамгаларынан алынган)–нурдун таптакыр жаңы түрүн жаратышты. Бул үч окумуштууга физика тармагында **Нобель сыйлыгы** берилди.

Жаңы техника жана технологиялардан пайдалануу менен байланышкан дагы бир жаңылык компьютердин ойлоп табылышы болду. Компьютер (англисче computer–«эсептегич») баштап маалыматты кайра иштетүү жана эсептөө үчүн жаратылды, электрондук эсептөө машинасы–ЭЭМ деп аталчу жана өтө чоң көлөмгө ээ эле. 1959-жылы



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

америкалык инженерлер Д.Килби менен Р.Нойс тарабынан **жарым өткөргүчтүү интегралдык микросхемалар**дын жаратылышы компьютер жана башка аспаптардын көлөмүнүн кескин кичирейүүсүнө, иш тармагынын кескин кеңейүүсүнө алып келди. Интегралдык микросхемалардын жаратылышын окумуштуулар XX кылымдын соңку 50 жылы ичинде жасалган эң белгилүү ойлоп табуу деп аташты.



Адамзат тарыхында биринчи болуп космоско учкан адам Юрий Гагарин.

Азыр дээрлик бардыгыбыз пайдалана турган уюлдук телефондор да XX кылымдын ойлоп табуусу. Швециянын Телеверкет компаниясы 1940-жылдардын аягында эле уюлдук телефондорду жаратуунун үстүндө иш башталган эле. Шведдер тарабынан сунуш кылынган биринчи жалпы уюлдук телефон байланышы MTS–Mobil telefon sistem (мобилдик телефон системасы) деп аталды. 1970–1980-жылдары **Ericsson, Philips** жана башка көптөгөн таанымал компаниялар тарабынан уюлдук телефон аппараттарынын жаңы түрлөрү жаратылды. Ошол жылдары заманбап көрүнүшкө жакын аппараттар пайда болду. Массачусетс технология институтунун ишчилери алыс аралыктан туруп компьютер аркылуу байланыш орнотуу мүмкүн экендигин негиздешти жана интернеттин жаратылышын жакындатышты. 1969-жылы интернеттин өтмүштөгү үлгүсү ARPANET жаратылды. **1972-жылы E-mail** (электрондук почта) пайда болду.



**1957-жылда ...** **1961-жылда ...**
**Жарым өткөргүчтүү интегралдык микросхемаларды ойлоп тапкандар ...**



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Көркөм өнөр.** XX кылымдын экинчи жарымында көркөм өнөрдө ***абстракционизм*** (*абстракция – белгисиз*) багыты кең жайылды. Абстракционизм фотография өнөрүнүн өнүгүүсүнө өзүнө мүнөздүү жооп иретинде пайда болду. Абстракционизмдин өкүлдөрү эми сүрөттөлүштө кыймылды, сезимди туюнтууга умтулушту, чындыгында, алардын оюнча, дал ушул жагдайларды фотографияда чагылдыруу мүмкүнчүлүгү жок эле.

Абстракционизмге карама-каршы түрдө ***поп-арт*** (*жалпы көркөм өнөр*) пайда болду жана бат эле Европага тарады. Поп-арт күйөрмандарынын оюнча, дүйнөдөгү ар кандай буюм өзүнүн баштапкы керектелүүчү маанисин жоготуп, көркөм, эстетикалык сапатка ээ болушу мүмкүн.

Көркөм өнөрдүн бул багыттарында ааламдын түспөлүндөгү логика менен тактыктын жоктугу көркөм өнөрдөгү модернизм баскычы өз мүмкүнчүлүктөрүн бүтүргөнүнөн кабар берет эле. Эми Батыш жана Чыгыш көркөм өнөрү, өтмүш жана заманбап стилдерди, фольклор жана массалык маданият элементтерин өзүндө камтыган **постмодернизм** стили пайда болду.

**Адабият.** Согуштан кийин бир топ жазуучулардын романдары согушту көркөм усулдар менен таанууга арналды. Бул мезгилде көпчүлүк чыгармалар антифашисттик, пацифисттик духта жазылган болсо, 1960-жылдардан соң реализм коомдогу жаңы орчундуу көйгөйлөрдү чагылдыруунун куралына айланды. Аларда адам менен жаратылыштын ортосундагы тыгыз байланыш, табияттагы кырсыктардын адам жана коомдун да түркөйлөшүүсүнө алып келиши жөнүндө өтө таасирлүү көркөм образдар аркылуу жаркын туюнтулду.




**XX кылымдын экинчи жарымында илимдин өнүгүүсү илимий-техникалык революцияга алып келди.**

**1969-жылы интернеттин өтмүштөгү үлгүсү ARPANET жаратылды.**

**1972-жылы E-mail (электрондук почта) пайда болду.**

Баяндоонун реалисттик түрү XX кылымдын жаңы адабий багыты – массалык адабиятта өзүнө жол тапты. Бул адабият окурмандардын кең катмарына арналып, так үлгүлөрдүн негизинде жазылган, көркөмдүк жактан анчалык жогору болбогон, идеологиялык жактан учурдагы тартиптерди колдоп-кубаттоого багытталган чыгарма-



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

лар. Бул – базардын бардык мыйзамдарына амал кыла турган, кардарлардын түрдүү катмарларына ылайыкталган адабий товар. Бул өзүнүн ачык ишкердик характери, көңүл ачуучу функциясы жана окуялардын өнүгүүсүнүн алдын ала маалымдыгы менен XX кылымдын биринчи жарымындагы адабияттан терс жактары менен айырмаланат. Бул чыгармалардын көркөм баасы жөнүндө олуттуу ой жүгүртүүгө болбойт, аларды окуу акылды жана чын дилден берилүүнү талап кылбайт, болгону, алар бүгүнкү ылдам заманда убакытты өткөрүүнүн бир түрү болуп калган.



**Конвеер** (англисче convey – узатуу) – төгүлмө, бөлүктүү же дааналуу жүктөрдүн ордун өзгөртүүгө арналган токтоосуз узатып туруучу машина.

**Постмодернизм** – маданиятта модернизмдин негизги принциптерин четке кагуучу жана өтмүштөгү стиль жана багыттардан кээде келекелөө менен пайдалануучу XX кылымдын экинчи жарымына таандык багыт.

**Пацифизм** (pacificus – тынчтыкты сүйүүчү) – зордукчулдукту жоюу үчүн ага каршы күрөшүү идеологиясы. Пацифисттик кыймыл, тынчтык үчүн – согушка каршы социалдык кыймыл болуп, негизинен тынч каражаттар менен, согуштун ахлакка каршы характерин таануучу каршылык кыймылы.

## Бышыктоо үчүн суроо жана тапшырмалар

1. Капитализмдин постиндустриалдык доорунда илимий-техникалык өнүгүү кандай баскычтарды өзүнө камтыйт?

2. «Суук согуш» мезгилиндеги жарышуу массалык кыргын куралдарынын кандай жаңы түрлөрүнүн жаратылуусуна жана космосту багынтуу үчүн кандай изилдөөлөрдүн алып барылуусуна себеп болду?

3. Заманбап ЭЭМдер, компьютерлер жана уюлдук байланыш тармагынын жаратылышында интегралдык микросхемалардын ойлоп табылышы кандай роль ойноду?

4. Интернет тармагынын пайда болушуна кандай теория негиз болду?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

5. Абстракционизм деген эмне жана ага кандай түшүндүрмө берсе болот?

6. XX кылым адабият жана көркөм өнөрүндөгү кандай багыттарды сүрөттөй аласың? Адабият жана көркөм өнөрдүн социалдык турмушка таасири эмнелерде көрүнөт?

**Өз алдынча иш**



“Космоско саякат” темасында презентация даярда жана видеоролик түрүндөгү ийрим сабактарында көрсөт.



Интернет каражатында XX кылымда илим-билим жана техниканын өнүгүүсүнө тиешелүү материалдарды издеп тап жана окуу долбоорун даярда.



ziyouz.com сайтынан “Jahon adabiyoti” журналында басылган көркөм-тарыхый чыгармаларды көчүрүп алып, каникулда окуп чык. “Каникул жана китеп окуу” темасында окуу портфолиосун даярда.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# МАЗМУНУ

Киришүү .......... 3
1-тема: 1918-1939-жылдарда эл аралык мамилелер .......... 4
2-тема. 1918–1939-жылдарда илимий-техникалык өнүгүүнүн ылдамдоосу, илим-билимдеги жетишкендиктер .......... 8
3-тема: 1918-1939-жылдарда Улуу Британия .......... 12
4-тема: 1918-1939-жылдарда Франция .......... 16
5-тема: 1918-1939-жылдарда Америка Кошмо Штаттары .......... 20
6-тема: 1918-1939-жылдарда Германия .......... 25
7–8-темалар: 1918-1939-жылдарда СССР .......... 30
9-тема: 1918-1939-жылдарда Италия жана Испания .......... 37
10-тема. 1918–1939-жылдарда Латын Америкасы мамлекеттери .......... 42
11-тема: 1918-1939-жылдарда Япония .......... 47
12-тема: 1918-1939-жылдарда Кытай жана Индия .......... 51
13-тема: 1918-1939-жылдарда Түркия жана Иран .......... 57
14-тема: 1918-1939-жылдарда Африка мамлекеттери .......... 62
15-16-темалар: Экинчи дүйнөлүк согуш жана анын натыйжалары .......... 67
17-тема: Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки эл аралык мамилелер: “суук согуштун” башталышы .......... 76
18-тема: 1946-1991-жылдарда Америка Кошмо Штаттары .......... 81
19-20-темалар: 1946-1991-жылдарда Советтер Союзу .......... 87
21-тема: 1946-1991-жылдарда Улуу Британия жана Франция .......... 94
22-тема: 1946-1991-жылдарда Германия жана Италия .......... 99
23-тема: 1946-1991-жылдарда Япония жана Азиянын жаңы индустриалдык мамлекеттери .......... 105
24-тема: 1946-1991-жылдарда Кытай Эл Республикасы .......... 110
25-тема: 1946-1991-жылдарда Индия жана Пакистан .......... 115
26-тема: 1946-1991-жылдарда Түркия, Иран жана Ооганстан .......... 120
27-тема: 1946-1991-жылдарда Латын Америкасы мамлекеттери .......... 127
28-тема: 1946-1991-жылдарда Африка мамлекеттери
29-тема: XX кылымдын экинчи жарымында илим жана маданияттын өнүгүүсү .......... 137

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

**Shuhrat Ergashev, Begzod Xodjayev,
Jamshid Abdullayev**

# JAHON TARIXI

**(1918–1991-yillar)**

O‘rta ta’lim muassasalarining 10-sinfi
uchun darslik

Birinchi nashr

*(qirg‘iz tilida)*

«TURON-IQBOL»
Toshkent, 100182. H. Boyqaro ko‘chasi, 51-uy.
Toshkent–2017

Которгон К. Токтобаев
Редактору А. Зулпихорова
Көркөм редактору Э. Абдикайырова
Тех.редактору Т. Смирнова
Корректору А. Зулпихорова
Компьютерде беттеген А. Мухаммадиев

Басманын лицензиясы AI №223, 16.11.2012.
Басууга 12.09.2017-жылда уруксат берилди. Форматы 70×90 $^{1}/_{16}$.
Офсеттик ыкмада басылды. «Times New Roman» гарнитурасы.
Шарттуу б.т. 10,53. Эсеп б.т. 9,95. Тиражы 788 нуска.
17-623-сандуу буюртма.

Өзбекстан Басма сөз жана маалымат агенттигинин “O‘zbekiston”
басма-полиграфиялык чыгармачылык үйү басмаканасында басылды.
100011, Ташкент, Навайи көчөсү, 30.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

***Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал***

| № | Окуучунун аты-жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | |
| 2. | | | | | | |
| 3. | | | | | | |
| 4. | | | | | | |
| 5. | | | | | | |
| 6. | | | | | | |

***Окуу китебин ижарага бергенде жана окуу жылынын аягында кайтарып алганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан баалоонун төмөнкү критерийлеринин негизинде толтурулат***

| | |
|---|---|
| **Жаңы** | Окуу китебинин пайдаланууга алгачкы жолу берилгендеги абалы. |
| **Жакшы** | Мукабасы бүтүн, китептин негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, көчпөгөн, беттеринде жазуу-чийүүлөрү жок. |
| **Канааттандырарлык** | Мукабасы эзилген, бир аз чийилип, беттери тытылган, китептин негизги бөлүгүнөн ажыраган түрү бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлуу оңдолгон. Көчкөн барактары кайра оңдолгон, айрым беттерине чийилген. |
| **Канааттандырарлык эмес** | Мукабасына чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же таптакыр жок, канааттандырарлык эмес оңдолгон. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, чийип, боёп ташталган, окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE